437

Аң-сезим
Ал-Ваъй
الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз жетинчи жыл чыгышы, жумадуссаний 1444-х. – январь, 2023-м.

**Ал-Ваъй сөзү**

# БУУ дүйнөлүк жаңы динге чакырууда, жыныстык мамилелердин эркиндигин жана эч бир чектөөнү койбоого үгүттөөнү кабыл алууда

## Эң оптималдуу экономикалык түзүм (7) (Исламий экономикалык түзүмдүн негиздери)

## Иброхимий динине чакыруу – адаштыруу жана бузуу!

## Өкүмдар ким? Ким мыйзам чыгаруу укугуна ээ? Аллах таалабы же инсанбы?

## Людовик тогузунчунун изинен... Мусулмандарга каршы согуштар улануда

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 уруксаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

436

Отуз жетинчи жыл чыгышы, жумадуссаний 1444х, январь 2023м

# Ушул санда

– ***Ал-Ваъй сөзү:*** БУУ дүйнөлүк жаңы динге чакырууда, жыныстык мамилелердин эркиндигин жана эч бир чектөөнүү койбоого үгүттөөнү кабыл алууда ........ 3

– Эң оптималдуу экономикалык түзүм (6) (Исламий экономикалык түзүмдүн негиздери) ........ 8

– Өкүмдар ким? Ким мыйзам чыгаруу укугуна ээ? Аллах таалабы же инсанбы? ........ 27

– Иброхимий динине чакыруу – адаштыруу жана бузуу! ........ 35

– Людовик тогузунчунун изинен... Мусулмандарга каршы согуштар уланууда ........ 44

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары*** ........ 50

– ***Куръани Карим сабагында*** ........ 55

– ***Бейиш бактары:*** Расулуллах ﷺды душмандардан коргоо жана сактоо ........ 62

– Ханзала ибн Абу Амир: Ухуд күнүндө периштелер тарабынан жуулган сахаба ........ 68

– Индия Кашмирде (израилдин) турак-жай куруу амалын колдонууда ........ 71

– Кылычдароглу жана анын талкуу-талаштарга себеб болгон америкалык кеңешчиси ........ 72

НУСКА БААСЫ

Ливан 1000 лира
Яман 30 риял
Түркия 1 доллар
Пакистан 1 доллар
Австралия 2,5 доллар
Америка 2,5 доллар
Канада 2,5 доллар
Германия 2,5 евро
Швеция 15 крон
Бельгия 1 евро
Британия 1 евро
Швейцария 2 франк
Австрия 1 евро
Дания 15 крон

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

## БУУ ДҮЙНӨЛҮК ЖАҢЫ ДИНГЕ ЧАКЫРУУДА, ЖЫНЫСТЫК МАМИЛЕЛЕРДИН ЭРКИНДИГИН ЖАНА ЭЧ БИР ЧЕКТӨӨНҮҮ КОЙБООГО ҮГҮТТӨӨНҮ КАБЫЛ АЛУУДА

Бириккен Улуттар Уюму жыныстык мамилелердин эркиндиги жана эч бир чектөөнү койбоо жөнүндө конференцияларды өткөрүп, муну «гендердик теңдик», «биргеликте жашоо», «ЛГБТ укуктары», «жыныстык таълим» жана «репродуктивдүү ден соолук» сыяктуу аталыштар менен ишке ашырууда. Белгилүү болгондой, бул аталыштар гомосексуализмди адамдын укугуна кирген мыйзамдуу иш-аракет катары кабыл алууга жана мындай нерсе менен шугулданган кишилерди медиициналык жардам жана укуктук коргоо менен камсыздоого багытталган. БУУ адатта CEDAW конвенциясы сыяктуу эл аралык келишимдер аркылуу аракет кылып, мамлекеттерди мыйзамдуу мамилелер (т.а. нике) же инсан табиатына тескери мамилелер (т.а. гомосексуализм) жөнүндө гана айта бербестен, өспүрүм бала жана кыздарга бойго бүтүүнү алдын алуу (контрацепсия) жолдору менен жардам берүүгө чакырып келет.

О.э. БУУ мамлекеттерден негизги колдонмо болушу үчүн репродуктивдүү саламаттыкты мектептин сабактарына киргизүүнү жана аны күндөлүк сабактарда үйрөтүүнү катуу талаб кылууда. БУУнун айтымында, сабактарга киргизилиши шарт болгон нерселер ушулар: «эки жыныс ортосундагы өз ара мамиле, аборт, бойго бүтүүдөн сактанып жыныстык алакада болуу, өспүрүмдүн жыныстык багытын аныкташына жардам берүү (т.а. кайсы жыныс менен жыныстык алака кылууну абзел көрүшүн белгилөө), балагат жашына жеткен соң, мастурбация жолу менен өзүн жыныстык жактан кандыруу, нормалдуу мамиленин ордуна кайрытабигый мамилелерди альтернатива катары кабыл алуу. 15-18 жаштан тартып аларга ушул маселелер кошулат: аялдар аборт кылуу туурасында чечим кабыл алуу укугуна ээ, диний таълимдер жана үрф-адаттарга болгон урматтоонун жеке укуктарга эч кандай тиешеси жок, уят сүрөттөр жыныстык туйгуну козгошуна эч кандай далил жок, өспүрүмдөргө ушул мамилелер жана чектөөлөр туурасында кандай диалог өткөрүүнү үйрөтүү».

Бүгүнкү күндө эркек менен аялдын ортосунда жыныстык алаканы туура көрүнүштө алып барууну белгилеп берген түзүм жок болуп, башаламандык менен ишке ашырууга ачыктан-ачык үгүттөлүп, БУУ жыныстык башаламандыкка чакырып жатканда мусулманда гана эмес, бардык инсанда табигый суроо туулат: эмне үчүн БУУ мындай жоопкерчиликсиз жана шектүү саясатты алып барууда? БУУ ал тургай айбанат дүйнөсүндө да кабыл алынбаган мындай бузуку мамилелерге чакыруудан эмне максадды көздөөдө?

**Жооб: БУУ Кошмо Штаттар дүйнөгө колдонмокчу болуп жаткан жаңы дүйнөлүк тартиптин алкагында жаңы глобалдуу акидага чакырууда.** Бир аз артка кайтсак, миладий 1999-жылы «Жаңы дүйнөлүк дин» деген китеб жарыяланганын көрөбүз. Анын автору теги немис жана хорват болгон америкалык Гари Каха. Ал АКШ өкмөтүндө маанилүү кызматтарда иштеген, эл аралык парламенттер жана конституциялар федерациясынын мүчөсү болгон. Гари Каха бул китебди БУУнун улам күчөп бара жаткан кооп-коркунучунан эскертүү үчүн жазган. Анын айтымында, бул кооп-коркунуч ушул: БУУ жаңы дүйнөлүк тартибди жаратуу куралы гана болуп калбастан, заман рухуна ылайык жана пикирлөө өнүгүүсү менен шайкеш деп эсептеген жаңы глобалдуу акиданы да жаратуунун куралы болуп эсептелет.

Жазуучу бул үгүттүн артында Америка турганын ачыктап, мындай дейт: «БУУ көптөгөн жылдардар бери т.а. түзүлгөн күндөн тартып бүгүнкү күнгө чейин глобалдуу ахлакий түзүмдү орнотуу аракеттеринен баш тартпады. Бирок, көптөгөн тоскоолдуктар алга жылууга жолто болду, алардын эң маанилүүсү АКШ менен Советтер Союзу ортосундагы суук согуш болгон. Лекин, Советтер Союзу кулагандан кийин Кошмо Штаттардын алдында өзүнүн глобалдуу күн тартибин орнотушу үчүн эч кандай тоскоолдук калбады. Ошондуктан, анын кадамдары ылдамдады, дастурлары уланды жана бат-бат билдирүүлөрдү берип, бул дүйнөлүк тартибди өзгөртүү жөнүндөгү ниетин ачыктады».

Жазуучу БУУда түрдүү кызматтарда 38 жыл иштеген, БУУ башкы катчысынын жардамчысы болуп иштеген, БУУнун үч эң маанилүү катчылары: Тан, Курт Вальдхайм, Хавьер Перес де Куэльяр менен замандаш болгон, «Философ» жана «Үмүт элчиси» лакабдарын алган Роберт Мюллердин сөздөрүнөн мындай цитата келтирет: «Мен бул ааламдагы тынчтыгыбыз, адилет жана ынтымагыбыздын келечеги дүйнөлүк бийликте эмес, ааламдык вахийге жана ааламдык бийликке байланыштуу экенине катъий ишене баштадым. Ушул мааниде: биз табигый, эволюциялык, универсалдуу жана ааламдык мыйзамдарды колдонууга мухтажбыз. Бул мыйзамдардын көпчүлүгү улуу диндерде

жана улуу башараттарда кездешет. Алар жакында эл аралык уюмдар тарабынан аста-секин кайра ачылат». Жазуучу өз китебинде Роберт Мюллердин сөздөрүнөн дагы цитата келтирет: «Бириккен Улуттар Уюмун эч кандай инсаний күч жок кыла албайт. Себеби, ал жөн гана имараттар же идеялар эмес. О.э. инсан тарабынан ойлоп табылган нерсе да эмес. Тескерисинче, ал – абсолюттук улуу заттан келген хидаят нуру... Ал зат БУУнун мээримдүү жана жардам берүүчү жүрөгү аркылуу жер жүзүндөгү үстөмдүгүнүн коңгуроолорун кагат».

1993-жылы 28-августтан 5-сентябрь күндөрү Американын Чикаго шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк диндердин парламентинде Ханс Кюнг «Глобалдуу акидага карай: алгачкы декларация» деген баянды сунуштады. Бул баян миладий 1991-жылы жарыяланган «Дүйнөлүк жоопкерчилик: дүйнөлүк таълиматты издөө» деген китебге негизделген. Китебде жаңы иътикадга өтүү ыхтыярдуу эместиги баса белгиленип, мындай делген: «Ачыгын айтканда, келечекте насронийлик, Ислам, яхудийлик же аларга окшогон репрессивдүү акида калбайт. Эгер, акидалар адамдардын бакубатчылыгы үчүн болгон болсо, алар бөлүнбөшү керек. Себеби, учурдун эркек жана аялы жалпы баалуулуктар, максаддар, үлгүлөр жана түшүнүктөргө мухтаж. Ушул жерде талаш суроо туулат: бул нерселер жаңы акида зарылдыгын көрсөтпөйбү?! Анткени, бизге глобалдуу акидавий түзүм керек».

БУУ мына ушундай жаңы акидавий түзүмдү орнотууга олуттуу аракет кылууда. Аны инсан эволюциясынын жараянын жыйынтыктай турган зарылдык жана пайгамбарлар жашоого кайтышса шексиз алкыштай турган рисалат деп билет. Роберт Мюллер айтат: «Эгер, Масих кайра дагы жерге кайтса, биринчи БУУну зыярат кылат жана анын инсаниятын биримдиги жана боордоштугу жөнүндөгү арзуусу жүзөгө чыкканын көрөт. О.э. Масих Түндүк жана Түштүк, Чыгыш жана Батыш, бай жана жакыр, динчил жана кафир, чоң жана кичине, мухтаж жана жардамчылардан турган бардык калктардын өкүлдөрү инсаниятын дүйнө карашы жана мухтаждыктары жөнүндөгү түбөлүк суроолорго жооп табуу үчүн аракет кылып жатканын көрүп кубанат». Ал сөзүн улантып, мындай дейт: «Белгилүү бир сүрөттө Масих БУУнун үлкөн, бийик имаратынын эшигин каккылап, ага кирүүнү каалап жатканы чагылдырылган. Мен көбүнчө оюмда башка сүрөттү жана анығыраак сүрөттү элестетемин. БУУ имараты – Масихтин денеси». Ал дагы айтат: «БУУ эртеби-кечпи рухий көлөмгө ээ болору анык».

Бу чакырык БУУ чүмбөтү астындагы Америка чакырыгы болуп, Советтер Союзу ыдырап, суук согуш бүткөнгө чейин ага жол таба албаган эски чакырык. Башкача айтканда, бул Американын дүйнөгө

өкүмдарлыгы кылууда «бир уюлдуу» саясатына негизделген жаңы эл аралык тартибди орнотуусуна байланыштуу чакырык. Американын инсаният үчүн жалгыз универсал дин, эркек менен аялдын ортосундагы мамилелер үчүн жалгыз ыфлас түшүнүктү пайда кылуу аракети президент Байден администрациясынын доорунда күчөгөнүн көрөбүз. Анткени, анын администрациясы түзүлгөндөн тартып жаңы дүйнөгө «бир уюлдуу» түшүнүктү алып келе турган эл аралык аракеттерге көңүл бурган. Ошондуктан, Америка Афганистан, Ирак жана Сириядан чыгып, Россия менен Украина ортосунда согуш эшигин ачты. О.э. Америка Кытайды курчоого алууга жана аны менен анын айланасындагы мамлекеттер ортосунда согуш эшигин ачууга аракет кылууда...

Байден администрациясы бул жаңжалдарга жана согуштарга түздөн-түз аралашпоо, эл аралык деңгээлде ага атаандаш болгон мамлекеттерди алдан тайдыруу, ушул таризде аларды алдан тайдыруу жана атаандашуу жөндөмүн күчсүздөнтүү үчүн алардын арасында согуш чыгарууга жана кеңейтүүгө чечим кылды... Ооба, бул администрация түзүлгөндөн тартып моралдык төмөндүккө үндөгөн чакырык күчөдү. Америкалык саясатчылардын Америка көз карашын өткөрүү үчүн башка мамлекеттерге саясий басым өткөрүүгө каратылган билдирүүлөрүн бат-бат угуп калабыз. АКШ мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен «Политико» басылмасына берген интервьюда Сауд Арабия расмийлери менен жолукканда «ар дайым, ар кандай сүйлөшүүдө ЛГБТ укуктары маселесин көтөрөрүн» айтты.

Булар жаңы эл аралык системанын аламаттарынын бири болуп, анын тарапкерлерине Аллах тарабынан жакында жана эч ким кайтара албай турган жаза убада кылынган. Аллах Таала Худ сурасында тарыхта биринчи гомосексуалдардан болгон жана Аллах аларды бүтүндөй жок кылган Лут коому жөнүндө мындай дейт:

﴿وَلَمَّا جَآءَتۡ رُسُلُنَا لُوطٗا سِيٓءَ بِهِمۡ وَضَاقَ بِهِمۡ ذَرۡعٗا وَقَالَ هَٰذَا يَوۡمٌ عَصِيبٞ ۝ وَجَآءَهُۥ
قَوۡمُهُۥ يُهۡرَعُونَ إِلَيۡهِ وَمِن قَبۡلُ كَانُواْ يَعۡمَلُونَ ٱلسَّيِّـَٔاتِۚ قَالَ يَٰقَوۡمِ هَٰٓؤُلَآءِ بَنَاتِي هُنَّ أَطۡهَرُ
لَكُمۡۖ فَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ وَلَا تُخۡزُونِ فِي ضَيۡفِيٓۖ أَلَيۡسَ مِنكُمۡ رَجُلٞ رَّشِيدٞ ۝ قَالُواْ لَقَدۡ عَلِمۡتَ مَا لَنَا
فِي بَنَاتِكَ مِنۡ حَقّٖ وَإِنَّكَ لَتَعۡلَمُ مَا نُرِيدُ ۝ قَالَ لَوۡ أَنَّ لِي بِكُمۡ قُوَّةً أَوۡ ءَاوِيٓ إِلَىٰ رُكۡنٖ شَدِيدٖ
۝ قَالُواْ يَٰلُوطُ إِنَّا رُسُلُ رَبِّكَ لَن يَصِلُوٓاْ إِلَيۡكَۖ فَأَسۡرِ بِأَهۡلِكَ بِقِطۡعٖ مِّنَ ٱلَّيۡلِ وَلَا يَلۡتَفِتۡ
مِنكُمۡ أَحَدٌ إِلَّا ٱمۡرَأَتَكَۖ إِنَّهُۥ مُصِيبُهَا مَآ أَصَابَهُمۡۚ إِنَّ مَوۡعِدَهُمُ ٱلصُّبۡحُۚ أَلَيۡسَ ٱلصُّبۡحُ بِقَرِيبٖ

۞ فَلَمَّا جَآءَ أَمۡرُنَا جَعَلۡنَا عَٰلِيَهَا سَافِلَهَا وَأَمۡطَرۡنَا عَلَيۡهَا حِجَارَةً مِّن سِجِّيلٖ مَّنضُودٖ ۞ مُّسَوَّمَةً عِندَ رَبِّكَۖ وَمَا هِيَ مِنَ ٱلظَّٰلِمِينَ بِبَعِيدٖ﴾

***«Качан элчилерибиз Луттун жанына келишкенде, ал мындан жаман абалга түштү жана алардын келүүсүнөн жүрөгү кысылып, «Бул күн — оор күн», деди.*** *(Лут пайгамбардын жанына жигиттер келгенин угушуп анын)* ***коому анын алдына жүгүрүп келишти. Алар мурда жаман иштер-кыз текелик кылышаар эле. Ал айтты: «Эй коомум, тигине кыздарым*** *(башкача айтканда шаарыбыздагы кыздар)* ***силер үчүн тазараак го*** *(ошолорго үйлөнө берсеңер болбойбу)****?! Демек, Аллахтан корккула жана конокторумдун алдында мени шерменде кылбагыла. Араңарда бир дагы Туура Жолго жүрүүчү адам жокпу?!». Алар: «Сенин кыздарыңа мухтаж эместигибизди анык билесиң. Ошондой эле, биз эмнени каалашыбызды да абдан жакшы билесиң», дешти.*** *(Анда Лут)*: ***«Силерге күчүм жетсе, же күчтүү бир таянаарым болсо кана», деди.*** *(Ошондо периштелер)* ***айтышты: «Эй, Лут, биз Роббиңдин элчилерибиз. Алар сага эч качан тийе алышпайт. Анан сен түндүн*** *(калган бөлүгүндө)* ***үй-бүлөңдү алып чыгып кеткин жана силердин ичиңерден аялыңдан башка эч ким айланага элеңдеп-алаксыбасын! Анткенн, ага*** *(аялыңа)* ***да аларга жеткен балээ жетээр. Аларга убада кылынган убак таң маалы. Таң жакын эмеспи?». Анан качан Биздин буйругубуз*** *(азабыбыз)* ***келгенде, ал жайларды астын-үстүн кылып жибердик жана алардын үстүнө Роббиңдин алдыңда белгилеп коюлган сапал*** *(күйгүзүлгөн ылайдан жасалган)* ***таштарды удаама-удаа жаадырдык. Ал жайлар бул залимдерден алыс эмес»*** [Худ 77-83] ❑

## ЭҢ ОПТИМАЛДУУ ЭКОНОМИКАЛЫК ТҮЗҮМ (7)
## (ИСЛАМИЙ ЭКОНОМИКАЛЫК ТҮЗҮМДҮН НЕГИЗДЕРИ)

**Махмуд Абдулхадий**

**Экинчи негиз:**

**Малды (байлыкты) тасарруф кылуу:**

Малды тасарруф укугу ага ээлик кылууну түшүндүрөт. Ал Шариънин урухсаты менен чектелген. Мүлктү тасарруф кылуу укугу ушуларды өз ичине алат: **1 – Мүлктү көбөйтүү үчүн тасарруф кылуу укугу; 2 – Мүлктү белек жана нафака катары сарфтоо укугу.**

**1 – Мүлктү көбөйтүү үчүн тасарруф кылуу укугу:** Ал байлыкты көбөйтүүдөн айырмаланат. Экономика түзүмүнүн байлыкты көбөйтүүгө алакасы жок. Себеби, байлыкты көбөйтүү услуб жана каражаттарга т.а. илимге байланыштуу. Экономика түзүмү мүлктү көбөйтүүгө аралашат. Мүлктү көбөйтүү Шариъ белгилеген чегаралар менен чектелет жана ал үч нерседен келип чыгат: дыйканчылык; соода; өндүрүш.

Төмөндө экономикалык назариянын ушул үч булагына тиешелүү өкүмдөрдү жалпы баян кылабыз.

**а) Дыйканчылык өкүмдөрү:** шарият жер жана ага байланыштуу нерселердин баянында дыйканчылыкка тиешелүү өкүмдөрдү көрсөтүп берген. Ал төмөнкүдөй: жердин аянты жана андан түшкөн пайдасы бар. Ал хиражий же ушрий жер болот. Мусулмандар күч менен фатх кылган жерлер хиражий жерлер болуп эсептелет, ага Араб жарым аралы жана сулх менен түзүлүп мусулмандардын колуна ыхтыярдуу өткөн жерлер кирбейт. Хиражий жерлер мамлекетке таандык болот. Индонезия сыяктуу калкы Исламды кабыл алган жерлер жана Араб жарым аралындагы бардык жерлер ушрий жер болуп эсептелет. Эгер, жер сулх менен фатх кылынып, мусулмандардын колуна өткөн жана ал жер белгилүү бир хираж акысына өз калкына калтырылган болсо, бул хираж жизя эсептелет. Эгер, мындай жердин ээси Исламга кирсе же жерди мусулманга сатса, анын жизя төлөшү бекер кылынат. Себеби, мусулмандан жизя алынбайт. Эгер, жер кафирге сатылган болсо, хираж калат.

Ушрий жердин түшүмүнөн «ушр» деген зекет алынат. Эгер, жер жамгырдын суусу менен суугарылса ондон бири, эгер адамдын колу менен суугарылса, жыйырмадан бири алынат. Ушр зекет Байтулмалга өткөрүлөт жана сегиз орундан башка орунга сарфталбайт. Ушр кайрымусулмандан алынбайт, себеби, ал зекет берүүчүлөргө кирбейт. Ушр төрт нерседен алынат: арпа, буудай, мейиз, курма. Хиражга

келсек, ал жердин касиетине т.а. түшүмүнө карап алынат. Жер түшүм бердиби же бербедиби, жерге эгин тигилдиби же тигилбедиби, айырмасыз, хираж жыл сайын алынат. Эгер, хираж жердин аятына карап белгиленген болсо, камарий жылдын аягында алынат. Себеби, шариятта бул санак этибарлуу. Эгер, эгиндин көлөмүнө карап белгиленген болсо, шамсий жылдын акырында алынат. Себеби, жаандар жана дыйканчылык иштери ушул жыл менен өлчөнөт. Хиражы белгиленген хиражий жерлер түбөлүк хиражий жер болуп калат. Эгер, ал жердин ээлери Исламга кирсе же жерди мусулманга сатса, бул жерден хиражга кошумча, ушр да алынат.

Жер ушрий же хиражий жер болушуна карабастан, эгер киши өлүк жерди тирилтсе, ал анын ээлигине өтөт. Өлүк жер – ээси болбогон жана эч ким пайдаланбаган жер. Жерге ээлик кылуу жерди коргондоп алуу менен да болот. Жерди коргондоп алуу аны тирилтүүгө окшойт. Жерди тирилтүү – ага ээлик кылуунун себептеринин бири. Мамлекет тарабынан жер бөлүнүп берилиши да жерге ээлик кылуу себеби болуп эсептелет. Мамлекет же халифа дыйканчылык үчүн жарактуу жана ээси тарабынан үч жыл иштетилбеген жерлерди бөлүп, энчилеп берет. Ошондуктан, мында халифанын рухсаты керек. Ал ушул жерлер:

– Эгин эгүүгө жарактуу жерлер.

– Мурун эгин эгилген, кийин кароосуз жерге айланган жана анын бөлүнүп берилиши эч бир мусулманга зыян жеткирбей турган жер.

– Мамлекеттин ээлигинде болгон өлүк жерлер. Себеби, бул жерлер деңиз жана дарыя жээктери сыяктуу шаар жана айылдардын объекттеринен болуп эсептелет.

– Ээси үч жыл же андан ашык убакыт кароосуз калтырганы үчүн мамлекеттин колуна өткөн жер.

Бөлүнүп берилген жерден айырмаланып, өлүк жерди тирилтүү же коргондоо үчүн халифанын рухсаты керек эмес. Мамлекет тарабынан адамдарга хиражий жерлердин бөлүп берилиши адам ал жерден пайдалануусу мүлк кылып берүүнү түшүндүрөт, ал эми, жердин өзү Байтулмалдын ээлигинде калат. Ал эми, ушрий жерде жердин өзү да, пайдасы да мүлк кылып берилет. Ушрий жердеги өлүк жерди тирилткен адам, ал мусулман болобу же кафирби, айырмасыз, анын жерине да, пайдасына да ээлик кылат. Мусулман үчүн бул жерден ушр бериши важиб. Ал эми, кафирден ушр эмес, хираж алынат. Себеби, ушр зекет болуп, кафир зекет берүүчүлөрдөн эсептелбейт. Жердин белгиленген вазыйфасын т.а. ушрий же хиражий жер экендигин бекер кылуу жаиз эмес.

Ким мурун хиражы төлөнбөгөн хиражий жерди тирилтсе, эгер ал мусулман болсо, жердин өзүнө да, пайдасына да ээлик кылат. Эгер, кафир болсо, пайдасына гана ээлик кылат. Ким мурун хиражы төлөнүп келген хиражий жерди тирилтсе, анын пайдасына гана ээлик кылат. Жерге ээ болгон адамдын мусулман же кафир болушуна карабастан, бул жерден хираж алынат. Расулуллах ﷺ айтат:

«مَنْ أَحْيَا أَرْضًا مَيْتَةً فَهِيَ لَهُ»

**«Ким өлүк жерди тирилтсе, жер аныкы».**

«مَنْ أَحَاطَ حَائِطًا عَلَى أَرْضٍ فَهِيَ لَهُ»

**«Ким жерди дубал менен тосуп алса, жер аныкы».**

«مَنْ أَعْمَرَ أَرْضًا لَيْسَتْ لِأَحَدٍ، فَهُوَ أَحَقُّ بِهَا»

**«Ким эч кимге таандык болбогон жерди өздөштүрсө, бул жерге ал акылуу».**

Жерди тасарруф кылууга келсек, жерди коргондоо, халифанын бөлүп бериши, тирилтүү, мурас кылып алуу жана сатып алуу аркылуу жерге ээлик кылган киши жерди пайдаланууга мажбур кылынат. Бирок, жерди үч жыл кароосуз таштап койсо, жер андан алынып, башкасына берилет. Умар ؓ айтат: «Үч жылдан кийин коргондоп алуучунун акысы калбайт». Сахабалар жерди үч жыл иштетпей койгон кишиден жерди алып, башкасына берүүгө ижмаъ кылышкан. Маселе коргондоп алуучуга гана тиешелүү эмес, а балким, жерге ээ болуу таризи кандай болгонуна карабастан, эгер жер иштетилбей таштап коюлса жер тартып алынат. Бул жерде иллет – жердин иштетилбей таштап коюлушу. Умар ؓ айтат: «Ким жерди үч жыл абад кылбай таштап койсо, башкасы келип аны абад кылса, жер аныкы». Жерди абад кылуу – дыйканчылык же башка максатта пайдалануу. Жерди ижарага берүү – ал хиражий жер болобу же ушрийби, аны акчага ижарага берүү болобу же башка нерсегеби, айырмасыз – жаиз эмес. Расулуллах ﷺ айтат:

«مَنْ كَانَتْ لَهُ أَرْضٌ فَلْيَزْرَعْهَا، أَوْ لِيَمْنَحْهَا أَخَاهُ، فَإِنْ أَبَى فَلْيُمْسِكْ أَرْضَهُ»

**«Кимдин жери болсо, эгин эксин же боордошуна берсин, эгер берүүнү каалабаса, жерин сактасын».** (Бухарий риваяты). Муслимдин сахихинде: **«Расулуллах ﷺ жер үчүн акы же үлүш алуудан кайтарган»**, деп келет.

б) Соода өкүмдөрү: байъ жана ширкат өкүмдөрү. Аллах байъды халал кылды, себеби ал сооданын бир бөлүгү. Аллах Таала айтат:

﴿وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْۚ﴾

***«Аллах байъды халал, рибаны харам кылды»*** [2:275]

Соода мүлктү көбөйтүү түрлөрүнүн бири. Анын өкүмдөрү байъ жана ширкат өкүмдөрүндө ачык баян кылынган. Сооданын эки: ички жана тышкы түрлөрү бар. Ички соода – бул коомдун мүчөлөрү ортосунда мамлекеттин жалпы көзөмөлү астында болот. Ички соода байъга байланыштуу шаръий өкүмдөрдүн алкагында болот. Тышкы соода – бул мамлекет сыртынан продукция сатып алуу жана продукцияларды мамлекеттин сыртына сатуу. Мында продукциялардын айыл чарба же өнөр жай продукциялары болушунун айырмасы жок. Тышкы сооданы түздөн-түз мамлекет көзөмөлдөйт. Себеби, продукция алып кирүү жана алып чыгуунун түздөн-түз көзөмөлүн мамлекет башкарат. Ошондуктан, соода өкүмдөрү ширкаттар жана тышкы соода өкүмдөрүн ачыктап баян кылат.

**Ширкат өкүмдөрү:** ширкаттын лексикалык мааниси – бири-биринен айырмаланбаган эки же андан көп тараптын бирикмеси. Шаръий мааниси – белгилүү бир коммерциялык ишти аткаруу жөнүндөгү эки же андан көп жактын ортосунда түзүлгөн келишим. Башка келишимдер сыяктуу ширкат келишими да сунуш жана макулдоону талаб кылат. Ширкат мүлк ширкаты же келишим ширкаты болот. Мүлк ширкаты – кандайдыр бир нерсеге биргелешип ээлик кылуу. Келишим ширкаты мүлктү көбөйтүү жөнүндөгү талкуу темасы. Исламда келишим ширкаттары беш түрдүү болот: 1 – Инан ширкаты; 2 – Абдан ширкаты; 3 – Музараба ширкаты; 4 – Вужух ширкаты; 5 – Муфаваза ширкаты.

1 – Инан ширкаты: бул эки жак капиталын ортого коюп шериктештик кылышы. Башталгыч капитал накталай акча же акчага бааланган нерсе болушу шарт. Пайда алардын ортосунда келишилген шартка ылайык, зыян болсо жумшалган капиталга ылайык бөлүнөт. Эки шерик же шериктер сатуу, сатып алуу жана (сатпай) кармап калууга акылуу.

2 – Абдан ширкаты: бул акча койбостон, күч эмгек менен гана белгилүү бир ишти аткаруу үчүн эки же андан ашык адамдын бирикмеси. Мында пайда шериктештер ортосунда түзүлгөн келишимге карап бөлүнөт.

3 – Музараба ширкаты: мындай ширкат Кыраз ширкаты деп да аталат. Ширкаттын бул түрүндө эмгек менен капитал шериктештик кылат т.а. бир жак экинчи жакка – ал коммерциялык иш менен алектениши үчүн – капитал берет. Пайда алардын ортосунда келишилген шартка ылайык бөлүнөт, зыян болсо капиталга түшөт, алардын ортосундагы келишимге байланыштуу болбойт. Эки тарап капитал салып, ага кошумча алардын бири өзүнүн эмгегин салышы да ширкаттын ушул түрүнө кирет.

4 – Вужух ширкаты: бул ширкаттын түрүндө эки киши жана үчүнчү адамдын капиталы катышат. Т.а. бир киши эки же андан ашык адамга музарабага акча берет. Вужух ширкаты маңызы музарабага окшойт. О.э. ширкаттын бул түрүнө эки же андан ашык киши соодагерлердин аларга болгон ишениминен келип чыгып сатып карызга сатып алуусу да кирет. Пайда келишилген шартка ылайык бөлүнөт. Зыян алардын карызга сатып алынган товардагы үлүшүнө карап бөлүнөт. Пайда үлүшү алардын сатып алынган товардагы үлүшүнөн айырмаланышы мүмкүн.

5 – Муфаваза ширкаты: бул эки тараптын жогоруда айтылып өткөн ширкаттардын бардык түрүндө шериктештик кылышы. Мисалы, бир адам эки инженерге соода-сатык максатында имараттар курушу үчүн музарабага акча берет. Алар өзүлөрүндөгү акчага караганда көбүрөөк акчаны айлантууга келишишет жана соодагерлердин аларга болгон ишениминен пайдаланып, акча бербей товар алышат. Мындай ширкат шериктештердин биринин өлүмү, же акылдан азышы, же келишимди бекер кылышы менен бузулат. Эгер, өлгөн тараптын мураскору болсо, ал ширкатта анын ордун ээлөөгө о.э. ширкаттын бөлүгүнү талаб кылууга акылуу.

Бул Исламдагы ширкаттын түрлөрү болду. Ушуларга кирбеген ширкаттар жаиз эмес ширкат болуп эсептелет. Мисалы, акционердик коомдор капиталисттик түзүмдүн ширкаттарынан болуп, алар жаиз эмес. Себеби, Исламда ширкат – бул келишим. Шариатка ылайык келишимде сунуш жана кабыл болушу шарт. Ал эми, акционердик коомдордо сунуш жок, акционерлер тарабынан боло турган кабыл гана бар. О.э. Исламда ширкат келишиминде капиталды тасарруф кылган жеке жактын болушу шарт. Бул нерсе акционердик коомдо жок. О.э. шериктештердин бири каза болгондо, же акылдан ажыраганда, же ширкатты бөлүгүнү талаб кылганда ширкатты жабууну, же келишимди бекер кылууну акционердик коом тааныбайт. Ошондуктан, акционердик коомдор шаръий түрдө батыл болуп эсептелет.

**Тышкы соода өкүмдөрү:** тышкы соода – бул бир мамлекеттин жарандары ортосунда эмес, калктар ортосундагы алды-сатты операциялары. Ошондуктан, мамлекет кээ бир товарлардын алынып чыгышына тыюу салса, айрымдарына уруxсат берет о.э. согуш абалындагы мамлекеттердин жараны болгон жана келишим негизинде мамлекетте жашап жаткан соодагерлерди көзөмөлдөйт. Ички соодадан айырмаланып, тышкы соода мамлекет тарабынан түздөн-түз көзөмөлдөнөт. Ошондуктан, чегарада мамлекеттин факихтер «масалих» (чегара пункттары) деп атаган борборлору болушу керек.

Ушул борборлор мамлекетке кирип келе жаткан жана алынып чыгып жаткан товарларды түздөн-түз көзөмөлдөйт. Түздөн-түз көзөмөлдөөнүн мааниси – адамдар жана акчалардын мамлекетке киришин-чыгышын тартипке салуу. Ислам өкүмдөрү капиталисттик түзүмдүн тышкы соода жөнүндөгү көз карашынан айырмаланат. Капитализм продукцияга жана продукцияны иштеп чыгарган жайга карайт, андан кийин өндүрүш жайын эсепке алып чечим чыгарат. Ал эми, Ислам продукцияга эмес, анын ээсине карайт. Ислам мамлекетине кирүүчү же чыгуучу соодагерлер үч категорияга бөлүнөт: **1 – Мусулман же зиммий болушуна карабастан, мамлекеттин жараны эсептелген кишилер. 2 – Мамлекетке келишимдин негизинге киргендер (муахиддер (союздаштар)). 3 – Согуш абалындагы мамлекеттин жарандары).**

Мамлекеттин жарандарына келсек, алар дарул харбга (согуш абалындагы мамлекетке) курал жана согуш жаатында кубаттандыра турган нерселеди – курал болобу же башка нерсеби, айырмасыз – алып чыгышы жаиз эмес. Себеби, бул мусулмандарга каршы, күнөө жолунда кызматташуу болуп эсептелет.

﴿وَلَا تَعَاوَنُواْ عَلَى ٱلۡإِثۡمِ وَٱلۡعُدۡوَٰنِۚ﴾

***«Күнөө жана чектен чыгуу жолунда көмөктөш болбогула!»*** [5:2]

Бирок, мусулмандарга каршы жардам берүү үчүн алып чыгылбаса, жаиз. Мында да, дарул харб хукман согуш абалындагы мамлекет болсо жаиз. Бирок, (израилге) окшогон иш жүзүндө согуш абалындагы мамлекет болсо, аны менен соода-сатык кылуу жаиз эмес.

Ал эми, мамлекетке товарларды алып кирүүгө келсек, мусулман жана зиммийдин – шариат мусулман кишиге ээ болууга урухсат берген нерселерди – алып кириши жаиз. Мамлекет аймагына келишим негизинде кирген муахиддерге келсек, аларга тышкы соодада алар менен түзүлгөн келишим эрежелерине ылайык мамиле кылынат. Бирок, алар биздин мамлекеттерден курал-жарак жана согушта колдонула турган бардык нерселерди сатып ала алышпайт. Эгер, сатып алышса, алар согуш абалындагы мамлекетке айланышы мүмкүн болгондуктан, сатып алган нерселерин алып чыгып кетүүгө мүмкүнчүлүк берилбейт. Эгер, курал таасир күчүнө ээ болбогон курал болсо жана жардам берүү даражасына жетпесе, бул орунда тыюу иллети т.а. душманды колдоп-кубаттоо жана жардам көрсөтүү жоголот.

Ахли харбга келсек, алар – биз менен келишим түзбөгөндөр жана Ислам мамлекетинин жараны эместер. Эгер, биз менен алардын ортосунда иш жүзүндө согуш жүрүп жаткан болсо, алар ахли харб

(согуш абалындагы адамдар) эсептелип, эгер аларга амандык берилбеген болсо, аларды өлтүрүү жана туткунга алуу, мал-мүлкүн тартып алуу мүмкүн. Эгер, иш жүзүндө согуш жүрбөй жаткан болсо, алар хукман ахли харб болушат. Мындай абалда алар биздин өлкөлөргө амандыксыз т.а. кирүү жөнүндөгү атайын урухсатсыз киришсе гана аларды туткунга алуу жана мал-мүлкүн тартып алуу халал болот. Мында алар өздөрү же мал-мүлкү киришинин айырмасы жок. Себеби, мындай абалда алар ахли харб эсептелишет жана мал-мүлкү да согуш абалындагы мал-мүлк болуп эсептелет. Ахли харбдын биздин өлкөлөрдө жаны жана малы корголушу үчүн ага амандык берилиши шарт. Эгер, амандык берилбеген болсо корголбойт. Ахли харбга амандык берилиши анын мал-мүлкүнө да амандык берүү болуп эсептелет. Эгер, ахли харб амандык алып кирип, малын да алып кирип кийин чыгып кеткен болсо, өзүнүн амандыгынан куру калып, малын мусулманга же зиммийге аманат кылып тапшырганы үчүн малынын амандыгын сактап калган болот. Мындай абалда ахли харб өлсө малынын амандыгы сакталып калат жана мураскоруна тапшырылат. Ал эми, эгер ахли харб малын өзү менен кошо алып чыгып кеткен болсо, анда анын, малынын, соодасынын амандыгы токтотулат.

Соодага салына турган салыктарга келсек, Ислам өлкө алып кирилип жаткан малдын (товардын) түрүнө жана өндүрүлгөн жайына карабайт, а балким, соодагерге (т.а. товарды ким алып келгенине) карайт. Ошондуктан, мусулман жана зиммийлердин малдарына жалпы салык салынбайт. Расулуллах ﷺ айтат:

«لاَ يَدْخُلُ الْجنّةَ صَاحِبُ مَكْسٍ»

**«Бажы алымын алуучу бейишке кирбейт».** Муахиддерге келсек, алардан бажы алымы – биз менен алардын ортосунда түзүлгөн келишимдеги шарттарга ылайык – алынат. Эгер, келишимде алардын салыктан бошотулганы белгиленген болсо, салыктан бошотулушат. Ахли харбга келсек, ахли харб соодагеринин мамлекети биздин соодагерлерибизден кандай салык алса, биз да андан ошондой алым алабыз. Абу Убайд айтат: «Умар رضي الله عنه зиммийлерден эмне үчүн ушрдун жарымын алганын түшүнүү мага кыйын болду. Мен: "Алар зекет алына турган мусулмандар эмес жана алар бизден алгандай, биз да алардан алышыбыз керек болгон дарул харб калкы да эмес", - дедим. Мен муну түшүнө албадым жана абдан ойлонуп, акыры ушуга тиешелүү бир хадисти таап, Умар ахли харб менен жизя жана жерге салына турган хираждан тышкары бул туурасында келишим түзгөнүн билдим». Амвалда мындай риваят кылынат: «Биз мусулмандардан да, муахиддерден да бажы салыгын албадык». Мен сурадым: «Анда ондон

бирин кимден алдыңыз». Ал: «Дарулхарб калкынын соодагерлеринен, себеби, биз аларга кирип бара жатышканда бизден ондон бирин алышат», - деп жооп берди.

**Өнөр жай өкүмдөрү:** шарият ишке жалдоо, буюртма берүү, өнөр жай өкүмдөрүн да баян кылган. Жогоруда мүлкчүлүк баянында ишке жалдоонун шаръий жолу айтылды. Буюртма берүүгө келсек, Расулуллах ﷺ шакек-мөөр жана минбар үчүн буюртма берген. Мурун буюртма иштери колдо же жабдуулар жардамында аткарылган болсо, бүгүнкү күндө мындай иштер ири, автоматташтырылган заводдордо жасалып, көбүнчө аларды өндүрүүгө бир нече адам катышат. Жогоруда айтылып өткөн ширкаттар жөнүндөгү өкүмдөр завод жана фабрикаларга да тиешелүү. Мындай ишканаларда иштөөгө келсек, биз айтып өткөн ишке жалдоо өкүмдөрү ага да тиешелүү. Биз талкуулаган соода туурасындагы өкүмдөр мына ушундай ишканалардын продукцияларын сатууга карата колдонулат. Андан ары биз иш акысы кандай белгиленишин көрсөткөн негизди түшүндүрөбүз. Себеби, бул маселе маанилүү, ал капиталисттер жана коммунисттердин назарга алган негизден түп-тамырынан айырмаланат.

**Иш акысын белгилөө негиздери.** Исламдын бул маселедеги өкүмдөрү капитализм жана социализмде каралган нерседен түп-тамырынан айырмаланат. Ислам ижара жана жалдоо келишиминин шарты катары келишим түзүп жаткан тараптардын эмненин үстүндө келишим түзүлүп жатканын түшүнүүсүн шарт кылат. Ижара же жалдоо келишими туура болушу үчүн тараптардын макулдугу жана иш акысынын белгилениши шарт кылынат. Расулуллах ﷺ айтат:

«إِذَا اسْتَأْجَرَ أَحَدُكُمْ أَجِيرًا فَلْيُعْلِمْهُ أَجْرَهُ»

**«Эгер, силердин бириңер жумушчу жалдаган болсоңор, ага бериле турган акы туурасында сөзсүз хабар берсин».** Эгер, иш акысы өлчөмүндө келишпестик болсо, ушуга окшош төлөм тармагындагы адистерге кайрылуу керек. Иш акысын белгилөөнүн негизи – иштен түшө турган пайда болобу же жумушчудан түшө турган пайдабы, айырмасыз –пайда. Иш акысы жумушчу өндүргөн продукция менен да, жашоо деңгээлинин минималдуу даражасы же жогорулугу менен да өлчөнбөйт. Т.а. анын мухтаждыгы же жетиштүү экендиги жана иштеп чыгарган продукциянын баасы менен да өлчөнбөйт. Продукциянын баасы иш акысына ылайык белгилениши да туура эмес. Себеби, продукциянын баасы менен иш акысынын өзүнө таандык фактор жана өзгөчөлүктөрү бар. Жогоруда айтылган фикирлер иш акысын белгилөөдө капитализм таянган негиздер болуп эсептелет.

Коммунисттерге түзүмгө келсек, алар продукция иштеп чыгарууда жумушчунун эмгеги негиз болуп, анын иш акысы ушул продукцияга карап белгиленет деп эсептейт. Бул жаңылыш сөз болуп, анда чийки сырьё этибарсыз калтырылган. Шарият жумушчунун мухтаждыктарын камсыздоону ишкана ээсине, жумуш берүүчүгө же жумушка жалдоочуга жүктөбөйт, балким, анын нафакасына жоопту адамдын мойнуна жүктөйт. Адамдын нафакасы – ал жумушчу же жумушчу эмеспи, өзүнүн мухтаждыктарын камсыздоого, чыгашаларын жабууга кудуреттүү же кудуреттүү эмеспи, же кудуреттүү болуп туруп, жумуш таба албаганбы, айырмасыз – ата, уул, эр же туугандардын мойнуна түшөт. Эгер, адамдын мухтаждыктары ушул адамдар тарабынан камсыздалбаса, жоопкерчилик Умматка өтөт жана Умматтын атынан бул жоопкерчиликти мамлекет аткарат.

Биз жогоруда айтып өткөнүбүздөй, ишканалар жеке менчик, умумий мүлк жана мамлекеттик мүлк болушу мүмкүн.

Бул экономиканын үч булагынын: айыл чарба, соода жана өнөр жай өкүмдөрүнүн жалпы көрүнүшү. Бүгүнкү күндө экономиканын булагы деп айтылып жаткан туризм жана хызмат көрсөтүү тармагына келсек, бул алдоо болуп, аны башка булактар менен салыштырганда эч нерсеге арзыбайт. Туризмде харам кылынган нерселер бар экени жөнүндө айтпаса да болот. Ислам экономиканын булагы катары урухсат берген булактар ушул үч тармакка чектелет (айыл чарба, соода, өнөр жай).

**Мүлктү көбөйтүүнүн тыюу салынган жолдору**

Аларга кумар, риба (сүткорлук), габн, тадлис (соодадагы шылуундук), ихтикар (монополия), тасир (баа белгилөө). Габн – чектен ашык кымбатка сатуу же өтө арзан баада сатып алуу болуп эсептелет. Соодадагы шылуундук сатуучу тарабынан боло турган алдамчылык болуп, товардагы кемчиликти билип туруп жашыруу. Ал эми, кардар тарабынан боло турган алдамчылык болуп, алтын жана күмүштөн турган баалуу металлдын көлөмүн жашыруу же билип туруп андагы кемчиликти жашыруу. Монополия – товарды кымбат баага сатуу үчүн баасы көтөрүлүшүн күтүп, аны чогултуп алуу жана муну менен өлкө калкы үчүн бул товарды сатып алууда кыйынчылык жаратуу. О.э. камсыздандыруу компаниялары жана акционердик коомдор менен келишим түзүү, алардын акциялары менен соода кылуу, кооперативдик коомдорду түзүү да мүлктү көбөйтүүнүн тыюу салынган жолдоруна кирет. Себеби, мындай компаниялар-ширкаттар капиталисттик компаниялар болуп эсептелет.

**Ислам мамлекетинин акчалары:**

Товар жана эмгектин айырбаштоосу алардагы пайдага байланыштуу болуп, бул пайданын өлчөөсүн талаб кылат. Бул пайдалардын өлчөөсү эсептелген акчалардын болушу айырбаштоо жараянын жеңилдетет. Акча – бул нерсе жана эмгектин пайдасы өлчөнө турган бирдик. Ислам соода жана ижара өкүмдөрүн белгилегенде, айырбаштоо үчүн негиз кылып акча бирдигин көрсөтпөгөн. Ошондуктан, товарды товарга айырбаштоого же анын ээсине белгилүү бир мөөнөт иштеп берүүгө урухсат берген. О.э. Куръандан бирер нерсени үйрөтүүнүн акысына аялга үйлөнүүгө урухсат берген. Ал эми, товарды айырбаштоо белгилүү бир акча бирдиги менен болот, Ислам алтын жана күмүштү акча бирдиги кылып белгилеген. Ал тургай, мал бардык мал-мүлктөн турган нерселер болсо да, бирок, Ислам малды канз-казына кылып сактоону харам кылган, бул харамдыкты алтын менен күмүшкө гана хостогон. Уурулуктун жана зекеттин нисабын белгилөө сыяктуу кээ бир өкүмдөрдү малга т.а. алтын жана күмүшкө байлаган. Төлөнө турган дияларды да алтын менен күмүшкө байлаган. О.э. Расулуллах ﷺ соода жана нике сыяктуу бардык мамилелерде алтын жана күмүштү акча өлчөмү кылып иштеткен. Анын доорунда укия, дирхам, даник, кийрат, мискал жана динар сыяктуу белгилүү бир акча бирдиктери болгон. Насаий Ибн Умардан Расулуллах ﷺдын:

«اَلْوَزْنُ وَزْنُ أَهْلِ مَكَّةَ»

**«Өлчөө – Мекке калкынын өлчөөсү»** деп айтканын риваят кылган. Исламдагы акча өлчөмдөрүнө назар салсак, шариятта укия – 40 дирхам, дирхам – 6 даник, динар – 20 кийрат, 10 дирхам – 7 мискал экендиги ачыкталат. Мадина өлчөөлөрү да ушуга негизделген. Акчаны айырбаштоо өкүмдөрү да алтын менен күмүшкө карата белгиленген:

«بِيعُوا الذَّهَبَ بِالْفِضَّةِ كَيْفَ شِئْتُمْ يَدًا بِيَدٍ»

**«Алтынды күмүшкө колмо-кол каалаганча сата бергиле».**

«الذَّهَبُ بِالْوَرِقِ رِبًا، إلاَّ هَاءَ وَهَاءَ»

**«Алтынды күмүшкө сатуу мындай таризде** (т.а. бир убактын өзүндө мына деп накталай) **болбосо, ал риба болот».** Бүгүнкү өлчөөлөргө ылайык, динар 4,25 грамм алтынга, дирхам 2,975 грамм күмүшкө тең.

**Риба жана акча айырбаштоо өкүмдөрү**

Риба жана акча айырбаштоо өкүмдөрү соода өкүмдөрүнө кирет. Бирдей акчаны ашыгы менен алды-сатты кылуу риба болуп эсетелет. Алтын жана күмүштөн турган бирдей акчаны, же бирдей баадагы ар түрдүү акчаны, же ар түрдүү баадагы ар түрдүү акчаны бири-бирине

алмаштыруу акчаны акчага алмаштыруу болуп саналат. Соода жана саламдагы риба алты нерседе гана болот: курма, буудай, арпа, туз, алтын жана күмүш. Ал эми, карыздагы риба бардык нерседе боло берет. Бир нерсени көбүрөөк же азыраак кылып кайтарып алуу шарты менен карыз берүү халал болбойт.

«الذَّهَبُ بالذَّهَبِ، والْفِضَّةُ بالفِضَّةِ، والْبُرُّ بالبُرِّ، والشَّعِيرُ بالشَّعِيرِ، والتَّمْرُ بالتَّمْرِ، والْمِلْحُ بالمِلْحِ، مِثْلًا بمِثْلٍ، سَواءً بسَواءٍ، يَدًا بيَدٍ، فإذا اخْتَلَفَتْ هذِه الأصْنافُ، فَبِيعُوا كيفَ شِئْتُمْ، إذا كَانَ يَدًا بيَدٍ»

**«Алтынга алтын, күмүшкө күмүш, буудайга буудай, арпага арпа, курмага курма, тузга туз бирдей өлчөмдө, бирдей көлөмдө колдон-колго берилет. Эгер, бул нерселер ар түрдүү болсо, колдон-колго болсо каалагандай саткыла».** (Муслим риваяты). Бул нерселердеги рибанын харам кылынышы иллеттенбейт. Себеби, бул нерселер иллетти түшүндүрбөгөн жамид исмдүү нерселер. Накталай товарды белгилөө мөөнөткө, белгилүү бир сыпаттагы насыянын товар акысына тапшыруу салам жана салаф деп айтылат. Карыз салафтын бир түрү. Бирөөгө кийин кайтарып алуу шарты менен акча берүү карыз делет. Ал шаръий түрдө жаиз. Бирдей акчаларды бири-бирине алмаштыруу жаиз. Колмо-кол, накка-нак болушу шарт кылынат. Эки түрдүү акчаларды бири-бирине алмаштыруу да жаиз. Мында бирдей (өлчөмгө өлчөм) ашык-кем болушу шарт кылынбайт. Колмо-кол жана накка-нак болушу гана шарт кылынат. Пайгамбар ﷺ айтат:

«بِيعُوا الذّهَبَ بِالْفِضّةِ كَيْفَ شِئْتُمْ يَدًا بِيَدٍ»

**«Алтынды күмүшкө колмо-кол кылып, каалаганча сата бергиле».** (Тирмизий риваяты). Акча алмаштыруучулар ошол жайдын өзүндө акчаны алуулары шарт. Акча албай туруп кайтып кетишсе, соода бузулат.

«الذّهَبُ بِالْوَرِقِ رِبًا، إلاَّ هَاءَ وَهَاءَ»

**«Алтынды күмүшкө сатуу мындай таризде** (т.а. бир убакыттын өзүндө мынакей деп накка нак) **болбосо, риба».** (Бухарий риваяты).

## Соода балансы

Соода балансы – көрүнүп турган импорт менен экспорттун кыйматын салыштыруу. Эгер, экспорттун кыйматы импорттун кыйматынан ашса, анда соода балансы биздин пайдабызга болот. Соода балансы биздин гана пайдабызга болушуна умтулуу жаиз эмес, бирок, мамлекет мындан белгилүү бир максатты көздөгөн болсо, жаиз. Эгер, мабдага, мабдага даъват кылууга, өнөр жайды өнүктүрүүгө, мухтаждыктарды камсыздоого, биз менен соода алакалары болгон

мамлекеттин позициясына, эл аралык майданга жана ага таасир өткөрүүгө байланыштуу маселелерде мамлекет белгилүү бир максатты көздөгөн болсо, ушул максатты ишке ашырууга үстөмдүк берилет жана соода балансы курман кылынат. Соода көз карашы, ал тургай, ал пайда көрүү болсо да, бирок, ошол эле учурда ал мамлекеттин көз карашы болуп, мында мамлекеттин максаты жана вужуду соода-сатык пайдасынан жогору турат. Тышкы соода тышкы соода саясатына жана тышкы соода саясаты Умматтын тышкы иштерин башкарууга таянат. Ошондуктан, ал белгилүү бир негиздерге таянышы керек. Адамдардын тышкы саясат жөнүндөгү көз карашы турмуш жөнүндөгү көз караштары ар түрдүү болушуна карап түрдүү болот.

**2 – Малды белек жана нафака катары сарфтоо укугу:**

Малды инфак кылуу (каражаттоо) – аны кайтарымсыз акысыз сарфтоо. Анын бирер нерсенин акысына сарфтоо инфак кылуу деп аталбайт. Малды инфак кылуу адамдар жана мамлекет тарабынан болот. Адам өз малын бирөөгө кайтарымсыз өткөрүү аркылуу тасарруф кылышы, же малын адамдарга бериши, же өзүнө жана нафакасы анын мойнунда болгон кишилерге сарфташы менен болот. Малдын сарфталышы адамдын тирүү кезинде белек, тартуу, садака кылуу көрүнүшүндө же өлүмүнөн кийин маркумдун осуятын аткаруу көрүнүшүндө болот. Ислам ушул беш абалдын өкүмдөрүн баян кылган.

Адам малын өзүнө жана нафакасы анын мойнунда болгон кишилерге сарфташына байланыштуу өкүмдөр:

а) Ислам адамды малды ысыраф кылуу жана текке сапыруудан кайтарат о.э. муну «малды тасарруф кылууга тыюу салынышы керек болгон» акылсыздык деп эсептейт. Ысыраф жана табзир (текке сапыруу) лугавий жана шаръий маанилерге ээ. Бул жерде көздөлгөн маани шаръий маани болуп, ал малды Аллах кайтарган орундарга сарфтоону түшүндүрөт. Ал эми, малды мубахка сарфтоого келсек, бул ысыраф да, текке сапыруу да эмес.

б) Ислам тарафтан (ыгы жок каражат сарфтап жашоо, ашкере шаан-шөкөт жашоодон) кайтарган. Бул текебердик жана ашынган шаан-шөкөт жашоодон улам кекирейүү болуп эсептелет. Демек, малы менен жөн гана ырахаттануу тараф эмес, чектен тышкары текеберденүү тараф болуп эсептелет.

в) Ислам адамды өзүнө тафкыр (сараңдык) кылуудан кайтарган. Эгер, адам андай кылса күнөөкөр болот. Ал эми, эгер нафакасы анын мойнунда болгон кишилерге сараңдык кылса, ал күнөөкөр болушунан тышкары, аны өз үй-бүлөсүнө нафака кылууга мажбур кылуу шарт болот.

Булар адамдын өз малынан өзүнө жана нафакасы анын мойнунда болгон кишилерге сарфташына байланыштуу өкүмдөр.

Ал эми, адамдын өз малын адамдарга бериши аркылуу тасарруф кылышына байланыштуу өкүмдөргө келсек, Ислам бул өкүмдөрдү төмөнкүдөй баян кылат:

а) Ислам адамды согуш абалында душманга белек кылуудан же душманды мусулмандарга каршы күчөтө турган нерсени берүүдөн кайтарат.

б) Ислам адамды өзү жана анын карамагындагылар мухтаж болуп турган нерсени башкаларга белек же садака катары берүүдөн кайтарат. Эгер, ал өзү жана анын кармагындагылар мухтаж болгон нерсени садака кылса, садакасы кабыл алынбайт. Даримий Жабир ибн Абдуллахтан мындай деп айтканын риваят кылат: «Бир күнү Расулуллах ﷺдын алдында отурган элек, капыстан бир киши жихадда (Ахмаддын риваятында «бир кенде» деп келет жана бул көбүрөөк ишеничтүү) ээ болгон жумурткага окшогон алтын менен жаныбызга келип, мындай деди: «Я Расулуллах, муну менден садака кылып алыңыз. Аллахка ант, менде мындан башка эч нерсе жок». Расулуллах ﷺ андан баш тарты. Ал анын сол тарабынан жакындашып, сөзүн дагы кайталады. Андан кийин алды тарабынан келип, дагы кайталады. Ошондон кийин Расулуллах ﷺ ачууланып: **«Аны бер», -** деп, ыргытып жиберди, эгер ага тийгенде оору жеткирген жана жараат алган болот эле. Кийин айтты: **«Кээ бириңер акыркы мал-мүлкүңөрдү садака кылып жиберип, кийин адамдарга тилемчилик кыласыңар. Мухтаждыктан тышкары нерсе – садака. Өзүңө тиешелүү болгон нерсени ал, биз ага мухтаж эмеспиз».** Андан соң, ал киши малын кайтарып алды».

в) Ислам өлүм төшөгүндө жаткан адамды белек жана хадя берүүдөн, мурас кагаз калтыруудан кайтарат. Эгер, ал андай кылса, кылган белегинин, хадясынын жана керезинин үчтөн бири аткарылат. Дарикутний Абу Дардадан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«إِنَّ اللَّهَ تَصَدَّقَ عَلَيْكُمْ بِثُلُثِ أَمْوَالِكُمْ عِنْدَ وَفَاتِكُمْ زِيَادَةً فِي أَعْمَالِكُمْ لِيَجْعَلَهَا زِيَادَةً لَكُمْ فِي أَعْمَالِكُمْ»

**«Амалдарыңардын ажр-сообу көп болушу үчүн Аллах Таала өлүмүңөр алдында малыңардын үчтөн бирин тасарруф кылышыңарга урухсат берди».**

Ислам өз мухтаждыктарын камсыздоого кудуреттүү болбогон кишилердин негизги мухтаждыктарын камсыздоону фарз кылган. Эгер, адам мухтаждыктарын өзү камсыздай албаса, шарият ага

жардам берүүнү жакын туугандарына жүктөйт. Эгер, анын нафакасын мойнуна ала турган тууганы болбосо, жоопкерчилик Байтулмандын зекет бөлүмүнө түшөт. Эгер, зекет бөлүмүндө жетиштүү мал болбосо, Байтулмандын башка бөлүмдөрүнөн сарфтоо мамлекеттин мойнуна түшөт. Эгер, Байтулмалдын башка бөлүмүндө да жетиштүү мал болбосо, мамлекет факир жана мискиндердин негизги мухтаждыктарын камсыздоо үчүн байларга салык салат. Себеби, коомдун ар бир мүчөсүнүн негизги мухтаждыктары камсыздоо мамлекеттин мойнунда.

**Жакырчылык жана байлык:**

Жакыр өзүнүн негизги мухтаждыктарын камсыздоого кудуреттүү болбогон, мухтаждыктарын камсыздоо үчүн башкалардан сурабаган жана ага нафака бөлүнүшү керек болгон муктад киши. Шарият азык-түлүк, кийим-кече жана үй-жайды негизги мухтаждык деп белгилеген. Мискин да жакыр болуп эсептелет. Мискин менен факирдин ортосундагы айырма ушул: факирдин малы-каражаты бар, бирок, анын чыгашасы кирешесинен ашат, ал эми, мискин болсо мал-каражаты жана кирешеси жок киши. Аллах Таала айтат:

﴿أَوْ مِسْكِينًا ذَا مَتْرَبَةٍ﴾

***«Же өтө мухтаж мискинге»*** [90:16]

Бай адам – башкалардын нафакасы анын мойнунда болгон, өзүнүн негизги жана камалий мухтаждыктарын камсыздагандан кийин да ашыкча мал-мүлккө ээ киши. Ага анын жана ага окшогон башка адамдардын жашоо деңгээлине карап баа берилет. Байлык жана жакырчылыктын ушул түшүндүрмөсүнө ылайык айта турган болсок, бул жерде бай да, жакыр да болбогон, өзүнүн негизги мухтаждыктарын камсыздагандар бар. Бирок, алар өздөрүнүн камалий мухтаждыктарын тийиштүү түрдө камсыздай алышпайт. Негизги мухтаждыктар азык-түлүк, кийим-кече жана үй-жай болуп, мухтаждардын ушул мухтаждыктары камсыздалышы керек. Аллах Таала айтат:

﴿وَعَلَى ٱلْمَوْلُودِ لَهُۥ رِزْقُهُنَّ وَكِسْوَتُهُنَّ بِٱلْمَعْرُوفِۚ﴾

***«Аларды жакшылык менен жедирип-кийдирүү атанын мойнунда»*** [2:233]

﴿أَسْكِنُوهُنَّ مِنْ حَيْثُ سَكَنتُم مِّن وُجْدِكُمْ﴾

***«Аларга өзүңөрдүн турак-жайыңардан кудуретиңер жеткен жайдан турак бергиле»*** [65:6]

Ибн Мажа Абу Ахвастан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«أَلاَ وَحَقُّهُنَّ عَلَيْكُمْ أَنْ تُحْسِنُوا إِلَيْهِنَّ فِي كِسْوَتِهِنَّ وَطَعَامِهِنَّ»

**«Алардын силердин үстүңөрдөгү акылары – аларды жакшы кийинтүү жана тамактандыруу».** Жакыр жана мискиндердин мухтаждыктарын камсыздоо алардын бай туугандарынын мойнунда болот. Эгер, алардын мухтаждыктарын камсыздай турган бай тууганы болбосо, жоопкерчилик Байтулмалга т.а. мамлекетке өтөт.

**Мамлекеттин нафака-чыгашалары:**

Мамлекет адамдардын мухтаждыгын камсыздоо каражатын Байтулмалдан алат. Эгер, Байтулмалда зекет малы болсо, аны зекетке акылууларга сарфтайт. Мамлекет факирлер, мискиндер, жолоочулар жана жихадга сарфтай турган каражаттарды зекет малынан гана камсыздабайт. Балким, Байтулмалдын башка киреше булактарынан да алат. Эгер, Байтулмалда каражат калбаса жана кечигүү менен зыян коркунучу бар болсо, мындай абалда мамлекет жарандардын мухтаждыгын камсыздоо үчүн – Байтулмалда каражат пайда болгонго чейин – мусулмандардан карыз алат. Эгер, кечигүү менен зыян коркунучу жок болсо:

﴿فَنَظِرَةٌ إِلَىٰ مَيْسَرَةٍ﴾

***«Эгер, начар-жакыр болсо, байыганга чейин күткүлө!»*** [2:280] эрежеси колдонулуп, каражат топтолгонго чейин кечиктирилип турулат. Чогулгандан кийин акылууларга берилет.

Байтулмалдын өтөлгө таризинде төлөй турган каражаттары т.а. кошуунду камсыздоо, хызматчылар, казылар, мугалимдер сыяктууларга айлык берүү сыяктуу хызмат акысына акча берүүдө каражат бар-жок экенинин мааниси жок, алар мал бар болсо да, жок болсо да аткарылышы шарт болгон мажбурияттар. Эгер, мал бар болсо, тезинен сарфталышы важиб, жок болсо, табуу мамлекеттин милдети. Сарфтоонун кечиктирилишинен зыян коркунучу болсо, акча топтолгонго чейин мамлекет мусулмандардан тезинен карыз алат. Эгер, зыян коркунучу болбосо, **«байыганга чейин күтүү»** эрежеси колдонулуп, сарфтоо каражаты топтолгонго чейин кечиктирилет. Кийин акылууларга берилет. Байтулмалдын каражаттары арасында зилзала, суу ташкыны, ачарчылык же душмандын чабуулу сыяктуу өзгөчө кырдаалдар үчүн сарфтала турган каражаттар бар. Мындай абалдарда Байтулмалда каражат бар же жоктугуна карабастан, өзгөчө кырдаалдар үчүн каражат бөлүнүшү керек. Ошондуктан, алар мусулмандардан чогултулат. Эгер, каражаттар узак убакытта чогулат деген кооптонуу бар болсо, анда мамлекет карыз алат, кийин бул карыз топтолгон каражаттардын эсебинен төлөнөт. Эгер, туруктуу кирешелер жарандардын мухтаждыгы үчүн жетиштүү болбосо,

кошумча салык колдонулат. Т.а. үзгүлтүксүз камсыздалышы зарыл болгон жана мусулмандарга камсыздалышы важиб болгон мухтаждыктар үчүн кошумча салык салынат. Эгер, андай болбосо, салык салынбайт.

**Салыктар ушул абалдарда салынат:**

1 – Жакыр, мискин жана жолоочулардын чыгымдарын камсыздоо жана жихад фарзын аткаруу.

2 – Нафака катары төлөнө турган зарыл чыгымдарды камсыздоо.

3 – Төлөмү күтүлбөгөн жардам сыфатындагы важиб каражаттарды камсыздоо, эгер бул каражаттар өтө зарыл болсо, бул иштерге сарфталбашы себептүү Уммат зыян көрсө.

4 – Зилзала, суу ташкыны, ачарчылык жана душмандын чабуулу сыяктуу өзгөчө кырдаалдар көрүнүшүндөгү өтө зарылдык себептүү мажбурий чыгымдарды камсыздоо.

5 – Мусулмандарга важиб болгон иштерди аткаруу, мисалы, жогоруда айтылган төрт пунктту аткаруу же мусулмандардын мойнунда болгон башка важиб ишти аткаруу максатында алынган карыздарды төлөө.

Шарият Байтулмал үчүн белгилеген киреше булактары жарандардын иштерин башкаруу жана алардын кызыкчылыктарын камсыздоо үчүн жетиштүү. Ошондуктан, түздөн-түз же кыйыр түрдө салыктарды салууга мухтаждык жок. Бирок, өзгөчө же өтө сейрек учураган абалдар бар экенин эсепке алып, шарият этият чараларын көрөт. Ушул себептен улам, кээ бир мухтаждыктарды камсыздоо Байтулмалга жүктөлөт. Т.а. бул чыгымдар Байтулмалдын туруктуу кирешелеринен алынат. Эгер, Байтулмалда каражат болбосо, жоопкерчилик мусулмандардын мойнуна түшүп, салык салынат. Мындай салыктар кайрымусулмандардан алынбайт о.э. мусулмандардан Аллах фарз кылган салыктардан башка эч кандай салык алынбайт. Мисалы, сот жараяны үчүн же башка башкармалыктар үчүн салык алынбайт. Алар мусулмандардан да, зиммийлерден да алынбайт. Мындан тышкары, Ислам мамлекетинин жарандары алып кирген жана алып чыккан товарлардан бажы салыгы алынбайт. Башка мамлекеттин жарандарына бажы салыгы салынган абалдар мындан тышкары. Ислам мамлекетинде зиммийлерден жизя жана хираж гана алынат. Айтып өтүү зарыл, хираж мусулмандардан да алынат, себеби, ал хиражий жерлерден алына турган салык. Алынган салыктар жарандардын негизги жана камалий мухтаждыктарын камсыздоодон ашкан малдан алынат. Мында мусулмандар ортосунда адилет катъий кармалышы керек.

## Үчүнчү эреже: байлыкты адамдар ортосунда бөлүштүрүү

Ислам жеке мүлккө уруксат берип, мүлккө ээ болуу формасын да белгилеген. Адамга өз мүлкүн тасарруф кылуу укугун берип, тасарруфтун формасын да белгилеген. Адамдардагы аклий жана физикалык кубаттардын түрдүүлүгүн этибарга алып, этияттык жүзөсүнөн алсыз жана мухтаждарды колдоо, камсыздоо максатында байлардын малдарынан аларга акы бөлгөн. Коом мухтаж болгон нерсени бардык мусулмандардын умумий мүлкүнө айланткан. Бир да адамдын ага ээлик кылууга, өзү же башка бирөө үчүн сактап коюуга акысы жок. О.э. Ислам жаранды жетиштүү байлык жана хызматтар менен камсыздоо жоопкерчилигин мамлекетке жүктөп, анын да менчик мүлкү болушуна уруксат берди. Умумий мүлк эч бир айырмасыз Ислам мамлекетинин бардык жарандарына тиешелүү. Мамлекеттин мүлкү – Исламды колдонуу каражаттарынын бири. Бул мамлекет жарандардын негизги мухтаждыктарын, мүмкүн болушунча камалий мухтаждыктарын камсыздоосун да өз ичине алат. Бирок, жогоруда айтылган эки эреже жардамында бул нерселер камсыздалышына о.э. ар бир адамдын байлыктан жетиштүү түрдө ээ болуусу камсыздалышына карабастан, мамлекет кээ бир өкүмдөрдү колдонуудан четке чыгышы же кемчиликке жол бериши сыяктуу себептерге ылайык, мүлкчүлүктө жана адамдардын жашоо деңгээлинде кескин айырмачылык (теңсиздик) жүз бериши мүмкүн. Мындай абалда коомдо тапка бөлүнүү, адамдар ортосунда менменсинүү, жек көрүү жана бөлүнүү пайда болот. Бул абал дүйнө мамлекеттеринде кеңири жайылган көрүнүш. Капитализм мындай абалды оңдоого аракет кылып, ийгиликсиздикке учураган. Себеби, капиталист экономисттер кирешелердин теңсиздиги назариясын үйрөнүүдө туура эмес бөлүштүрүү маселесин этибарсыз калтырышкан. Алар бул проблеманы чечүүгө эч кандай тиешеси болбогон статистикалык маалыматтар менен чектелишкен. Ал эми, социалисттер менчик мүлктү чектөөдөн башка чара таба албаган. Коммунисттер кирешелердин теңсиздиги проблемасынын чечими катары менчик мүлккө бүтүндөй тыюу салууну сунуш кылышкан.

Исламга келсек, ал жарандар ортосунда байлыктын туура бөлүштүрүлүшүн кепилдеген. Бул үчүн мүлккө ээ болуу себептерин, мүлктүн түрлөрүн о.э. мүлктү көбөйтүү, сарфтоо жана белек кылуу жагынан тасарруф кылуу абалын белгилеген. Мындан тышкары, мүлккө ээ болуудагы теңсиздик маселесин байлыкты бөлүштүрүүгө байланыштуу өкүмдөр менен чечкен. Ушуну түшүнүү керек, байлыкты бөлүштүрүүдөн максат жакыр жана мухтаждардын мухтаждыгын жетиштүү даражада камсыздоо эмес, себеби, мунун чечими жогоруда

айтылган эки эреже менен кепилденет. Байлыкты бөлүштүрүүдөн максат – хызматтардан пайдалануудагы жана адамдардын жашоо деңгээлиндеги теңсиздикти жоюу.

Ислам бул үчүн төмөндөгүлөрдү белгилеген:

**1 – Коомдогу экономикалык тең салмактуулук**

Ислам мал бардык жарандар ортосунда айланып жүрүшүн важиб кылып, бир топ адамдарда гана чектелип калышына тыюу салат. Бул Ислам мыйзамчылыгы негизделген жалпы эреже. Ислам муну ишке ашыруу үчүн зарыл чараларды көргөн. Аллах Таала айтат:

﴿كَيۡ لَا يَكُونَ دُولَةَۢ بَيۡنَ ٱلۡأَغۡنِيَآءِ مِنكُمۡۚ﴾

***«Силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбастыгы үчүн»*** [59:7]

Коомдо ар бир жаран өз мухтаждыктарын камсыздоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондо да Ислам малдын бир топ адамдардын ортосунда гана айланып калышына тыюу салат. Мамлекет коомдо экономикалык тең салмактуулукту жүзөгө чыгаруу жана байлык бир топ адамдардын ортосунда гана айланып калышын алдын алуу үчүн мамлекет өз малынан (мамлекеттик мүлктөн) жарандарга берет. Расулуллах ﷺ мүлккө ээ болууда мухажир жана ансарлар ортосунда чоң айырма бар экенин көргөн соң, экономикалык тең салмактуулукту орнотуу үчүн Бану Назир уруусунан алынган олжолордун чоң бөлүгүн мухажирлерге бөлдү. Ал олжолорду мухажирлер ортосунда бөлүштүрүп, ансарлардын экөөсүнөн башка эч кимге эч нерсе бербеди. Бул эки ансар: Абу Дужана Симак ибн Хараша жана Сахл ибн Хунайф. Себеби, факирлик жагынан алганда алардын деңгээли мухажирлердикиндей эле. Мамлекет кыймылсыз мүлктү да, кыймылдуу мүлктү да берүү укугуна ээ. Себеби, максат азык-оокат, кийим-кече жана үй жай формасындагы мухтаждыктарды убактылуу камсыздоо эмес, тескерисинче, ушул мухтаждыктарды камсыздоо жана материалдык бакубатчылыкты бекемдөө үчүн каражат менен камсыздоо. Ушул себептен улам, мамлекет теңсиздикке алып бара турган нерселерди жоюу чараларын көрөт. Бирок, мамлекет экономикалык тең салмактуулук темасын бай жарандардын эсебинен чечүү үчүн аларга салык салбайт. Тескерисинче, экономикалык тең салмактуулукту жүзөгө чыгаруу үчүн мүмкүнчүлүк болсо жакыр жана мухтаждарга Байтулмалдан каражат бөлөт. Бирок, экономикалык тең салмактуулукту жүзөгө чыгаруу жакыр жана мухтаждардын мухтаждыктарын камсыздоо маселесинен айырмаланат. Себеби, бул проблеманы чечүү үчүн мамлекетте каражат болбосо, бай мусулмандарга салык салынат.

**2 – Алтын жана күмүштү о.э. жүгүртүүдөгү акчалардын ар кандай түрүн казына кылып сактоого тыюу салынат.** Аллах Таала айтат:

﴿وَٱلَّذِينَ يَكۡنِزُونَ ٱلذَّهَبَ وَٱلۡفِضَّةَ وَلَا يُنفِقُونَهَا فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ فَبَشِّرۡهُم بِعَذَابٍ أَلِيمٖ﴾

***«Эй момундар, ошол даанышмандар, рахибдердин көпчүлүгү адамдардын малдарын бузгунчулук менен жешет жана Аллахтын жолунан тосушат. Алтын жана күмүштү чогултуп алып, аны Аллах жолунда инфак кылбаган адамдарга жан чыдагыс азабдын «куш хабарын» жеткиргин!»*** [9:34]

Бул аятта Аллах эки нерсени: казына кылып сактоого жана Аллах жолунда т.а. жихадга инфак кылбоого тыюу салды. Казына кылып сактоо чогулткан акчадан айырмаланат. **Эч бир мухтаждык болбосо да казына кылып сактоого тыюу салынган. Себеби, мында бул каражаттар базардагы жүгүртүүдөн алынат. Ал эми, акча чогултууга (сбережение) келсек, бул мухтаждыктардын бирин,** мисалы, үй куруу, үйлөнүү, завод сатып алуу жана ушул сыяктуулар үчүн акча чогултуу болуп эсептелет. Акчаны казына кылып сактоого тыюу салынышы каражатты базарга чыгарууга жана инвестиция кылууга дем берет. Ушул аркылуу экономикалык аракет, өндүрүш, өнүгүү жана атаандаштык пайда болот, мухтаждык жана хызматтар камсыздалат. О.э. илимий тажрыйбалар үчүн изилдөө борборлорун ачууга дем берет, бул болсо өз кезегинде майнаптуу эмгек мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтөт. Акчаны базарга алып чыгуу анын адамдар арасында айланышын күчөтөт, адамдардын жашоо деңгээлин көтөрөт, жакырчылык жана жумушсуздукту жоёт, бакубатчылык жана өнүгүүгө алып келет. Бул жерде ушул өкүм менен жерди үч жыл иштетпей таштап коюу өкүмү ортосундагы окшоштукту көрүү мүмкүн. Окшоштук жагы: эки абалда тең өкүмдөр мүлктү – кыймылсыз же кыймылдуу мүлк болушунун карабастан – кандайдыр бир продукцияны өндүрүүгө иштетүүгө багыттап жатат. ❑

# ӨКҮМДАР КИМ? КИМ МЫЙЗАМ ЧЫГАРУУ УКУГУНА ЭЭ? АЛЛАХ ТААЛАБЫ ЖЕ ИНСАНБЫ?

**Саир Салама (Абу Малик)**

Бул суроолорго «Батыш фикиринин ката кутусу» деген макалабыздын киришүү бөлүмүндө жана жалпы мазмунунда фикирий негизди караган элек. Жада калса, макала ушул суроонун тегерегинде болгон. Ошондой эле, адамдардын ойлоп тапкан мыйзамдардын кесепетинен пайда болуучу көйгөйлөрдү баяндаганбыз.

Мыйзам чыгаруу укугун адамдарга эмес Жаратуучуга тапшыруу эмнелерге алып келет? Эмне себептен андай кылышыбыз керек? Эмне себептен турмушту туура тартиптөө, адилеттүүлүктү орнотуу, укуктарды ээлерине кайтаруу жана жалпы адамзатка пайда алып келүү үчүн муъжизалык өзгөчөлүктөргө ээ болгон Исламий шариятты гана карманышыбыз керек?

Автор бул суроолордун жообун баяндап, көйгөйлөрдүн чечимдерин туура жолуна кайтара турган чечимдерди сунуштады.

**«Ким ыйзам чыгаруу укугуна ээ?» деген суроого жооп берүүдөн мурун мыйзамчылык жана мыйзамдарды кабыл алуудан көздөлгөн максат жана маселелерди аныктап алуу керек.**

Исламий шарияттын максаттары жөнүндөгү илимге параллель болгон укуктук илимдер арасында укук философиясы илими бар. Бул илим Батыштын укуктук изилдөөлөрүндө “Philosophy of law” (укук философиясы) аталышында жетекчи орунду ээлеп келет. Бийликти берүү жана ага моюн сунуу эрежелерин, укуктук системалардын артында турган жашыруун максат жана хикматтарды үйрөнүүгө о.э. мыйзам менен коомдун ортосундагы алаканы ачып берүүгө багытталган темалардын маңызына ылайык, булар негизинен «адам укугун» коргоо о.э. адилетти, жалпы кызыкчылыкты, укуктук туруктуулук жана коопсуздукту жүзөгө чыгаруу айланасында болот. Ар бир максаттын негиздери жана ага жетүү каражаттары бар. Ушул максатка мыйзамдын табияты, айрыкча, табигый мыйзам доктринасында катталгандай, анын гумандуу баалуулуктары, амалиятар, коомдор жана ахлактын айрым элементтери менен алакасы үйрөнүлөт. Же тескерисинче мыйзамда эч кандай ахлакий элементтер болбошу керек деген позитивизмдин талабы менен мыйзамды ахлактан бөлүү зарылчылыгы үйрөнүлөт. Бул философия белгилүү бир мамлекеттин мыйзамдары үчүн эмес, бардык мыйзамдар үчүн, белгилүү доордо эмес, ар дайым жарактуу болгон мыйзамчылыкты орнотууга аракет кылат.

Исламий жана вазъий (адамдар ойлоп тапкан) мыйзамдарды үйрөнүү аркылуу мыйзам чыгаруучу мыйзамдар алдында турган вазыйпаларды, аларды негиздөөчү хикмат жана себептерди о.э. аларга баш ийүүгө үндөөчү максаттарды белгилешин билебиз. Т.а. мыйзам чыгаруучу мыйзам жана мыйзамчылык өлчөөлөрүн о.э. турмуштун түрдүү тармактарындагы бардык мыйзамдар анда айлана турган чөйрөнү белгилейт. Негизинен мыйзамдар бири-бирин толукташы жана бекемдеши керек. Мисалы, экономикалык түзүм, социалдык биримдик, мамлекеттин васийлик мажбурияттары жакшы иштеши жазалар түзүмүнө байланыштуу. Мыйзамдар шарият мыйзамдары болобу, вазъий мыйзамдар болобу, мыйзам чыгаруучу адамдардын жашоосунда үстөм болушу көздөлгөн баалуулуктарга кызмат кылуу, мисалы, адилетти орнотуу (адилет – мамлекеттин пайдубалы деп айтылат) иштелип чыгат. Т.а. алар мамлекеттин бийлиги негизделген түшүнүк жана канааттануударга кызмат кылат. Ал эми, баалуулуктар коомду калыптандырган иътикаддарга карап айырмаланат. Маселенин маңызы мына ушунда. Себеби, ушул баалуулуктар чалгытуучу, вакиълиги болбогон ураандардан ары өтпөшү мүмкүн. Эгер, бул жасалма баалуулуктар коомду башкарып жаткан идеологиялар өлчөөсү менен өлчөнсө, алар эч кандай мааниге ээ болбогон закымдан башка нерсе эместиги белгилүү болот. Мисалы, демократияда чакырылган «плюрализм» баалуулугу. Түпкүлүгүн алганда, ал илманий саясий партиялар менен гана чектелген, ал эми, сакафий плюрализм коомдогу индивидуал маселелер менен гана чектелген. Ошондуктан, алгач мамлекет туура иътикадда курулушу керек. Андан кийин анын мыйзамчылыгы жана мыйзамдарынын тууралыгы талкууланат. Арийне, илманийлик сыяктуу рухий жактан бири-бирине тескери болгон же демократия сыяктуу вакиъликте мүмкүн болбогон мамлекетти тикелөө бул мамлекеттердин мыйзам чыгаруучуларын жеңип болгус тоскоолдукка кептейт. Бул тоскоолдук мамлекет ишке ашырмакчы болгон баалуулуктарды орнотуунун мүмкүн эместиги. Арийне, баалуулуктарга кызмат кылбаган жана коомдо аларды коргоого салым кошпогон мыйзам натыйжасыз болуп калат.

Эгер, баалуулуктардын өзү туура эмес же ишке ашкыс болсо (мисалы, шайлоолордо көпчүлүктүн фикирине негизделүү сыяктуу), мыйзамдар туура эмес болот. Демек, коомдун кулк-мүнөзүн тартипке салуу, ар бир адамдын мыйзамдуу укуктарын коргоо, максаттар кагылышканда алардын ортосундагы карама-каршылыкты жоюу үчүн ишке аша турган иш-чаралар жана баалуулуктар болушу керек. Антпесе, мыйзамчылык бир максатты башка максаттын эсебинен ишке

ашырууга алып келет. Мисалы, Батыштагы мамлекеттер жеке турмуш менен коопсуздук карама-каршы келип калганда коопсуздукту шылтоолоп адамдар үстүнөн тыңчылык кылат, алардын жеке турмушун жана эркиндигин бузат. Же кээ бир мыйзамдар белгилүү бир баалуулуктарды жүзөгө чыгарат, башка мыйзамдардын аларга тескери келиши аларды жок кылат. Мисалы, Америкада сөз эркиндиги жана адилеттүү соттоо укугу соттолуучуну өз кылмышы жөнүндө билүү жана өзүн коргоо укугунан куру калтыра турган жашыруууун далилдер туурасындагы мыйзамга тескери келет. Булардын бардыгы анын кылмышына байланыштуу далилдерди ашкере кылуу улутттук коопсуздукка коркунуч туудурат деген шылтоо менен болот. Т.а. айыпталуучу да, судья да кылмыштын далилдерин билбейт, натыйжада айыпталуучу өзүн коргой албайт. Биринчиден, мыйзамдар максаттарга тескери, экинчиден, алар бири-бирине тескери. Бул карама-каршылык негизги болуп, анын башы аягына тескери келет жана бул аны чечүү үчүн мүмкүн болгон капыстык карама-каршылык эмес.

Адамдын өзү менен, башка адамдар менен, коом жана мамлекет менен болгон мамилелерин ар түрдүү адамдар ортосунда тең салмактуулук жана шайкештикти камсыздай турган мажбурий нормативдүү эрежелерге ылайык тартипке салуу үчүн мыйзамчылыкта эсепке алына турган кээ бир максат жана вазыйпаларды жалпылаштыруу мүмкүн. Ар кандай учурда жана ар кандай жайда мыйзамчылыктан, мыйзамдар топтомун түзүүдөн көздөлгөн максат – түрдүү мыйзамчылык же укуктук мамилелерди туруктуу тартипке келтирүүнү камсыздоо. Мындан коом мүчөлөрү ортосунда адилетти жүзөгө чыгаруу көздөлөт. Себеби, мыйзам ижтимаий (социалдык) туруктуулукту камсыздоо үчүн коом мүчөлөрүнүн турмушун жана аракетин мамлекеттин күчү менен тартипке салып көзөмөлдөйт.

Шек-күмөнсүз, мыйзамдардын бир чектен экинчисине өтүшү туруктуулук жана адилетти жүзөгө чыгарбайт. Мисалы, мыйзам баңгизат сатууну кылмыш деп эсептейт, сатуучуга жаза колдонот, андан кийин мыйзамды өзгөртүп, баңгизат соодасын мыйзамдаштырат. Ошондуктан, баңгизат ар кандай көчөдө сатылат. Жаңы мыйзамга ылайык, баңгизат сатуучуга мурун колдонулган жаза мыйзамсыз болуп эсептелет. Мындан тышкары, жаңы мыйзамдын колдонулушу коомго жоюп болгус адамдардын саламаттыгын бузуп, экономикалык жана ахлакий зыян алып келет. Ошондуктан, мыйзам чыгаруучулар үчүн коом «тажрыйба майданына» айланып калышы туура эмес. Мындан тышкары, өзгөрүүчү мыйзам коомдо адилет жана туруктуулукту жүзөгө чыгарбайт.

Исламда факих, мужтахид, казы жана укуктаануучу өкүм чыгаруу көздөлгөн вакиъликти үйрөнөт, андан кийин ушул вакиъликке байланыштуу шаръий же конституциялык тексттерди үйрөнүп, хукмду вакиъликке байлайт. Мыйзам истинбат кылуу учурунда максаттарды эсте сактап, алардын иллетин, манатын (колдонуу жайын) жана хикматтарын эске алат.

Мыйзамчылыктан көздөлгөн максат белгилүү максаттарды жүзөгө чыгаруу болуп эсептелет. Алардын катарында: көйгөйлөрдү туура чечүү жолдорун иштеп чыгуу, акыйкатты жана адилетти жүзөгө чыгаруу, зулум-адилетсиздикти жоюу о.э. гарыйза жана организм муктаждыктарын туура, адамдарга ылайык келе турган, аларды оңдой туран, алар чыдай ала турган жана алардын кыйынчылыгын жоё турган таризде кандыруу жолдорун белгилөө. Мыйзамчылыкта коомду белгилүү бир негизге куруу көздө тутулат. Анда мамлекет жана турмуш түзүмдөрү бири-бирин толуктайт. О.э. мыйзамчылыкта адам үчүн зарыл болгон сегиз максат эсепке алынат: өмүрдү, мал-мүлктү, динди, акылды, насилди, мамлекетти, коопсуздук жана адамдын намысын сактоо. Кээ бир факихтердин фикирине ылайык, ага «пайданы алып келүү жана зыянды жок кылуу» да кирет. Вазъий мыйзамдын тарапкерлери «адам укуктары» жана «теңдик укугун» да кошушат.

Кылмыш-жаза мыйзамына назар салсак, негизинен кылмышка ылайык, алар кылмыш жасоодон тыйган жана компенсация жазаларын белгилөөгө каратылганын көрөбүз. Т.а. кылмыш-жаза мыйзамы коомду кылмыш жасоодон кайтарууга, кылмыш жасаган адамдын айыбын жана жабырлануучунун зыяндын ордун толтурууга о.э. коом мыйзамдарын коргоого каратылган.

Коомдун алакаларын тартипке салган мыйзамдар топтомуна карасак, аларда өз ара шайкештикти табышыбыз о.э. аларда социалдык жак көрүнүшү керек. Мисалы, Исламда коомдук шайкештикке алып баруучу мыйзамдарды табасыз. Ислам мыйзамдары адам, үй-бүлө, көчө, коом жана мамлекет даражасында коомдук шайкештикке негизделген социалдык түзүмдү орнотуу маселесин да ар тараптуу курчап алган. Муну бул дүйнөдөгү жоопкерчилик жана Ахыреттеги эсеп-китеп негизинде орноткон. Адамдын ата-энеге жана улуу жаштагыларга камкордук кылышы, көчөсүндөгү ачка калгандарды тойдуруу, жетимдерге камкордук кылуу, кошуна, конок жана жолоочулардын акысын өтөө, мамлекет жарандардын негизги муктаждыктарын камсыздашы сыяктуу иштер ушул жоопкерчиликке кирет. Бул туурасында Ислам зекет, каффарат, садака, муктаждарга жардам көрсөтүү жана пайызсыз карыз берүү сыяктуу өкүмдөрдү алып

келди. Батыш мыйзамчылыгында мындай абалды таба аласызбы?! Ооба, алар акча жана салык системаларына тиешелүү мыйзамчылык иштеринде көп нерселерди ойлоп табышты. Бирок, алар шайкеш жана ынтымактуу коомду курууну кепилдеген системаны ойлоп таба алышпады. Себеби, Батыштын мыйзамчылыгы накта индивидуалисттик мыйзамчылык болуп эсептелет.

Мыйзамдын максаттарына этибар берүү, аны жана анын Уммат акыйдасына ылайык келерин түшүнүү о.э. ал коомдо адилетти орнотууга жана укуктарды коргоого кудуреттүү экенин сезүү мыйзамдардын урматталышына салым кошот. Жарандар коркуудан эмес, ички түрткүдөн келип чыгып мыйзамга баш ийишет жана аларды урмат кылышат.

Өткөн кылымдын отузунчу жылдарынын башында Кошмо Штаттарда спирттик ичимдиктерге тыюу салган мыйзам чыгарылып, бул мыйзамды бузгандарга катуу жаза-чаралар колдонулган. Бирок, Америка коомунда, спирттик ичимдиктердин зыянына тиешелүү изилдөөлөр адамдарга тартуу кылынганына карабастан, спирттик ичимдиктерге башы оту менен кирип кеткендер көбөйдү. Горбачёв доорунда Советтер Союзунда да ушундай абал жүз берди. Себеби, анын тажрыйбасы дагы да ийгиликсиздикке учурады. Ошол эле учурда, мас кылуучу ичимдиктин тыюу салынганы туурасында исламий түшүнүктөргө ээ 1,6 миллиард мусулман, ал тургай, алардын арасында ушул эрежеге баш ийбеген аз сандагы кишилер болсо да, мас кылуучу ичимдиктен ыхтыярдуу тыйылып жатканына күбө болосуң. Бул жагдай адамдын турмуш таризине таасир өткөрүүчү эң күчтүү фактор турмуш жөнүндөгү түшүнүктөр экенин көрсөтөт.

**Көрүп турганыңардай, мыйзамдарды кабыл алууда адамдар туш келе турган биринчи тоскоолдук ушул – алар мыйзамдарды кабыл алуудан көздөлгөн максаттар жана алардын табияты о.э. алардын чечмеленүү жана аларды кантип ишке ашыруу туурасында кайчы пикирде. Мындан тышкары, мыйзамдар баалуулуктарга тескери болгон учурда ушул баалуулуктарга кандай мамилеледе болуу жөнүндө алар түрдүү көз караштарга ээ! Мисалы, көбүнчө кабыл алынган мыйзамдар жеке турмуштун кол тийгистиги менен коопсуздук маселесинде бири-бирине тескери келет. Бул адамдын туура мыйзамдарды чыгарышына тоскоолдук кылган биринчи олуттуу тоскоолдук.**

Көрүнүп тургандай, Батыш мыйзам чыгаруучусу коомдун туруктуу өнүгүшү, көз караштарынын өзгөрүшү жана буга ылайык түрдө коом кызыкчылыктарынын өзгөрүшү менен кагылышты. Массалык

маалымат каражаттары узак убакыт белгилүү бир баалуулуктарды ыйыкташтырды. Андан кийин коомдун алар жөнүндөгү көз карашын өзгөртүүнү каалаган таасирдүү кишилер пайда болду. Буга коомдун гейлердин укугу, наркотиктер о.э. мурун мыйзамдуу тыюу салынган, учурда мыйзамдуу болгон баңгизатты колдонуу жөнүндөгү көз карашын мисал кылса болот. Бул болсо, аларды мыйзамчылыктан көздөлгөн максаттарды түшүнүүгө, ар бир максаттын анык түшүндүрмөсүн берүүгө, мыйзам кабыл алууда максаттар кандай этибарга алынышы керектигин түшүндүрүүгө көңүл бурбоого үндөдү. Себеби, аларда максаттардын өзү өзгөрүп турат. Алар бул максаттардын көпчүлүгүн Ислам шариятынан көчүрүп алышкан. Демек, ушул максаттарга кызмат кылган мыйзамдар жөнүндө эмне десе болот!

Батыштыктарда мыйзамды кабыл алуудан көздөлгөн негизги максаттын анык болбостугу мыйзамдан туура эмес пайдаланууга алып келет. Муну менен мыйзам көп абалдарда өзүнүн ишеничтүүлүгүн жана бейтараптуулугун жоготот. Ошондуктан, мыйзамдан көздөлгөн максат анык болушу о.э. мыйзамдын бардык тарабы түшүнүктүү болушу ыйгарым укукка ээ болгон адамдардын мыйзамдан өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланышына мүмкүнчүлүк калтырбайт. Эгер, максат белгисиз жана өзгөрүүчү болсо, түшүндүрмөлөр туруксуз болсо, мыйзамдардан пайдалануу көлөмү анык кеңейет.

Эгер, коом шайкештик, мээрим, тилектештик жана жоопкерчилик негизинде курулбаган болсо, бул нерселерди мыйзамдарды кабыл алуу аркылуу жүзөгө чыгарып болбойт. Аларды мабдага негизделген фикир менен гана жүзөгө чыгаруу мүмкүн. Бирок, илманий мабдада андай нерсе жок. Мабданын өзүндө бул нерсе этибарсыз калтырылган соң, мыйзам чыгаруучулар ага кантип этибар беришсин?! Адам үчүн мындан да жаман эмне болушу мүмкүн?! Жарактуу жана туура чечимдерге ээ Ислам менен кемчиликтүү, мыйзамчылыгы ийгиликсиз болгон илманийлик ортосунда өтө чоң айырма бар!

**«Ким мыйзам чыгаруу укугуна ээ?» деген суроого жооп берүүдөн мурун аныктап алышыбыз керек болгон өлчөөлөр:**

Мыйзамчылык натыйжалары туура же туура эмес, жарактуу же жараксыз экенине кайсы өлчөөлөргө ылайык баа берүү мүмкүн? Башкаруунун эч ким талашпаган эң маанилүү баалуулугу – адилет. Мыйзамдар оболу адилетти жүзөгө чыгарышы жана адамдардын мыйзам алдындагы теңдигин камсыздашы керек. Ушул себептен улам, мыйзамдардын адилетти жүзөгө чыгарышы же чыгарбашы негизги өлчөө катары мисалдар аркылуу талкууланат. Биз мыйзамдар арасынан адилетти жүзөгө чыгара турганын тандайбыз жана бул

чынында эле ушундайбы же жокпу, карап чыгабыз. О.э. адамдын мыйзамга байланыштуу башка баалуулуктарга болгон муктаждыгын жана аларга баш ийилишин жана ишке ашырылышын карап чыгабыз:

**Биринчи: мыйзам чыгаруучунун мыйзамчылыктан көздөлгөн, бардык заман жана мекендеги ар бир адам үчүн жарактуу болгон максаттар ишке ашышын камсыздоого кудуреттүү экендиги. Т.а. мыйзам жана чечимдердин туруктуулугу о.э. көйгөйлөргө вакиъликке ылайык, манатты жүзөгө чыгаруучу анык жана туура чечимдерди берүү жөндөмү.**

Мыйзам бардык заман жана мекенге ылайык болушу керек дедик. Келгиле, муну эркек менен аялдын ортосундагы мамилелерди тартипке салган мыйзамдардын мисалынга карап чыгалы. Навды сактап калуу гарыйзасынын ушул көрүнүшүн кандыруу төрт жолдун бири: табигый кандыруу (турмуш куруу), туура эмес кандыруу (зына), табигый болбогон кандыруу (гомосексуализм) же жалпысынан кандырбоо менен болушу мүмкүн. Жакын жылдарда эле Батыш мамлекеттеринде гомосексуалдык мамилелер тыюу салынган эле. Көпчүлүк мыйзамдар мындай мамилелерге каршы күрөшкөн. Азыркы учурда көптөгөн мыйзамдар мындай мамилелерди кылмыш деп таануудан баш тартты жана мындай никелерге тыюу салууну бекер кылды. Келгиле, ушул божомолду карап чыгалы: эгер мындай кандыруу туура болуп, жогоруда айтылган мыйзамдуу баалуулук жана максаттарды жүзөгө чыгара турган болсо, демек, мыйзам чыгаруучулар узак убакыт ичинде кээ бир адамдарды өз укуктарынан пайдалануудан куру калтырган, кийин алардын каталары ачык-айкын болуп, каталарын оңдоо мүмкүн эмес болуп калган болот. Себеби, кимдер бирөө мыйзам ага кылмышкер катары карагандыктан азап чегип жашап өткөн болот.

Анан гомосексуализм мыйзамдаштырылгандан бир канча убакыт өткөндөн кийин анын коркунучу жыныстык оору экендиги, аны мыйзамдаштыруу туура эмес илимий изилдөөлөргө негизделгендиги, анын акыбеттери кыйратуучу болушу жана анын ыфлас, айбандык байланыш экендиги ачык болсо, алар өз каталарынын акыбеттерин эч качан оңдой алышпайт. Мызамдар ар дайым жана бардык жайда туура болушу о.э. адам жана коом тажрыйба майданына айланып калбашы керек.

**Аракеттердин туура же туура эместигин кайсы өлчөөлөр негизинде түшүнөбүз? Бул суроонун жообу мыйзам түзүүчү адам, башкаруу, башкаруунун коом жана адамдагы натыйжаларына байланыштуу маселелерде**

**мыйзамчылыктын жарактуулугун кепилдеген белги жана касиеттерди үйрөнүү менен ачыкталат.**

Кабыл алынган мыйзамдардын туруктуулугуна келсек, бул проблемалар кайсы көз караштан каралып жатканына байланыштуу. Батыш мыйзам чыгаруучусу көйгөйлөргө эркиндик жана пайда көз карашынан карайт. Бул көз караш өтө өзгөрүүчү болуп, дайыма түрдүү чечмелөөлөргө дуушар болот. Ислам адам өзүнүн узвий муктаждыгын жана гарыйзаларын кандыруу үчүн ишти аткарышын эсепке алып, бул иштер үчүн чечимдерди келтирип, кандыруунун мыйзам-эрежелерин белгиледи. Себеби, адам дайыма жана бардык жайда адам бойдон калат. Ал нав гарыйзасын жогоруда айтылып өткөн төрт жолдун бири менен кандырат. Ислам ага нав гарыйзасын кандыруу жөнүндө ар кандай заман жана мекен үчүн жарактуу, өзгөргүс, туура түшүнүктү берет. Ал эми, Батыш мыйзам чыгаруучусу проблемага түрдүү көз караш негизинде карайт. Мисалы, кээде эркиндик көз карашынан карайт. Ошондуктан, анын назарында ким зына кылууну кааласа, бул анын эрки, эгер ким табигый болбогон жыныстык мамиледе болууну кааласа, эгерде экинчи тарап да муну кааласа, бул да анын эрки. Бул көз караш өтө кооптуу. «Неолибералдык капитализмдин өкүмдарлыгын жүзөгө чыгаруу максатында коомдорду талкалоо үчүн үй-бүлөлүк мамилелерди бузуу» бөлүмүндө биз келтирген статистикалык маалыматтарга карагыла. Мындан тышкары, эгер силер кудум ушундай жандашууну (т.а. эркиндикке жетүүнү) баӊгизаттарга карата колдонсоӊуз, өтө чоӊ проблемага туш келесиз. Эгер, аны адам өлтүрүүгө колдонсоӊуз, кыйратуучу акыбеттерге күбө болосуз. Ушул жандашууну курал алып жүрүүгө колдонуу ушул статистикалык маалыматтарга алып келди: «Кошмо Штаттарда 2013-жылдын январынан 2018-жылдын мартына чейин ок атуучу куралды пайдалануу акыбетинде 7706 киши жараат алган жана 2594 киши курман болгон». Демек, эркиндиктен качан пайдалануу мүмкүн жана качан мүмкүн эместигин белгилөөчү өлчөө кайда?! Албетте, мындай өлчөө жок. Себеби, Батыш мыйзам чыгаруучусуна каалоо-нафси өкүмдарлык кылат.

Ушул жана башка көптөгөн себептерге ылайык, мыйзамчылык адамга жана анын каалоо-нафсине эмес, Аллахка таандык болушу керектиги бизге бүтүндөй ачык-айкын болду. ❑

## ИБРОХИМИЙ ДИНИНЕ ЧАКЫРУУ – АДАШТЫРУУ ЖАНА БУЗУУ!

**Хамд Табиб – Байтул Макдис**

Ушул күндөрдө үч монотеисттик динди (Ислам, насронийлик жана яхудийлик диндерин) бириктирген дин катары иброхимийлик динине үгүттөө маселеси дүйнөлүк масштабда тарап жатат. Анын акыйкаты эмне? Максаддары кандай? Анын үгүтчүлөрүнө каршы, адаштыруу жана бузууга каршы кандай күрөшүү лазым? Ушул үч суроого жооп берүүдөн мурун диндердин аталышына алакадар айрым акыйкаттарга токтолууну жана мындагы туура багытты баян кылууну көздөйбүз.

Араб тилинде дин калимасы (сөзү) лугат китебдеринде (сөздүктөрдө) мындай келет: دان фиълинин мааниси моюн сунду жана итаат кылды дегенди түшүндүрөт. Андыктан, дин улуулоо, моюн сунуу жана итаат кылуу маанисин билдирет. Аллахтын дини дегени ал аркылуу Аллахты улуулоону, итаат кылууну жана моюн сунууну түшүндүрөт. Дин өзүнүн ушул мааниси менен дастур жана жол болуп, биз ал аркылуу Аллахка итаат кылабыз, моюн сунабыз жана таъзим кылабыз.

Экинчи маселе: дин сөзү туура вакиъликтин көз карашынан алганда Аллах Азза ва Жаллага байланыштуу калима болуп, туура манхаж т.а. биз Аллах Таалага ишенип жаткан туура манхаждан башка нерсеге бул аталыш берилбеши керек. Биз динди Аллахтан гана кабыл алабыз. Бул болсо бир дин т.а. Исламга гана туура келет. Ошондуктан, дин калимаси Роббаний диндин туура түшүнүгү катары яхудийликке да, насронийликке да, иброхимийликке да жана башкасына да туура келбейт, аларды баяндоо үчүн истилахий (терминдик) маани катары дин деп атоо жаиз болсо да.

Аллах Таала жана Анын Расулу ﷺ муну Куръани Карим жана суннати набавийде баян кылган.

﴿إِنَّ ٱلدِّينَ عِندَ ٱللَّهِ ٱلۡإِسۡلَٰمُۗ وَمَا ٱخۡتَلَفَ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡكِتَٰبَ إِلَّا مِنۢ بَعۡدِ مَا جَآءَهُمُ ٱلۡعِلۡمُ بَغۡيَۢا بَيۡنَهُمۡۗ وَمَن يَكۡفُرۡ بِـَٔايَٰتِ ٱللَّهِ فَإِنَّ ٱللَّهَ سَرِيعُ ٱلۡحِسَابِ﴾

***«Албетте, Аллахтын алдында кабыл боло турган дин – Ислам дини гана. Китеп берилгендер*** *(яхудий жана насронийлер)* ***аларга*** *(Ислам жана Мухаммаддын чыныгы пайгамбарлыгы жөнүндө)* ***далил келгенден кийин өз ара көрө албастык-душмандыктан гана талашып тартышышты. Ким Аллахтын аяттарын танса, албетте Аллах тез эсеп-кысап кылуучу Зат»*** [Али Имрон:19]

﴿وَمَن يَبۡتَغِ غَيۡرَ ٱلۡإِسۡلَٰمِ دِينٗا فَلَن يُقۡبَلَ مِنۡهُ وَهُوَ فِي ٱلۡأٓخِرَةِ مِنَ ٱلۡخَٰسِرِينَ﴾

***«Кимде-ким Исламдан башка динди кааласа, анда,** (анын «дини» Аллахтын алдында) **эч качан кабыл алынбайт жана ал Ахыретте зыян тартуучу-өкүнүүчүлөрдөн** (болот)**»*** [Али Имрон:85]

Расулуллах ﷺ айтат:

«وَالَّذِي نَفْسُ مُحَمَّدٍ بِيَدِهِ لاَ يَسْمَعُ بِي أَحَدٌ مِنْ هذِهِ الأُمَّةِ يَهُودِيٌّ وَلاَ نَصْرَانِيٌّ، ثُمَّ يَمُوتُ وَلَمْ يُؤْمِنْ بِالَّذِي أُرْسِلْتُ بِهِ، إِلاَّ كَانَ مِنْ أَصْحَابِ النَّارِ»

**«Мухаммаддын жаны колунда болгон Затка ант, яхудийби же насронийби, ушул умматтардан болгон ар кандай киши мени угуп, мен алып келген нерсеге ыйман келтирбестен көз жумса, ал тозок ээлеринен болот».** (Муслим риваяты).

Ал эми, Иброхимийлик дининин акыйкаты жөнүндө айтсак, Иброхим عليه السلام пайгамбарлардын атасы болуп, Аллах Таала ал кишини өз доорунда адамдарды буттарга ибадат кылуудан жалгыз Аллахка ибадат кылууга чакыруу үчүн жөнөткөн. Аллах Таала Куръани каримде ал кишинин динин жана багытын сыпаттап, нукура мусулман болгонун айтып мындай деген:

﴿مَا كَانَ إِبْرَٰهِيمُ يَهُودِيًّا وَلَا نَصْرَانِيًّا وَلَٰكِن كَانَ حَنِيفًا مُّسْلِمًا وَمَا كَانَ مِنَ ٱلْمُشْرِكِينَ﴾

***«Иброхим яхудий дагы, насроний дагы эмес, тескерисинче ханиф мусулман болгон. Ал мушриктерден да болбогон»*** [Али Имрон:67]

«Ханиф» сөзүнүн мааниси батылдан акыйкатка моюн сунуучу дегени. «Ханиф» «жаниф» сөзүнүн тескериси, «жаниф» акыйкаттан батылга моюн сунуучу дегенди түшүндүрөт. Яхудий жана насронийлер Расулуллах ﷺдын алдында талашып-тартышты. Яхудийлер «Иброхим яхудий болгон» дешсе, насронийлер «Иброхим насроний болгон» дешти. Ошондо Куръани Карим аларды жетик көрүнүштө четке кагып мындай деди:

﴿يَٰٓأَهْلَ ٱلْكِتَٰبِ لِمَ تُحَآجُّونَ فِىٓ إِبْرَٰهِيمَ وَمَآ أُنزِلَتِ ٱلتَّوْرَىٰةُ وَٱلْإِنجِيلُ إِلَّا مِنۢ بَعْدِهِۦٓ ۚ أَفَلَا تَعْقِلُونَ﴾

***«Эй, ахли китеб, эмне үчүн Иброхим жөнүндө талашасыңар! Акыры, Таурот да, Инжил да андан кийин түшкөнү анык го! Акыл иштетпейсиңерби?!»*** [Али Имрон:65]

Аяттар минтип уланат:

﴿مَا كَانَ إِبْرَٰهِيمُ يَهُودِيًّا وَلَا نَصْرَانِيًّا وَلَٰكِن كَانَ حَنِيفًا مُّسْلِمًا وَمَا كَانَ مِنَ ٱلْمُشْرِكِينَ﴾

***«Иброхим яхудий дагы, насроний дагы эмес, тескерисинче ханиф мусулман болгон. Ал мушриктерден да болбогон»*** [Али Имрон:67]

Бузгунчу яхудийлик да, насронийлик да – Аллахка ширк келтирген диндер. Аллах Таала алардын мушриктигин мындайча баян кылат:

﴿وَقَالَتِ ٱلۡيَهُودُ عُزَيۡرٌ ٱبۡنُ ٱللَّهِ وَقَالَتِ ٱلنَّصَٰرَى ٱلۡمَسِيحُ ٱبۡنُ ٱللَّهِۖ ذَٰلِكَ قَوۡلُهُم بِأَفۡوَٰهِهِمۡۖ يُضَٰهِـُٔونَ قَوۡلَ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِن قَبۡلُۚ قَٰتَلَهُمُ ٱللَّهُۖ أَنَّىٰ يُؤۡفَكُونَ﴾

***«Яхудийлер: «Узайр Аллахтын уулу», - дешти. Насронийлер: «Масих Аллахтын уулу», - дешти. Бул алардын ооздорундагы** (далилсиз) **сөздөрү. Алардын бул сөздөрү куду мурунку кафир адамдардын сөзүнө окшойт. Аларды Аллах каргасын! Кандай гана адашышууда!»*** [Тавба 30]

﴿إِنَّ أَوۡلَى ٱلنَّاسِ بِإِبۡرَٰهِيمَ لَلَّذِينَ ٱتَّبَعُوهُ وَهَٰذَا ٱلنَّبِيُّ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْۗ وَٱللَّهُ وَلِيُّ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ﴾

***«Адамдардын Иброхимге жакынырагы – анын жолун ээрчигендер, мына бул пайгамбар** (Мухаммад алайхис-салам) **жана ыйман келтиргендер. Аллах – момундардын досу»*** [Али Имрон 68]

Эми, муминдер Иброхимге акылуу экендигинин себеби жөнүндө айта турган болсок, мусулмандар Аллахты жалгыздап, Ага эч нерсени шерик кылышпагандай, Иброхим (алайхиссалам) Аллахты жалгыз деген жана Ага ширк келтирбеген ханиф киши болгон.

Ал эми, ушул Иброхимийлик динине чакырган бүгүнкү үгүттүн акыйкатына келсек, ал адаштыруу, бузуу жана Аллахтын жолунан тосуу болуп, алар минтип динди бузууну көздөшөт. Динди бузуу жана адаштыруу жаңы нерсе эмес. Аллах Таала бул жөнүндө "Зирор масжиди" туурасындагы киссада мисал келтирген. Мунафик кафирлер мындай чакырык менен динди бузууну көздөшкөн эле. Ошол кезде бул иш Зирор масжидинин курулушунда ачыкталды. Бүгүнкү күндө болсо ал Иброхим عليه السلامдын динине чакырууда өз тастыгын табууда.

﴿وَٱلَّذِينَ ٱتَّخَذُواْ مَسۡجِدٗا ضِرَارٗا وَكُفۡرٗا وَتَفۡرِيقَۢا بَيۡنَ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ وَإِرۡصَادٗا لِّمَنۡ حَارَبَ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ مِن قَبۡلُۚ وَلَيَحۡلِفُنَّ إِنۡ أَرَدۡنَآ إِلَّا ٱلۡحُسۡنَىٰۖ وَٱللَّهُ يَشۡهَدُ إِنَّهُمۡ لَكَٰذِبُونَ﴾

***«Дагы ушундай адамдар да бар. Алар** (момундарга) **зыян келтирүү, куфрду күчөтүп жана момундарды бөлүп жаруу, ошондой эле илгери Аллахка жана Анын пайгамбарына каршы согушкан адамга көз тутуу үчүн масжид куруп алышкан. Дагы: «Биз жалаң жакшылыкты гана каалаган элек», деп ант да ичишет. Аллах алардын шек-күмөнсүз жалганчылар** (экендигине) **күбөлүк берет»*** [Тавба 107]

Ооба, бул нерсени тышынан караганда адамдарды Иброхим عليه السلامдын дини айланасында бириктирүүдөй болуп көрүнүүдө. Бирок, максад адамдарды бириктирүү жана жамдоо эмес. Тескерисинче, бул Аллахтын туура динине каршы күрөшүү услубдарынын бири. Бул

чакырык жана диндерди жакындаштыруу, ынтымакта жашоо, диндердин биримдиги, экстремизмге каршы күрөшүү жана адаштыруучу муътадилдикке чакырган үгүттөр бузгунчу ийгиликсиз чакырыктар. Алар Аллахтын дининин жана Ислам Умматынын душманы болгон кылмышкер Батыш каалагандай өз натыйжасын бербеди.

**Бул бузгунчу чакырыктын максаддарына келсек,** анын айрым максаддарын (анткени, анын максаддары абдан көп) ачыктоодон мурун ушуну айтабыз:

1 – Исламий фикир Батыш фикирлери, яхудийлик жана насронийликтен турган бузгунчу иътикаддар менен кагылышканда Батыш ийгиликсиздикке учурады. Бул болсо Аллах Тааланын фазилети жана ушул динди сакташы себебдүү жүз берди.

﴿إِنَّا نَحْنُ نَزَّلْنَا ٱلذِّكْرَ وَإِنَّا لَهُۥ لَحَٰفِظُونَ﴾

***«Албетте, бул эскертмени*** *(Куранды)* ***Биз Өзүбүз түшүрдүк, шексиз, Өзүбүз аны сактоочубуз»*** [Хижр 9]

2 – Ислам дини өткөн кылымдын акырында жана ушул кылымдын башында дүйнөгө кеңири жайылды. Анткени, Америкада изилдөө борборлору – Европа жана башка мамлекеттерди эсепке албаганда – Американын өзүндө эле жыл сайын жыйырма миңге жакын киши Исламга кирип жатканын жарыялаган.

3 – Батыш тынчтык келишимдерин түзгөнүнө, изилдөө борборлорун ачканына жана өкүмдарларга көз каранды адаштыруучу уламаларды ишке салганына карабастан, мусулмандардын элесиндеги яхудийлердин көрүнүшүн өзгөртө албады жана яхудийлерди кабыл алдыра албады. Себеби, Аллах Тааланын сөзү муминдердин жүрөгүндө бекем орношкон:

﴿لَتَجِدَنَّ أَشَدَّ ٱلنَّاسِ عَدَٰوَةً لِّلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱلْيَهُودَ وَٱلَّذِينَ أَشْرَكُواْ﴾

***«Момундарга эң катуу душмандык кылуучу адамдар яхудийлер жана мушриктер экенине күбө болосуң»*** [Моида 82]

4 – Ислам менен өкүм жүргүзүүнү кайра тикелөөгө чакырган даъватты мусулмандар кабыл алышты. Бул нерсе көпчүлүк мусулмандарда коомдук фикирге айланды. Бул болсо, кафирлердин кыжырын келтирип, мусулмандарды дининен тосуу жолдорун издөөгө түрттү.

Түпкүлүгүндө, бул чакырыктан (Иброхимийлик дининен) көздөлгөн максаддар ушулар: Аллах Тааланын дининен тосуу, Ислам Умматынын, Фалестин калкынын жана мубарак жердеги ыйык жайлардын, өзгөчө Масжидул Аксанын эсебинен сионисттик долбоорго хызмат кылуу о.э. Ислам башкаруусун кайра тикелөөнү

көздөгөн улуу исламий долбоорго каршы күрөшүү. Ал эми, жаңы кресттүүлүк жүрүштөр жана глобалдуу сионизмдин өкүлү болгон Батыш бул чакырыктан кантип файдаланып жатканына келсек, ушул батыл чакырыктын тарыхына жана кантип бүгүнкү баскычка келгенине бир аз кайтуу лазым. Бул жөнүндө кыскача айтып өтөмүн, себеби, бул маселе талкуубуздагы негизги тема эмес.

Ислам даъватынын башталышы т.а. яхудий жана насронийлер биз Иброхимге акылуубуз, биз анын жолундабыз жана шариатындабыз деп мусулмандарды адаштырууну көздөшкөндө, жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Куръан аларды жетик көрүнүштө четке какты. Аббасийлер Халифалыгынын доорунда зиндиктердин айрымдары бул чакырыкты кабыл алышты. Алар дахрийлер жана вахдатул вужуд даъватчылары деп аталды. Халлаж жана башкалар ошолордон болгон. Өткөн кылымдын он тогузунчу жылдары Луи Массиньон деген чыгыштаануучу пайда болду жана Халлаж жөнүндө бир канча китеб жазды. Андан соң, диндердин биримдиги жана Иброхимий дини түшүнүгүн кабыл алды. Ал Каир университетинде сабак берип, "Исламий дүйнөсүнүн журналына" Иброхимий дини жөнүндө бир нече макала жазды. Ал 1949-жылы «Бардык муминдердин атасы Иброхимдин үч намазы» деген аталышта жарыяланган макаласында да ушул жөнүндө жазган. Андан кийин франциялык чыгыштаануучу Максим Родинсон 1979-жылы «Арабдар» деген китеб жазып, анда диндердин биримдиги жана Иброхимий дини жөнүндө айткан.

Бу даъват сионистик долбоорго хызмат кылган көптөгөн саясий максаддарга шайкеш келет. Бул макалабызда аларга кыскача токтолобуз. Биринчи кадамдар Мисир президенти Анвар Садат 1979-жылы Кэмп-Дэвид келишимин түзгөндө башталды. Садат, Америка президенти Жимми Картер жана яхудий вужудунун премьер-министри Менахем Бегин «Иброхимдин балдары» деген сөздү айтышып, мындай дешкен: «Биз баарыбыз араб жана яхудийлер Иброхимдин перзенттерибиз, ошондуктан ортобузда тынчтык болушу лазым».

Исламга, экстремизмге жана исламий жамааттарга каршы күрөшүү багытын алган РАНД корпорациясы сыяктуу айрым Америка уюмдары ушул аталышты кабыл алды. БУУ сыяктуу эл аралык уюмдар 2001-жылы ушул маселе жөнүндө «Диндер аралык диалог жана бөлүнүүнү токтотуу» деген изилдөөнү жарыялады. Бул диндер биримдиги жана Иброхим عليه السلام динине чакырган негизги даъваттардын бири болду. 2021-жылы папа Франциск сыяктуу айрым Ватикан жетекчилери да бул фикирди кабыл алды. Ал Ирактын Ур шаарында «Иброхимий дини» жана исламий экстремизмге каршы күрөшүү ураанын астында диндердин биримдигине чакырды.

Жакында Бириккен Араб Амирликтери жана Бахрайн «Иброхимий үйү» деп аталган үч дин үчүн жалпы ибадатkананы курууга киришишти. Алардын курулушу 2022-жылы т.а. ушул жылы бүтөт. Бул жаңы даъваттын артында негизинен яхудий вужуду менен алакаларды нормалдаштыруу жана нормалдаштырууну тездетүү маселеси турат. 2020-жылы ушул адаштырууну жарыялоо ырасымына Америка президенти Трамп жеке өзү катышты.

Теманын экинчи тарабына т.а. ушул адаштыруучу даъваттан көздөлгөн максаддарга келдик: яхудий жана насронийлер бул чакырык аркылуу чынында эле мусулмандарга хызмат кылууну каалашабы? Же туура исламий фикирди ойрон кылып, башка саясий максадды ишке ашырууну каалашабы?! Ушул жаңы даъваттын эң кооптуу тарабы ушул – бул чакырыктан «акыйкат Ислам Умматына жана Фалестин калкына гана таандык эмес», «Фалестин жери жөнүндө келген исламий хукмдар диндердин биримдиги жана негиздин биримдиги (Иброхим балдары) аркылуу четке кагылат» сыяктуу ураандар менен яхудий вужудун бекемдөө жана аны Фалестин жеринде бекем орнотуу көздөлгөн. Андыктан, алар дин жана жерде шериктеш, жер Фалестин калкына гана таандык эмес деген этибарда яхудий вужудун Фалестин жерине орнотушту.

Экинчи маселе: Акса Фалестин калкынын жана мусулмандардын гана эмес, Иброхим балдарынын диний мурасы деген бузгунчу фикир. Ошондуктан, мусулмандар сыяктуу яхудийлер да ал жерде өз ибадаттарын аткарышы мүмкүн. О.э. диндердин биримдигине таянып, мусулмандар сыяктуу алар да ал жерде жашашы мүмкүн.

Үчүнчү маселе: яхудийлерге карата диний душмандыкты токтотуу жана Аллах Таала:

﴿لَتَجِدَنَّ أَشَدَّ ٱلنَّاسِ عَدَٰوَةً لِّلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلَّذِينَ أَشۡرَكُواْ﴾

***«Момундарга эң катуу душмандык кылуучулар яхудийлер жана мушриктер экенине күбө болосуң»*** [Моида 82]

деген сөзү сыяктуу ушул маселеге алакадар бардык аяттарды бекер кылуу. О.э. диндердин биримдигине каршы болгон бардык жамааттарга каршы күрөшүү жана аларды экстремист жамаат деп эсептөө жана камакка алуу.

Төртүнчү маселе: Фалестинге каршы эл аралык тил бириктирүүлөрдү, өзгөчө 1967-жылы БУУ тарабынан чыгарылган №242-резолюцияны бекемдөө. БУУ кыйла мурун бул ыфлас даъватты (Иброхимий динин) кабыл алган жана Ватикан папасы Франциск ага бареке тилеп бата кылган.

Жогоруда айтылгандар мусулмандар менен Исро жана миъраж жерин басып алган яхудийлер ортосундагы душманчылыкка байланыштуу кара ниет максаддардын айрымдары.

Ал эми, бул ыфлас максаддарга каршы күрөшүүгө келсек, акыйкат ушул: Исламий Уммат бул нерселерден хабардар. Нормалдаштырууга болгон мурунку аракеттер жана тынчтык түшүнүктөрүн орнотуу маселелери ийгиликсиздикке учураган. Бул жөнүндө яхудий вужудунун премьер-министри 1978-жылы түзүлгөн Кэмп-Дэвид келишиминен 40 жыл өткөндөн кийин Кнессеттеги сөзүндө мындай деген: «Коңшулаш мамлекеттердеги айрым режимдер менен суук тынчтык келишимин түздүк... Бирок, биз алардын калктары менен тынчтык таба албадык».

Бул каранием даъваттарга каршы туруудагы биринчи аракет – яхудий жана насронийлердин кафирлиги тууралсындагы акидавий түшүнүктөрдү бекемдөө керек. О.э. алар Иброхим ﵇дын жолун жолдоочулар эместиги, Иброхим ﵇ алардан жана алардын ширкинен таза экендиги жөнүндөгү түшүнүктү бекемдөө лазым.

﴿وَقَالَتِ ٱلۡيَهُودُ عُزَيۡرٌ ٱبۡنُ ٱللَّهِ وَقَالَتِ ٱلنَّصَٰرَى ٱلۡمَسِيحُ ٱبۡنُ ٱللَّهِۖ ذَٰلِكَ قَوۡلُهُم بِأَفۡوَٰهِهِمۡۖ يُضَٰهِـُٔونَ قَوۡلَ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِن قَبۡلُۚ قَٰتَلَهُمُ ٱللَّهُۖ أَنَّىٰ يُؤۡفَكُونَ ۝ ٱتَّخَذُوٓاْ أَحۡبَارَهُمۡ وَرُهۡبَٰنَهُمۡ أَرۡبَابٗا مِّن دُونِ ٱللَّهِ وَٱلۡمَسِيحَ ٱبۡنَ مَرۡيَمَ وَمَآ أُمِرُوٓاْ إِلَّا لِيَعۡبُدُوٓاْ إِلَٰهٗا وَٰحِدٗاۖ لَّآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَۚ سُبۡحَٰنَهُۥ عَمَّا يُشۡرِكُونَ﴾

***«Яхудийлер: «Узайр Аллахтын уулу», - дешти. Насранийлер: «****(Ийса)* ***Масих Аллахтын уулу», - дешти. Бул алардын ооздорундагы*** *(далилсиз)* ***сөздөрү. Алардын бул сөздөрү кудум мурунку кафир адамдардын сөзүнө окшойт. Аларды Аллах каргасын! Кандай гана адашышууда! Алар Аллахты коюп өздөрүнүн даанышмандарын жана рахибдерин*** *(монахтарын),* ***ошондой эле Масих бинни Мариямды Кудай деп билишти. Акыйкатта болсо, Жалгыз Аллахка гана пенделик кылууга буйрулушкан эле. Эч бир илах жок, Ал Өзү гана бар. Ал алардын*** *(кошкон)* ***шериктеринен аруу»*** [Тавба 30-31]

Экинчи нерсе: жалпы кафирлер жөнүндө душмандык түшүнүгүн бекемдөө.

﴿لَّا تَجِدُ قَوۡمٗا يُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ يُوَآدُّونَ مَنۡ حَآدَّ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ وَلَوۡ كَانُوٓاْ ءَابَآءَهُمۡ أَوۡ أَبۡنَآءَهُمۡ أَوۡ إِخۡوَٰنَهُمۡ أَوۡ عَشِيرَتَهُمۡۚ﴾

***«Аллахка жана Ахырет күнүнө ыйман келтирген коом Аллах жана Расулу сызган сызыктан чыккан кимселер менен – ал тургай,***

***алар алардын аталары, же уулдары, же ага-инилери, же тууган-уруктары болушса да – достошуп жатышкандарын көрбөйсүң»*** [Мужадала 22]

Биз менен куфр ортосундагы душмандыктын тамыры акидавий душманчылыкка барып такалат! Тарыхый, же кандайдыр бир мекенге, же жайга таандык душмандык эмес. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَا يَزَالُونَ يُقَٰتِلُونَكُمْ حَتَّىٰ يَرُدُّوكُمْ عَن دِينِكُمْ إِنِ ٱسْتَطَٰعُوا۟ ۚ وَمَن يَرْتَدِدْ مِنكُمْ عَن دِينِهِۦ فَيَمُتْ وَهُوَ كَافِرٌ فَأُو۟لَٰٓئِكَ حَبِطَتْ أَعْمَٰلُهُمْ فِى ٱلدُّنْيَا وَٱلْءَاخِرَةِ ۖ وَأُو۟لَٰٓئِكَ أَصْحَٰبُ ٱلنَّارِ ۖ هُمْ فِيهَا خَٰلِدُونَ﴾

***«Алар, эгер колдорунан келсе, диниңерден кайтарганга чейин силерге каршы согуша беришет. Силерден ким өз дининен кайтып, динсиз абалда өлсө, андай кимселердин кылган амалдары дүйнө жана Ахыретте текке кетет, алар тозок ээлери жана анда түбөлүк калышат»*** [Бакара 217]

Үчүнчү нерсе: яхудий вужуду менен боло турган ар кандай нормалдаштырууга же Аксаны бөлүү аракеттерине каршы туруу. Бул Бириккен Араб Амирликтери тарабынан болобу же эл аралык жана жергиликтүү уюмдар тарабынан болобу, анын айырмасы жок.

Төртүнчү нерсе: исламий башкаруунун көлөкөсүндөгү Ислам улуулугун кайра тикелөө үчүн аракет алып баруу. Муну менен, зыяндуу башкаруу саясындагы бул тил бириктирүүгө каршы амалда иш алып барылышы керек.

Жыйынтык катары ушуларды айтабыз, кафирлер мусулмандарды адаштыруу үчүн илгертен көп иштерди жасап келишкен. Лекин, Аллах Таала бул Умматтын перзенттери арасынан Исламды коргоочуларды даярдап чыгарды. Бул нерсе Аллах Таала жер жана андагы нерселерди кайтарып алганга чейин уланат. Муну Аллах Тааланын ушул сөзү да тасдыктайт:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ يُنفِقُونَ أَمْوَٰلَهُمْ لِيَصُدُّوا۟ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِ ۚ فَسَيُنفِقُونَهَا ثُمَّ تَكُونُ عَلَيْهِمْ حَسْرَةً ثُمَّ يُغْلَبُونَ ۗ وَٱلَّذِينَ كَفَرُوٓا۟ إِلَىٰ جَهَنَّمَ يُحْشَرُونَ﴾

***«Албетте, кафир кимселер байлыктарын Аллахтын жолуна тосуу үчүн иштетишет. Анан, аны сарпташат го, кийин ошол*** *(байлыктары)* ***өздөрүнө өкүнүч болот, кийин жеңилишет. Кафир болгон кишилер жаханнамга топтолушат»*** [Анфал 36]

﴿يُرِيدُونَ أَن يُطْفِـُٔوا۟ نُورَ ٱللَّهِ بِأَفْوَٰهِهِمْ وَيَأْبَى ٱللَّهُ إِلَّآ أَن يُتِمَّ نُورَهُۥ وَلَوْ كَرِهَ ٱلْكَٰفِرُونَ ۞ هُوَ ٱلَّذِىٓ أَرْسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلْهُدَىٰ وَدِينِ ٱلْحَقِّ لِيُظْهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ وَلَوْ كَرِهَ ٱلْمُشْرِكُونَ﴾

***«Алар Аллахтын нурун ооздору менен өчүрмөкчү болушат, Аллах болсо,*** *(кафирлер)* ***каалашпаса да Өз нурун толук жаюуну каалайт. Ал*** *(Аллах)* ***Өз Расулун хидаят жана хак дин менен – муширктер каалашпаса да – бардык диндерге үстөм кылуу үчүн жиберген»*** [Тавба 32-33]

О.э. Расулуллахтын ушул хадиси да тасдыктайт:

«**لَا تَزَالُ طَائِفَةٌ مِنْ أُمَّتِي عَلَى الدِّينِ ظَاهِرِينَ، لِعَدُوِّهِمْ قَاهِرِينَ، لَا يَضُرُّهُمْ مَنْ خَالَفَهُمْ إِلَّا مَا أَصَابَهُمْ مِنْ لَأْوَاءَ حَتَّى يَأْتِيَهُمْ أَمْرُ اللَّهِ وَهُمْ كَذَلِكَ**. قَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ، وَأَيْنَ هُمْ؟ قَالَ: **بِبَيْتِ الْمَقْدِسِ وَأَكْنَافِ بَيْتِ الْمَقْدِسِ**»

**«Умматымдан бир тайпа кишилер динде үстөм болууну жана душмандарын жеңүүнү токтотпойт. Каршы чыккандар аларга зыян жеткире албайт. Аларга түрдүү азаб-укубаттар жетет. Аллахтын амри келгенге чейин алар ушундай абалда турушат».** Ошондо сахабалар: «Оо, Аллахтын Расулу, алар каякта болушат», - деп сурашканда, Расулуллах ﷺ: **Байтул Макдис жана анын айланасында,** - деп жооп берди». (Имам Табароний чыгарган).

Аллах Тааладан мушриктердин Ислам Умматына каршы айла-амалдарын кыйратууну, Салахиддин Айюбийдей Акса масжиди жана анын айланасындагы жерлерди яхудийлердин ыфластыгынан тазалай турган жана Ислам Умматын бир мамлекетте бириктире турган Роббаний жетекчи менен сыйлашын сурайбыз. Ал ушундай мамлекет, Аллахтын шариатын колдонот жана хурофот, бузулууларды жана адаштырууларды жок кылат. Аллахым, Өзүң дуаларыбызды кабыл алгын. Акыркы дуабыз ааламдар Роббиси Аллахка мактоо айтуу. ❑

## ЛЮДОВИК ТОГУЗУНЧУНУН ИЗИНЕН... МУСУЛМАНДАРГА КАРШЫ СОГУШТАР УЛАНУУДА

**Муса Абдушшакур Халил**

**Ислам душмандары мусулмандардын күч-кубаты алардын дининде экенини аңдап жетишти. Т.а. ушул акида астында биригүү, анын өкүмдөрүн бекем кармоо, улут жана түсү ар түрдүү болгонуна карабастан, дин аларды бириктире турган исламий бурадарлык байланыштары менен биримдүү экенин түшүнүп жетишти. Ошондуктан, кафирлер мусулмандардын акида жөнүндөгү түшүнүктөрүн бузуу жана шариат өкүмдөрүнө садыктыгын суздатуу лазым о.э. бурадарларды өз ара байлап турган жана алардан душман эсепке албаса болбой турган күчтү пайда кылып жаткан бурадарлык байланыштарды үзүү керек деген чечимге келишти. Бул нерсе Ислам жана мусулмандарды жек көрүү, аларга айла-амал кылуу, фикирий жана сакофий жактан аларды бузуу үчүн кафирлердин туруктуу адатына айланды. Ал эми, мусулмандар менен куфр ортосундагы душмандык Аллах Таала жер жана андагы нерселерди кайра мурас кылып алганга чейин уланат. Себеби, ал болушу анык мыйзам болуп, заман жана мекенге карап услубдары түрдүү болот. Анын баскычтарынын табиатына карап кагылышуу да түрдүү болот.**

Ислам мусулмандарды кафир калктардан таасирленүүдөн жана алардын жолдоруна кадам шилтөөдөн эскерткен. Кафирлерди социалдык, экономикалык жана саясий пландарды түзүп берчүү дос кылып алуудан кайтарган. О.э. аларга бул нерсе Аллахтын манхажына тескери экенин баян кылып, муну Роббаний буйруктарга ачык каршылык деп эсептеген.

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلنَّصَٰرَىٰٓ أَوۡلِيَآءَۘ بَعۡضُهُمۡ أَوۡلِيَآءُ بَعۡضٖۚ وَمَن يَتَوَلَّهُم مِّنكُمۡ فَإِنَّهُۥ مِنۡهُمۡۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي ٱلۡقَوۡمَ ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

***«Эй, момундар, яхудийлер жана насронийлерди дос тутпагыла! Алардын айрымдары айрымдарына дос. Силерден ким аларга дос болсо, анда, ал ошолордон. Албетте, Аллах залим коомду хидаят кылбайт»*** [Маида 51]

Кафир калктардын услубдарынын бири: мусулман перзенттерин тартуу, аларга Батыш көз карашын сиңдирүү, мусулман өлкөлөрүнө согуш кылууда жана аларды аскерий жол менен басып алууда жардам бериши үчүн алардан файдалануу, исламий дүйнөгө экономикалык өкүмдар болуу жана аларды майда мамлекетчелерге бөлүп салуу.

Мындан да кооптуусу Исламга сокку берип, аны терроризмде айыптоо... Батышка көз карандылык саясий жана аскерий тармакка чектелип калбады, ал сакофий жана социалдык тармактарды да камтып алды. Сакофий майданда исламий дүйнөнү Батыштын фикирий түзүмүнө кошуу үчүн кафирлердин байрагы астында иштеген бузгунчу батышташкан илманий тайпа өкүмдарлык кылды. Ал эми, көздөлгөн максад – исламий өздүккө чекит коюу жана Умматтын өзгөргүс баалуулуктарынын ордуна Батыш баалуулуктарын киргизүү.

Аллахтын жолунан тосуулар эки жүз жыл мурун башталды. Бул Мисирде туткунга алынып, кийин туткундарды алмаштыруунун натыйжасында азат кылынган Франция королу Людовик тогузунчу керезинин уландысы. Ал мусулмандарды фикирий жактан жеңүү зарылдыгын сунуштады, себеби исламий кошуун жеңилгис эле. Ошентип, Людовик тогузунчу Исламга каршы фитна пландарын иштеп чыкты. Алар ушул негиздерге курулган:

Биринчи: аскерий кресттүүлүк жүрүштөрдү ушул максадды көздөгөн тынчтык кресттүүлүк жүрүштөрүнө айлантуу. Эки жүрүштүн ортосундагы айырма ушул жүрүштөрдө колдонула турган куралдарда гана.

Экинчи: Исламий таълимге каршы күрөшүү, анын жайылышын алдын алуу, анын маңызын жок кылуу үчүн Батыштык миссионерлерди тынчтык согушуна сапарбар кылуу жана аларды Батыш кошуундары деп эсептөө.

Үчүнчү: Батыштын саясатын жүзөгө чыгарууда «чыгыш насронийлеринен» файдалануу.

Төртүнчү: Батыш үчүн мусулман дүйнөсүнүн так борборунда база орнотуу. Батыш аны өзүнүн аскерий күчтөрү, саясий жана диний даъваты үчүн борбордук чекит кылат. Людовик тогузунчу бул база үчүн Ливандын жээктерин жана Фалестинди тандаган.

Людовиктин сунушу Батыш миссионердик жана чыгыштаануу институттарынын жардамында түзгөн планга негиз болду. Анын эң маанилүү вазыйфасы исламий түшүнүктөр жөнүндө шек-күмөн жаратуу болгон. Андан кийин Мальта жарым аралына биринчи миссионердик топ жөнөтүлдү жана бул түрдүү аталыштар астында Бейрут тарапка кеңейди. Андан соң, пландалгандай Ливан жана Фалестин Батыштын базасына айланды. Ушул сунуштар Исламга каршы күрөшүү жана аны тамыры менен жок кылуу үчүн бардык насроний мамлекеттер тарабынан кабыл алынды.

Батыш ушул пландын негизинде муфаккирлер, назариятчылар жана маалымат каражаттарынан турган кошуун түздү. Натыйжада, биринчи жолу Халифалык мусулмандардын жашоосунан четтетилди.

Шурунун жиби үзүлүп, мончоктору чачылып кетти. Усманий мамлекет бөлүктөргө бөлүнүп, канкорлор анын мурасын алышты. Ошентип, исламий дүйнөнүн башына көз карандылык, кыйроо, талап-тоноочулук, мал-мүлк жана ресурстарды уюшкан абалда талап-тоноо түштү. Кафирлер аскерий согуштарда жетишкен нерселерден да көбүрөгүнө жетишти.

Бул план ийгиликтүү болгон соң, кафирлер исламий дүйнөнү кыйроодо кармап турган, мусулмандар жана алардын өлкөлөрү үстүнөн туруктуу көзөмөлдү кепилдеген бардык шарттарды кармоого шашылышты. Кафирлер Батышка көз карандылык оорусу кан аркылуу өтө турган ооруга айланышы үчүн Франция королу Людовик тогузунчунун сунуштарынан илхамданышты. Алар бул сунушту колонизаторлуктун үч жолу: миссионердик, чыгыштаануучулук жана батышташтыруу аркылуу ишке ашырууга киришти. Анын дастурлары арасында ушулар орун алган: бузгунчу даъваттарды жана жахилият көз караштарын кайра тикелөө, урпак-муундун дин жана Ислам сакофатына кайтышына жол бербөө үчүн булактарды жок кылуу, мусулмандардын өздөрүнө жана динине болгон ишенимин жоготуп, ар бир иште Батышты тууралашы жана кафирдин кучагына ашыгышы үчүн алардын жүрөгүндө күмөн ойготуу жана араб улутчулдугу, фарс улутчулдугу, түрк улутчулдугу сыяктуу жахилияттан калган түшүнүктөрдү кайра тирилтүү... Мындай түшүнүктөр адамдар Исламга кирип, Ислам алардын жүрөктөрүндө бекем жайгашкандан кийин жок болуп кеткен эле.

Ушул пландын негизинде мусулмандардын ортосундагы бурадарлык түшүнүгү талкаланды. Бул нерсе мекенчилдик алакасын тикелөө, исламий калктар арасында жаңжал чыгаруу, мусулмандардын өлкөлөрүнө жана региондоруна чегараларды орнотуу аркылуу ишке ашырылды... Кафирлер негизги этибарын мусулмандардын биримдигинин жана нусратынын белгиси болгон, кафирлердин жеңилүүсүнүн жана коркуусунун булагы болгон исламий халифага сокку берүүгө каратышты.

Батыш ушул пландын негизинде Ислам жөнүндө күмөн ойготууга киришип, өзүнүн стандарттары боюнча заманга ылайык келген муътадил исламды белгиледи жана аны «фундаменталдык», «экстремистик» жана «террористтик» Исламдан бөлдү... О.э. таълим дастурларын түзүүгө, миссионердик университеттерди жана мектебдерди түзүүгө киришти. Буга кошумча, насронийлештирүүгө, байыркы хазараттарды тирилтүүгө жана мусулмандарды Фиръавн жана Кинана хазараты сыяктуу байыркы хазараттарга байлоого чакырган шектүү клуб жана коомдорду түздү. Мына, бүгүнкү күнгө

келип бардык диндерге – алар айткандай – альтернатива жаңы дүйнөлүк бир динди жаратуу аркылуу диндердин биримдигине чакырышууда.

Бүгүнкү күндө Ислам дүйнөсү ушул план себебдүү мусулмандардын акидасын жана биримдигин бутага алган тил бириктирүү жана айла-амал караңгылыгында жашоодо. Батыш бул ишти ага көз каранды режимдер, илманий партиялар, Батышка хызмат кылган муфаккирлер жана батышташкан кимселер менен жакын кызматташтыкта ишке ашырууда. Карамүртөз Батыш күчтөрү түрдүү фитналарды чыгарууга жана аларды ошол малайлары аркылуу ыфлас көрүнүштө аткарууда. Ошондуктан, Батыштын исламий өлкөлөрдөгү бүгүнкү саясаты түрдүү каражаттарды ишке салды. Максад – Батыштын бүгүнкү саясаты кресттүүлүк жүрүштөрүнүн уландысы деген нерсени мусулмандардын зээнинен чыгаруу.

Ислам жана мусулмандарга каршы күрөштөгү бул саясаттар кээде каршы туруу, кээде курчап алуу жана адаштыруу услубдарын камтыйт:

– Исламий дүйнөдөгү чалгындоо хызматтары кылгандай, алдап азгыруу жана коркутуу...

– Фикирлерге күмөн ойготуу, аты гана исламий болгон, Батыш каалагандай жана анын стандарттарына ылайык аракет кылган кыймылдарды пайда кылуу жана суфилик кыймылдарды кабыл алуу. Анткени, Батыш суфизмде алгырлык жок, мас кылган фикирлер бар экенин жана түрдүү диндер ортосунда кызматташуу факторлорун өз ичине алганын, өз кезегинде, Батыш пландагандай, бул нерсе диндерди бириктирүүгө хызмат кылышын эсепке алды.

– Масжиддерди көзөмөлгө алуу жана масжидге баргандарды маскаралап, кемсинтүү...

– Мусулман калктардын моралдык рухун сындыруу...

– Мусулмандар ортосунда бөлүнүүнү күчөтүү жана алардын кубат булактарынын бири болгон тилектештиктен алыстатуу...

– Көптөгөн жазуучуларды Исламды жамандап көрсөткөн макалаларды жазууга тартуу. Алар аң-сезимибизге уу фикирлердин кирип келишине салым кошот...

– Жихадды коргонуу согушу деп баяндоо жана жихад түшүнүгүн каршылык кыймылы түшүнүгүнө өзгөртүү.

– Шариатты баскычма-баскыч колдонуу...

– Исламий шариаттын жеке абалдарга тиешелүү жана ахлак сыяктуу бөлүгүн гана алуу жана Исламды толук колдонбоо...

– Мусулман үй-бүлө өздүгүн өчүрүү жана «эркиндик» байрагы астында ахлаксыздык жана бузукулукту жаюу...

– Акыйкаттарды өчүрүү жана Усманий мамлекеттин тарыхын бузуп көрсөтүү жана башка мусулман мамлекеттерге колонизатор мамлекет катары көрсөтүү...

– Камакка алуу, куугунтуктоо жана кыйноого салуу аркылуу жок кылуу. Ошондуктан, исламий дүйнөдөгү камактар абийир туткундарына толуп кеткен...

– Медиада бурмалоо услубун кармануу, Хизб-ут-Тахрир сыяктуу аң-сезимдүү, халыс исламий партияларды, уламаларды жана муфаккирлерди көрсөтпөө аркылуу жана мактоо же жамандоого жол бербестен чектөө. Бул алардын тууралыгы себебдүү жана мусулмандар алардан таасирленишинен коркушкандыктан кылынат...

– Коомдук фикирди көзөмөлдөө, адамдарды оппозиция жана өзгөрүү аракеттерине каршы коюу үчүн алардын мээсин өкүмдар режимдердин идеялары менен суугаруу...

Ооба, Ислам жана мусулмандарга каршы күрөш мурун да болуп келген, азыр да болууда. Бирок, ал түрдүү көрүнүштөргө ээ болуп, ачык карама-каршы келүүдөн качат. Бул анын Ислам мабдасы алдындагы фикирий банкроттугунун натыйжасы. Бул күрөш өкүмдар режимдер менен кызматташтык кылат. Батыш исламий өлкөлөрдү оболу фикирий жактан колония кылса, кийин саясий жана экономикалык колонияга айлантат.

Башка тараптан, Исламда мунун тескерисин көрөбүз. Себеби, Исламда кайрымусулмандардын иътикаддарына каршы күрөшүү жок. Аларга өз ибадаттарын аткаруусуна урухсат берилет жана коомдук жашоодо Исламды колдонуу менен чектелет. Халифалык мамлекетинде азчылыктар деген проблема болбойт, мафкуравий проблема болбойт. Ислам өкүмдөрү жарандарга амалда колдонулушу жана аларга адилет негизинде мамиле кылынышы куфр фикирлеринин автоматтык түрдө кыйрашына жана Ислам өкүмдөрү аларга табигый үстөм болушуна кепил. Ислам өкүмдөрү бардык жарандардын укуктарын кепилдеген. Мында алардын теги, түсү же дининин мааниси жок. Ислам мамлекетинде мусулман болбогон башка жарандар менен фикирий талкуу болот, бул алардын ишенимдерин өзгөртүү жана далилди далилге салыштыруу үчүн кылынат. О.э. аларды хикмат жана чырайлуу насихат менен даъват кылынат. Ушуну баса белгилөө зарыл, Ислам бардык жарандарынын укуктарын кепилдөө, мусулман жана кайрымусулмандарга адилеттик, ынсафтык жана кадыржамдык берүү үчүн жетиштүү мыйзамдарды иштеп чыккан.

Ал эми, мусулмандардын турмушунун бардык жактарына өкүмдар болуп турган ыфлас Батыш планына каршы туура каршылык – рошид Халифалыкты тикелөө жана Аллахтын шариатын өкүмдар кылуу.

Анткени, Ислам мамлекети жана анын имамы жат идеяларга, баскынчы кошуундарга жана жашыруун фикирлерге каршы бекем калканга айланат. Андыктан, шариат өкүмдөрүнө кайтуу, аларды бекем кармоо жана Аллахтын жолунан тоскон ар кандай аракетке каршы туруу лазым. О.э. өкүмдарлардын малайлыгын, «муфаккир» жана «жазуучулардын» бетин ачуу, карамүртөз идеяларга чакырган жана аларды үгүттөгөн бардык жарчылардын үнүн басуу о.э. маалымат каражаттарын, алардын өкүмдар режимдерге малайлыгын жана кафир Батыш мамлекеттери болгон кожоюндарына хызмат кылышын ачыктоо керек.

Ушул жаңы планга каршы күрөшүү Умматка жана жаңы муунга Батыш мамлекеттеринин азыркы саясаттарына жаман күмөндө болуу зарылдыгын жана бул саясаттар орто кылымдардагы кресттүүлүк жүрүштөрүнүн уландысы экенин түшүндүрүүнү талаб кылат.

Корутунду катары ушуну айтабыз, Исламга душмандык кылган кафирдин бардык аракеттери жакында ийгиликсиздикке учурайт. Кафир мурунку кресттүүлүк жүрүштөрүндө жеңилүүгө учурагандай, Ислам кубаты жана акидасы алдында жеңилүүгө учурайт. Себеби, нусрат кушхабары көрүнө баштады. Халифалык мамлекетинин шооласы кайра жаңыдан нур чачат жана бардык адамдарга адилеттик, аманат жана укуктарды кепилдейт. Адамдар Исламдын адилети жана чырайлуу колдонулуусу себебдүү Аллахтын динине топ-топ болуп киришет. Исламий болбогон көпчүлүк иътикаддар жок болот. Ислам болсо бийиктейт. Аллахтан ушул нерсенин жакынкы күндөрдө болушун сурайбыз. ❑

## Кытай өз жарандарын күзөтүү үчүн дүйнө бойлоп 100 полиция бөлүмүн ачты

2022-жылы 4-декабрда Американын CNN маалымат агенттиги Пекин кытайлык жарандарды кысым менен көзөмөлдөө жана зарыл болгондо аларды Кытайга кайтаруу үчүн дүйнө бойлоп «Чет элдик полиция бөлүмдөрү» деген 100 бөлүм ачканы туурасында хабар берген. Хабарда айтылышынча, ушул борборлорду кеңейтүү үчүн Кытай айрым Европа жана Африка мамлекеттери менен коопсуздук келишимдерди түзгөн. Сентябрь айында Мадридде жайгашкан «Safequard Defenders» деп аталган адам укуктары уюму чет мамлекеттерде Кытайдын 54 ушундай борборлор бар экенин маалым кылды. Уюмдун отчётунда айтылышынча, Кытай полиция бөлүмү үчүн даярдалган Париждин четиндеги жайда аракет кылган жашыруун агенттер Кытай жаранын уурдап, аны мажбурий түрдө мекенине кайтарышкан. Уюм Европадан эки Кытай жараны: бири Сербиядан жана экинчиси Испаниядан мажбурдуу түрдө кайтарылганын ачыктады. Лекин, Пекин бул хабарды четке кагып, Кытай Тышкы иштер министрлиги ноябрда CNN телеканалына бул объектилер кытайлык иммиgranттарга жардам берүү үчүн түзүлгөн административдик борборлордон башка нерсе эместигини баса белгилеген. Ушул отчёттордун ачыкталышы кеминде 13 мамлекетте иликтөөлөр өткөрүлүшүнө алып келген. Бул Кытай менен бир канча мамлекеттер, анын катарында чоң кытай коому жашаган Канада ортосунда бир катар кескин дипломатиялык талаш-тартышууларга себеб болду.

**Ал-Ваъй:** Кытай саясий кысымдарды улантуу үчүн соттон тышкары каражаттардан файдалангандыкта айыпталган жалгыз мамлекет эмес. Маселен, Россия эки жолу мурунку тыңчыларды өлтүрүүдө кыйратуучу химиялык жана радиоактивдүү заттардан файдаланган деп айыпталган. Ал эми, АКШ Борбордук разведка башкармасы 11-сентябрь окуяларынан кийин терроризмге күмөн кылынган адамдарды Италия көчөлөрүнөн Кубадагы Гуантанамо камагына мажбурий өткөргөнү үчүн чуу-жаңжалга аралашкан. Бул – эл аралык токой мыйзамы.

## Эрдоган Асад режими менен мамилелерди нормалдаштырууга умтулууда

Эгер, Түркиянын билдирүүлөрүнүн тушунда Сирия режими менен Түркия ортосундагы мамилелер толук нормалдашуу баскычына жетсе, мындай суроо туулат: Түркия анын жеринде жүргөн Сирия

оппозициясы (коалиция, убактылуу өкмөт жана көпчүлүк активисттер) кандай позиция болот? Анын алдында кандай тандоо бар? Оппозиция бөлүнүп бытыранды болуп жүрөт, анда жаркын фикир жок. Эң маанилүүсү, элдин колдоосун жоготкон.

Сирия оппозициясынын саясий жана аскерий чечимине Түркия өкүмдарлык кылып жатат. Эч кандай каршылык болбойт, айрыкча, Сирия оппозициясы Астана жараянына катышып, анын бардык корутундуларына кол койгон соң, алардын Түркия менен Сирия режими ортосундагы нормалдашуу жараянына таасир кылышы күтүлбөйт. Алардын ортосундагы Сирия маселесине байланыштуу ар кандай сүйлөшүү Астанадагы 19 рауնддук сүйлөшүүлөрдө келишилген нерсеге негизделет. Эрдоган Асад менен жолугуу ыхтымалы жөнүндөгү суроого жооп берип, саясатта түбөлүк наараазылык же келишпестик болбостугун айтты. Согуш майданында болуп жаткан окуяларга келсек, Түркиянын расмий булактары Ал-Жазира телеканалына баса белгилешинче, Түркия Сирия демократиялык күчтөрү деп аталган, негизинен күрд элдик отряддарын Манбиж, Айнул Араб, Кобани жана Сириянын түндүгүндөгү Тал Рифъаттан чыгып кетүүнү шарт кылган. Булак кошумчалашынча, Анкара «Сирия демократиялык күчтөрүнө» альтернатива катары Сирия режиминин мекемелерин, коопсуздук күчтөрүн жана чегара сакчыларын кайтарууну шарт кылган.

**Ал-Ваъй:** албетте, Эрдоган Американын агенти болгон кылмыштуу Асад режимин чөккөн жеринен куткарып, Шам ыңкылабын жок кылуу саясатын алып барууда. Эрдоган Халаб шаарын, Манбиж жана Сириянын түндүк аймактарды кылмышкер режимге тапшыргандан кийин башка шаарларды да тапшырууну улантат. Эрдоган Асадга бүткүл Сирия аймагын көзөмөлдөөгө жана таасирин кеңейтүүгө жардам берүүдө... Лекин, Сирия ыңкылабы Аллахтын жардамы менен эч качан токтобойт. Себеби, бул ыңкылаб ага каршы ар кандай фитналардан күчтүү.

## Кошмо Штаттар бир жыныстагы нике эркиндигин жана аны коргоону камтыган мыйзам кабыл алды

«Хурра» хабарчысы маалым кылышынча, АКШ Конгрессинин өкүлдөр палатасы бир жыныстагы никелердин укугун берген «Никени урматтоо жөнүндөгү» мыйзам долбоорун макулдады. АКШ тарыхыда биринчи жолу Конгресс бир жыныстагы никелерди федералдык коргоо менен камсыздады. Мыйзам 258 макул жана 169 каршы добуш менен кабыл алынды, алардын 39у республикачылар. Сенат мыйзамды

бекитип, кол коюу үчүн АКШ президенти Жо Байден администрациясына жөнөттү. АКШ вице-президенти Камала Харрис Твиттердеги өз баракчасында жарыялаган видеодо мыйзамдын кабыл алынышын алкыштады. Ал мындай деди: «Бул тарыхый күн. Бул ушуну түшүндүрөт – мыйзам ар кимге өзү сүйгөн адамы менен турмуш куруу укугун жана коргоону берет. Бул жакшы күн».

Бир жыныстагы никелер федералдык даражада АКШ жогорку соту тарабынан 2015-жылы чыгарылган токтом менен бекемделген. Ошондуктан, эч бир штат бул никеге тыюу салган мыйзам кабыл ала албайт. Сенат тарабынан макулданган мыйзам долбоору никени эркек менен аялдын ортосундагы союз катары белгилеген мурунку бардык мыйзамдарды бекер кылат. О.э. никени каттоо вазыйфасы жүктөлгөн мамлекеттик хызматкерлерге, алар кайсы штатка таандык болушуна карабастан, турмуш куруп жаткандарды «жыныс, улут жана тегине карап» кемсинтүүгө тыюу салат.

**Ал-Ваъй:** Америка мындай мыйзам менен өзүнө өлүм тилөөдө жана аны Лут коомунун күнү күтүүдө! Америка мындай мыйзамдарды өз өлкөсүндө кабыл алуу менен тынчып калбайт, тескерисинче, АКШ ушундай мыйзамдарды кабыл алдыруу жана эл аралык масштабда коргоо үчүн башка мамлекеттерге да басым өткөрөт жана бул мыйзамдарга каршы болгондорду кысымга алат.

## Нью-Йорк Таймс: дүйнөлүк тыңчылык программаларынын өнөр жайы көзөмөлдөн чыгууда

Америкада чыккан «Нью-Йорк Таймс» гезити хабар беришинче, мамлекеттерге уюлдук телефондорго бузуп кирүү жана маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн берген эл аралык коммерциялык тыңчылык программаларынын өнөр жайы өнүгүүдө. О.э. тыңчылык программаларын колдонуу бүткүл дүйнөгө жайылууда жана жаңы компаниялар (Израиль) электрондук разведка ардагерлерин жалдашууда. Ушундай программалардын бири «Предатор» болуп, (израилдин) мурунку тыңчысы аны Грецияда кеңселердин биринде башкарат. Гезит хабарлашынча, ал Афинада саясатчылар жана журналисттерге каршы тыңчылык программаларын колдонууга байланыштуу саясий жаңжалдын чордонунда турат.

Гезит маалымдашынча, тыңчылык программалары 2021-жылдан бери ондогон мамлекеттерде колдонулган. Бул, мамлекеттер тарабынан талаб дагы эле бар экенине жана мындай каражаттардан файдаланууну чектөөгө күчтүү эл аралык аракеттер жоктугуна далалат кылат. Гезиттин хабарына ылайык, тыңчылык программалары

разведка кызматтары жана полиция баңгизаттар соодасы менен шугулданган тармактарга жана террористтик топтордун телефондоруна бузуп кирүү үчүн файдаланышкан. Мындан тышкары, көптөгөн авторитардык режимдер, жада калса демократиялык режимдер да саясий атаандаштар жана журналисттер үстүнөн тыңчылык кылуу үчүн тыңчылык программаларды кыянаттык менен файдаланышкан. Вашингтондогу "Эл аралык тынчтык үчүн Карнеги фондунун" эксперти Стивен Фелдштейн кеминде 73 мамлекетте тыңчылык программалары колдонулганын тасдыктаган.

**Ал-Ваъй:** жашыруун тыңчылык дүйнөсү байланыш каражаттары бүткүл дүйнөгө тарашы менен кеңири жайылды. Азыр андан авторитардык жана демократиялык мамлекеттер атаандаштар, журналисттер, оппозиция жана оппозиция болбогон партиялар үстүнөн тыңчылык кылуу жана өз өкүмдарлыгын бекемдөө үчүн файдаланууда. Мамлекеттер мындан бир-бири үчүн, жада калса өздөрү үчүн коркушууда... Бирок, катардагы адамдар эң күчсүз катмар болуп калууда.

## Британияда насронийлик азчылык динге, ал эми, Ислам эң тез жайылып жаткан динге айланды

2011-жылдагы статистикага ылайык, насронийликти кабыл алгандардын саны азайып, насронийлик Англияда да, Уэлсте да азчылык динге айланды. Англия жана Уэлстеги насронийлердин саны Королдуктун тарыхында биринчи жолу 46,2 %ды түзгөн, 2011-жылы калкты каттоо учурунда алардын саны 59,3 % эле. Сурамжылоолор ушуну көрсөтүүдө, Британияда өзүн динсиз деп көрсөткөндөрдүн саны калктын 37,2 файызын түзөт. Бул болсо, аларды насронийлерден кийин экинчи ири топко айландырат жана азыр алар 22,2 миллион кишини түзөт. Буга карама-каршы түрдө, акыркы он жыл ичинде өзүн мусулман катары көрсөткөндөрдүн саны 44 файыздан ашкан.

Мусулмандардын саны 2011-жылы 2,7 миллион болгон болсо, 2021-жылы 3,9 миллионго жеткен, бул 10 жыл ичинде 1,2 миллион мусулманга көбөйгөнүн көрсөтөт. Бүгүн мусулмандар Британия калкынын 6,5 %ын түзөт. Ал эми, индустардын санында чоң өзгөрүүлөр болгон эмес. Алардын саны 2011-жылы 1,5 % (818 миң) болгон болсо, 2021-жылы 1,7 %га көтөрүлүп, миллионго жеткен. Ал эми, яхудийлик динин ээрчиген жарандарга келсек, алардын саны да сезилерлик даражада өзгөрбөгөн. Алардын саны 2011-жылы 265 миң болсо, 2021 жылы 271 миңге жеткен. Ушул сыяктуу 2011-жылы жалпы калктын 0,8 %ын түзгөн сикх жарандарынын саны 2021-жылы 0,9 %

тегерегинде болгон. Лондон маданият жана диндер жагынан ар түркүн шаар экендиги менен өзгөчөлөнүп турат. Калкты каттоо натыйжалары ушуну көрсөттү: насронийлердин саны болгону 25,3 %ды түзгөн. Калгандары болсо башка диндерге иътикад кылгандарга же эч кандай динге иътикад кылбастыгын билдиргендерге таандык.

Калкты каттоого алуунун кемчиликтеринин бири ушул – ал эч кандай динге иътикад кылбаймын деген адамдардын иътикады жөнүндө көбүрөөк маалымат бербейт, алар атеистпи, же динсизби, белгисиз. Ушул натыйжалардан кийин Йорк чиркөөсүнүн епископу Стивен Коттрел дароо мамлекеттеги насронийлик жөнүндө фикир билдирди. Британия массалык маалымат каражаттары бул насроний руханийдин сөздөрүнөн цитата келтирди. Ал мындай дейт: «Бул көрсөткүчтөр жер жүзүндөгү Кудайдын падышалыгына адамдарды канааттандыруубуз үчүн бизди чоң проблемага салды. Биз өз вазыйфабыз болгон насронийликти үгүттөө менен шугулданышыбыз керек». Британиялик руханий «адамдар өзүлөрүн насроний деп билген доорлор артта калганын, ал эми, сурамжылоолор адамдар руханийликти, даанышмандыкты жана баалуулуктарды али да издөөдө экенин көрсөтүп жатканын» моюнга алды.

**Ал-Ваъй:** бул Батыш хазаратынын банкрот болушу жана Ислам дининин бүткүл дүйнөгө жайылышынын дагы бир көрүнүшү. Бул орунда айтып өтүү зарыл, Исламдын чыныгы жайылуусу Ислам менен башкарууга, жихад аркылуу үстөм болууга жана адамдардын топ-топ болуп Аллахтын динине киришине байланыштуу.

﴿إِذَا جَآءَ نَصۡرُ ٱللَّهِ وَٱلۡفَتۡحُ ۝ وَرَأَيۡتَ ٱلنَّاسَ يَدۡخُلُونَ فِي دِينِ ٱللَّهِ أَفۡوَاجٗا ۝ فَسَبِّحۡ بِحَمۡدِ رَبِّكَ وَٱسۡتَغۡفِرۡهُۚ إِنَّهُۥ كَانَ تَوَّابَۢا﴾

***«Аллахтын жардамы жана жеңиши келгенде адамдар топ-топ болушуп Аллахтын динине кирип жатыканын көрсөң, тезинен Роббиңе мактоо айтуу менен*** *(Ал Затты ар кандай «шериктерден»)* ***аруулагын жана Андан кечирим сурагын! Себеби, Ал тообо-зарларды кабыл алуучу»*** [Наср 1-3] ❑

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

﴿وَلَن تَرْضَىٰ عَنكَ ٱلْيَهُودُ وَلَا ٱلنَّصَٰرَىٰ حَتَّىٰ تَتَّبِعَ مِلَّتَهُمْ﴾

## *«Яхудийлер да, насронийлер да, сен алардын динине ээрчимейинче эч качан сага раазы болушпайт»*

Аллах Таала айтат:

﴿وَلَن تَرْضَىٰ عَنكَ ٱلْيَهُودُ وَلَا ٱلنَّصَٰرَىٰ حَتَّىٰ تَتَّبِعَ مِلَّتَهُمْ ۗ قُلْ إِنَّ هُدَى ٱللَّهِ هُوَ ٱلْهُدَىٰ ۗ وَلَئِنِ ٱتَّبَعْتَ أَهْوَآءَهُم بَعْدَ ٱلَّذِى جَآءَكَ مِنَ ٱلْعِلْمِ ۙ مَا لَكَ مِنَ ٱللَّهِ مِن وَلِىٍّ وَلَا نَصِيرٍ ۞ ٱلَّذِينَ ءَاتَيْنَٰهُمُ ٱلْكِتَٰبَ يَتْلُونَهُۥ حَقَّ تِلَاوَتِهِۦٓ أُو۟لَٰٓئِكَ يُؤْمِنُونَ بِهِۦ ۗ وَمَن يَكْفُرْ بِهِۦ فَأُو۟لَٰٓئِكَ هُمُ ٱلْخَٰسِرُونَ ۞ يَٰبَنِىٓ إِسْرَٰٓءِيلَ ٱذْكُرُوا۟ نِعْمَتِىَ ٱلَّتِىٓ أَنْعَمْتُ عَلَيْكُمْ وَأَنِّى فَضَّلْتُكُمْ عَلَى ٱلْعَٰلَمِينَ ۞ وَٱتَّقُوا۟ يَوْمًا لَّا تَجْزِى نَفْسٌ عَن نَّفْسٍ شَيْـًٔا وَلَا يُقْبَلُ مِنْهَا عَدْلٌ وَلَا تَنفَعُهَا شَفَٰعَةٌ وَلَا هُمْ يُنصَرُونَ﴾

***«Яхудийлер да, насранийлер да, сен алардын динине ээрчимейинче эч качан сага раазы болушпайт. Айткын: “Аллахтын Жолу гана – акыйкат жол!”. Ант болсун, эгер сага келген чыныгы илимден кийин алардын көңүлдөрү каалаган нерсени ээрчисең, Аллахтан сага дос да, жардамчы да болбойт. Биз Китеб бергендер арасында аны туура окугандары да бар. Дал ошолор ыйман келтиришет. Кимде-ким Ага*** *(Куръанга)* ***ишенбеген болсо, ошолор зыян көрүүчүлөр. Эй, Бани Исраил! Силерге берген ниъматтарымды жана силерди ааламдардан афзел кылганымды эстегиле. Жана бир жан башка бир жандын төлөмүн төлөй албай турган, эч ким төлөп кутула албай турган, колдоо да пайда бербей турган жана эч кимге жардам кылынбай турган Күндөн корккула!»*** [Бакара 120-123]

Шайх Мухаммад Мутаваллий Шаъровий (рохимахуллох) өз тафсиринде айтат:

Яхудийлер митаамдык жана арамзалыкты максад кылып Расулуллах дын алдына барып: “Бизге туура жол көрсөт”, - дешти. Башкача айтканда, “биз сени ээрчишибиз же ээрчибешибиз жөнүндө ойлонуу үчүн бизге китебибизден сүйлөгүн”. Аллах Таала яхудийлердин Расулуллах га карата айла-амалын бүтүндөй ачыкка чыгарууну каалады. Ошондуктан, Расулуллахка “яхудийлер да, насронийлер да диниңди ээрчишпейт, тескерисинче, сен алардын динине киришиңди

каалашат, алар сени менен бирге болушун каалайсың, алар болсо сен алар менен бирге болушуңду каалашат” дейт. Аллах Субханаху айтат:

﴿وَلَن تَرۡضَىٰ عَنكَ ٱلۡيَهُودُ وَلَا ٱلنَّصَٰرَىٰ حَتَّىٰ تَتَّبِعَ مِلَّتَهُمۡۗ﴾

***«Яхудийлер да, насранийлер да, сен алардын динине ээрчимейинче эч качан сага ыраазы болушпайт».***

Бул жерде нафи (четке кагуунун) кайталанып жатканынан яхудийлердин раазылыгы насронийлердин раазылыгынан башкача экенин көрөбүз. Эгер, Аллах Таала “لا” харфы жок و لن ترضي عنك اليهود و النصاري дегенде, алар раазылык жаатында бирдей фикирде деген маани чыкмак. Лекин, Аллах Тааланын:

﴿وَقَالَتِ ٱلۡيَهُودُ لَيۡسَتِ ٱلنَّصَٰرَىٰ عَلَىٰ شَيۡءٖ وَقَالَتِ ٱلنَّصَٰرَىٰ لَيۡسَتِ ٱلۡيَهُودُ عَلَىٰ شَيۡءٖ﴾

***«Яхудийлер: “Насронийлер түз жолдо эмес” дешти. Ал эми насронийлер: “Яхудийлер түз жолдо эмес” дешти»*** [Бакара 113] деген каламына ылайык, алар раазылык туурасында бир фикирде эмес. Андыктан و لن ترضي عنك اليهود و النصاري (яхудийлер жана насронийлер сага раазы болушпайт) деп айтуу туура эмес. Себеби, Аллах Таала: «Яхудийлер да сага раазы болбойт, насронийлер да сага раазы болбойт. Эгер, сен яхудийлерди раазы кылсаң, насронийлер сага раазы болбойт, насронийлерди раазы кылсаң, яхудийлер сага раазы болбойт» деп айтууну каалап жатат.

Андан соң Аллах Таала айтат:

﴿حَتَّىٰ تَتَّبِعَ مِلَّتَهُمۡۗ﴾

***«алардын динине ээрчимейинче».*** Бул жердеги «миллят» сөзү «динди» түшүндүрөт. Анын «миллят» деп аталышына себеб – силер батыл болсо да ага моюн сунасыңар (ямилю). Аллах Таала айтат:

﴿وَلَآ أَنتُمۡ عَٰبِدُونَ مَآ أَعۡبُدُ ۝ وَلَآ أَنَا۠ عَابِدٞ مَّا عَبَدتُّمۡ ۝ وَلَآ أَنتُمۡ عَٰبِدُونَ مَآ أَعۡبُدُ ۝ لَكُمۡ دِينُكُمۡ وَلِيَ دِينِ﴾

***«Жана силер да мен ибадат кылган** (Аллахка) **ибадат кылуучу эмессиңер. Мен силер ибадат кылган нерсеге ибадат кылуучу эмесмин. Жана силер да мен ибадат кылган** (Аллахка) **ибадат кылуучу эмессиңер. Силердин диниңер өзүңөр үчүн, менин диним өзүм үчүн!»*** [Кафирун 3-6]

Демек, алар кафир жана мушриктер болуп, ар биринин өзүнүн дини бар. Бизди яхудийлердин динине жана насронийлердин динине ээчүүдөн калкалаган нерсе эмне? Аллах Таала айтат:

﴿قُلۡ إِنَّ ٱلۡهُدَىٰ هُدَى ٱللَّهِ﴾

***«Айткын: «Албетте, хидаят – Аллахтын хидаяты»»*** [Али Имрон 73]

Яхудий жана насронийлер өз диндерин өзгөртүштү, ал эми, Расулуллах ﷺ Аллахтын хидаяты менен бирге. Хидаят – эң кыска жол менен максадга алып бара турган нерсе. Башкача айтканда, ал максадга эң кыска жол менен алып барганы үчүн туура жол. Аллахтын хидаяты – жалгыз туура жол, ал эми, адамдардын хидаяты алардын нафсинен келип чыгат. Ошондуктан, адамдардын хидаяты – адашууга алып бара турган ийри жана түркүн жол. Лекин, хакка жетектеген хидаят бир, ал – Аллахтын хидаяты.

Аллах Субханаху ва Таала:

﴿وَلَئِنِ ٱتَّبَعۡتَ أَهۡوَآءَهُم﴾

***«алардын көңүлдөрү каалаган нерсени ээрчисең»,*** деп яхудийлердин дини да, насронийлердин дини да инсанияттын нафси экенин баса белгилөөдө. أهواء сөзү هواء сөзүнүн көптүк түрү. هواء сөзүнүн мааниси – акыйкаттан алыс батылды каалаган нафси. Ошондуктан, Аллах Таала айтат:

﴿وَلَئِنِ ٱتَّبَعۡتَ أَهۡوَآءَهُم بَعۡدَ ٱلَّذِي جَآءَكَ مِنَ ٱلۡعِلۡمِ مَا لَكَ مِنَ ٱللَّهِ مِن وَلِيّٖ وَلَا نَصِيرٍ﴾

***«эгер сага келген чыныгы илимден кийин алардын көңүлдөрү каалаган нерсени ээрчисең, Аллахтан сага дос да, жардамчы да болбойт»***. Аллах Таала Өз элчисине: "Аллах Тааладан хидаят келгенден кийин яхудийлердин жолу же насронийлердин жолу болобу, айырмасыз, хактан алыс нафсиге толгон ийри жолду ээрчисең, Аллах тарабынан ишиңди башкара турган, сени коргой турган дос жана жардам бере турган жардамчы болбойт" деп жатат. Аллах Тааланын Өз Расулуна кайрылган ушул хитабына бир аз токтолуп өтпөсөк болбойт. Аллах Таала Өзү тандаган Расулуна кантип хитаб кылып жатканын фикирлейли. Аллах Таала ушул хитабды Мухаммад ﷺга жолдоду, демек, Аллах Расулдан кийин келе турган жана аны ээрчий турган Умматка жолдоду. Так ошол кийин урпак-муундарда яхудий жана насронийлерге ыктагандар болушу мүмкүн. Ал эми, Расул ﷺ аларга ээрчүүдөн корголгон.

Аллах Таала биз ачык-айкын ушуну аңдап түшүнүүбүздү каалайт: Аллах Өз Расулу ﷺдан кабыл албаган нерсени, Умматынан болгон эч бир кишиден – анын даражасы кандай болбосун – кабыл албайт. Муну ушундай түшүнүү керек – Расулуллахтан кийин илимдүүмүн дегендер чыгып: «Биз яхудийлер менен насронийлерди өзүбүзгө тартуу үчүн алардын динине ээрчишибиз керек» дебесин. Биз аларга айтабыз, Аллах андай нерсени Өз Расулунан кабыл албаган соң, башка эч кимден кабыл албайт. Аллах Расулуллах ﷺды мисал кылуу менен –

кандай гана абал болбосун – яхудий жана насронийлердин динине ээрчүүдөн бүтүндөй кайтарганын көрсөтүүдө. Аллах Азза ва Жалла яхудий жана насронийлер менен жакындашууну шылтоолоп каранием максадда динди бузууну көздөгөндөрдүн ар кандай жолун тосуу үчүн Өз Пайгамбарын мисал кылып көрсөттү.

Аллах Таала айтат:

﴿ٱلَّذِينَ ءَاتَيْنَٰهُمُ ٱلْكِتَٰبَ يَتْلُونَهُۥ حَقَّ تِلَاوَتِهِۦٓ أُو۟لَٰٓئِكَ يُؤْمِنُونَ بِهِۦ ۗ وَمَن يَكْفُرْ بِهِۦ فَأُو۟لَٰٓئِكَ هُمُ ٱلْخَٰسِرُونَ﴾

***«Биз Китеб бергендер арасында аны туура окугандары да бар. Дал ошолор ыйман келтиришет. Кимде-ким Ага** (Куръанга) **ишенбеген болсо, ошолор зыян көрүүчүлөр».*** (Ахли китаб – китеб берилгелгендер: яхудийлер, насройнилер) Аллах Таала яхудий жана насронийлер өз китебдерин өзгөртүп жиберишкенин баян кылгандан кийин китебдерин өзгөртпөгөн яхудий жана насронийлер да бар экенин, алар Мухаммад ﷺга жана анын рисалатына ыйман келтирерин баян кылууда. Себеби, алар Мухаммад ﷺды Таурот жана Инжилде окуп таанып, билишкен. Эгер, Аллах Таала ушул аятты назил кылбаганда чыныгы Таурот жана Инжилди окуп жаткандар жана Расулуллах ﷺдын рисалатын кабыл алуу жөнүндө фикирлеп жаткандар: "Акыры, биз Исламга кирүүнү каалап жатабыз, аяттагы сөздөр бардык яхудий жана насронийлерге туура келбейт" дешмек. Ыхтымалдык мыйзамына ылайык, хак дин деген этибарда Исламды кабыл алуу жөнүндө ойлонуп жаткан бир топ яхудий жана насронийлер бар. Бир күнү Расулуллах ﷺдын алдында Исламды кабыл алуу жөнүндө күбөлүк берүү үчүн Синайдан Жаъфар ибн Абу Талиб менен бирге кырк яхудий келишти. Алар өзгөртүлбөгөн Тауротту окушкан жана акыркы Рисалатка ыйман келтиришти. Ошондуктан, Аллах Таала аларды жана ахли китебдерден болгон муминдердин даражасын көтөрүп айтты:

﴿ٱلَّذِينَ ءَاتَيْنَٰهُمُ ٱلْكِتَٰبَ يَتْلُونَهُۥ حَقَّ تِلَاوَتِهِۦٓ﴾

***«Биз Китеб бергендер арасында аны туура окугандары да бар»***. Т.а. алар китебди өзгөртпөй жана бузбай, кандай назил болсо, ошондой окушат. Ошондуктан, алар акыйкатты инсан нафсине аралаштырбай таза түшүнүшөт.

Аллах Таала айтат:

﴿أُو۟لَٰٓئِكَ يُؤْمِنُونَ بِهِۦ ۗ وَمَن يَكْفُرْ بِهِۦ فَأُو۟لَٰٓئِكَ هُمُ ٱلْخَٰسِرُونَ﴾

***«Дал ошолор ыйман келтиришет. Кимде-ким Ага** (Куръанга) **ишенбеген болсо, ошолор зыян көрүүчүлөр».*** Куръани Карим

муминдерди улуулоо жана хакты батыл деп санагандардын үмүтүн үзүү үчүн салыштырууларды көп келтирет. Салыштыруу эки нерсенин ортосундагы айырманы көрсөтөт. Аллах Таала китеб берилген жана аны өзгөртпөй ага ыйман келтирген кишилерге аларды түбөлүк ниъматка жетектеген ниъматка жеткиришин билдирүүнү каалайт. Ал Ислам жана ыйман ниъматы. Ошондой эле, Таурот жана Инжилди өзгөртүп жибергендирди таптакыр башка нерсе күтүп турат. Алардын такдыры – ачык-айкын зыян жана түбөлүк тозок!

Аллах Таала айтат:

﴿يَٰبَنِيٓ إِسۡرَٰٓءِيلَ ٱذۡكُرُواْ نِعۡمَتِيَ ٱلَّتِيٓ أَنۡعَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ وَأَنِّي فَضَّلۡتُكُمۡ عَلَى ٱلۡعَٰلَمِينَ﴾

***«Эй, Бани Исраил! Силерге берген ниъматтарымды жана силерди ааламдардан афзел кылганымды эстегиле».*** Бир аз артка т.а. Бакара сурасынын 40-аятына кайталы, анда Аллах Таала айтат:

﴿يَٰبَنِيٓ إِسۡرَٰٓءِيلَ ٱذۡكُرُواْ نِعۡمَتِيَ ٱلَّتِيٓ أَنۡعَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ وَأَوۡفُواْ بِعَهۡدِيٓ أُوفِ بِعَهۡدِكُمۡ وَإِيَّٰيَ فَٱرۡهَبُونِ﴾

***«Эй, Бани Исраил! Силерге белек кылган жакшылыгымды эстегиле жана Мага берген убадаңарга бек тургула. Ошондо Мен да берген убадага бекем турамын. Менден гана корккула»***[Бакара 40]

Т.а. Аллах Таала мунун баары эмне менен башталганын эске салбай туруп Бани Исраил (Исраил урпагы – яхудийлер) менен талкууну бүтүргөн жок. Аллах Таала Бану Исраилге берген ниъматы жана аларды башкалардан афзел кылганын эске салды. Бул афзелдиктин эң чоңу – Аллах Тауротто Мухаммад ﷺ жөнүндө кушхабар бергени. Аллах Бану Исраилге берген ниъмат жана афзелдикти эске салып, Мухаммад ﷺ Тауротто келгенине карабастан, алар ага ыйман келтиришпегенин кескин каралоодо. Алар бул илимди дароо кабыл алып, Мухаммад ﷺга ыйман келтирүүгө шашылышы керек болчу. Себеби, бул Аллах Таала тарабынан аларга берилген афзелдик эле. Яхудийлер зилзилага кабылып, Муса عليه السلام алар үчүн Роббисинен ырайым сураган. Аллах Таала айтат:

﴿وَٱكۡتُبۡ لَنَا فِي هَٰذِهِ ٱلدُّنۡيَا حَسَنَةٗ وَفِي ٱلۡأٓخِرَةِ إِنَّا هُدۡنَآ إِلَيۡكَۚ قَالَ عَذَابِيٓ أُصِيبُ بِهِۦ مَنۡ أَشَآءُۖ وَرَحۡمَتِي وَسِعَتۡ كُلَّ شَيۡءٖۚ فَسَأَكۡتُبُهَا لِلَّذِينَ يَتَّقُونَ وَيُؤۡتُونَ ٱلزَّكَوٰةَ وَٱلَّذِينَ هُم بِـَٔايَٰتِنَا يُؤۡمِنُونَ ۝ ٱلَّذِينَ يَتَّبِعُونَ ٱلرَّسُولَ ٱلنَّبِيَّ ٱلۡأُمِّيَّ ٱلَّذِي يَجِدُونَهُۥ مَكۡتُوبًا عِندَهُمۡ فِي ٱلتَّوۡرَىٰةِ وَٱلۡإِنجِيلِ يَأۡمُرُهُم بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَيَنۡهَىٰهُمۡ عَنِ ٱلۡمُنكَرِ وَيُحِلُّ لَهُمُ ٱلطَّيِّبَٰتِ وَيُحَرِّمُ عَلَيۡهِمُ

ٱلْخَبَٰٓئِثَ وَيَضَعُ عَنْهُمْ إِصْرَهُمْ وَٱلْأَغْلَٰلَ ٱلَّتِى كَانَتْ عَلَيْهِمْۚ فَٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ بِهِۦ وَعَزَّرُوهُ وَنَصَرُوهُ وَٱتَّبَعُوا۟ ٱلنُّورَ ٱلَّذِىٓ أُنزِلَ مَعَهُۥٓ أُو۟لَٰٓئِكَ هُمُ ٱلْمُفْلِحُونَ﴾

***«Биз үчүн бул дүйнөдө да, Ахыретте да жакшылык жазгын. Биз Сага жүз бурдук».*** *(Аллах)* ***айтты: «Азабымды Өзүм каалаганыма жеткиремин. Рахматым болсо бардык нерсени камтыйт. Мен аны таквалык кылгандарга, зекетти бергендерге жана Биздин аяттарыбызга ыйман келтиргендерге жазамын. Алар алдыларындагы Таурот жана Инжилде анын жазылганын табышып, сабатсыз пайгамбарды ээрчишет. Ал пайгамбар аларды жакшылыкка буюрат, жамандыктан кайтарат жана пакиза нерселерди алар үчүн халал кылып, ыфлас нерселерди аларга харам кылат жана алардын жүктөрүн жана үстүлөрүндөгү кишендерин алып салат. Демек, ага ыйман келтирген, аны улуулап, ага жардам кылган жана анын*** *(келиши)* ***менен назил кылынган нурга*** *(т.а. Куръанга)* ***ээрчигендер – дал ошолор гана*** *(тозоктон)* ***кутулуучулар»*** [Аъроф 156-157]

Аллах Тааланын бул аяты:

﴿وَٱتَّقُوا۟ يَوْمًا لَّا تَجْزِى نَفْسٌ عَن نَّفْسٍ شَيْـًٔا وَلَا يُقْبَلُ مِنْهَا عَدْلٌ وَلَا تَنفَعُهَا شَفَٰعَةٌ وَلَا هُمْ يُنصَرُونَ﴾

***«Жана бир жан башка бир жандын төлөмүн төлөй албай турган, эч ким төлөп кутула албай турган, колдоо да пайда бербей турган жана эч кимге жардам кылынбай турган Күндөн корккула»*** Бакара сурасынын 48-аятына окшойт. Анда Аллах Таала мындай дейт:

﴿وَٱتَّقُوا۟ يَوْمًا لَّا تَجْزِى نَفْسٌ عَن نَّفْسٍ شَيْـًٔا وَلَا يُقْبَلُ مِنْهَا شَفَٰعَةٌ وَلَا يُؤْخَذُ مِنْهَا عَدْلٌ وَلَا هُمْ يُنصَرُونَ﴾

***«Бир жан башка бир жан үчүн эч нерсе төлөй албай турган, эч кимден колдоо кабыл алынбай турган жана төлөп кутула албай турган, жардам берилбей турган күндөн корккула!»*** [Бакара 48]

Үстүртөн караганда мында окшоштук бардай көрүнөт. Лекин, ар бир аят өзүнчө мааниге ээ. 48-аятта Аллах Таала:

﴿وَلَا يُقْبَلُ مِنْهَا شَفَٰعَةٌ وَلَا يُؤْخَذُ مِنْهَا عَدْلٌ﴾

***«эч кимден колдоо кабыл алынбай турган жана төлөп кутула албай турган»*** десе, биз талкуу кылып жаткан 128-аятта:

﴿وَلَا يُقْبَلُ مِنْهَا عَدْلٌ وَلَا تَنفَعُهَا شَفَٰعَةٌ﴾

***«эч ким төлөп кутула албай турган, колдоо да пайда бербей турган»,*** деп жатат. Эмне үчүн?

Аллах Таала:

﴿لَّا تَجْزِى نَفْسٌ عَن نَّفْسٍ شَيْـًٔا﴾

***«бир жан башка бир жандын төлөмүн төлөй албай турган»,*** деп жатса кандай айырма? Эки аят эки башка адамды айтуудда. Биринчиси биринчи аяттагы адам. Экинчиси кийинки аяттагы адам. ❑

## РАСУЛУЛЛАХ ﷺДЫ ДУШМАНДАРДАН КОРГОО ЖАНА САКТОО

Бадр казатынан кийин жүз берген эң маанилүү окуялардын бири Зу Амр (Гатафан өлкөсүндөгү жердин аталышы) казаты болуп, аны Гатафан казаты же Анмар казаты деп аташат. Бул Расулуллах ﷺ Ухуд казатынан мурун жетекчилик кылган эң чоң казат болуп эсептелет. Ал хижраттын экинчи жылында жүз берген. Анын жүз беришине себеби: Бану Саълаба жана Бану Мухариб урууларынан турган чоң топ чогулуп, Мадинанын четине чабуул кылууну көздөп жатышканы жөнүндөгү хабар Мадинага жетет, ошондо Расулуллах ﷺ жөө жана атчан 450 аскер менен аларга жана арабдарга мусулмандардын күчүн көрсөтүп коюу үчүн чыкты. Ал эми, Пайгамбарыбыз Мадинада өз ордуна Усман ибн Аффанды калтырды. Алар жолдо бара жатып Бану Саълабадан болгон Жубар деген кишини кармап алышат. Аны Расулуллахтын алдына алып келишип, Расулуллах ﷺ аны Исламга даъват кылган соң, ал Исламга кирет. Расулуллах ﷺ Исламды үйрөнүшү үчүн аны Билал رضي الله عنهга тапшырат. Ал мусулман кошуунун душмандын жерине алып барат. Бану Саълаба жана Мухарибден болгон мушриктер мусулмандардын келе жатышканын билишип, бытыранды болуп, тоонун башына качып кетишет. Ал эми, Набий ﷺ кошуун менен алардын чогулган жайына келет. Ал Зу Амр деген суунун бою эле. Расулуллах ﷺ бир айга жакын НажДда турду. Эч кимден фитналарга учурабаган соң, Мадинаи Мунавварага кайтты.

Ушул казатта өз коомунун саййиди болгон Дуъсур ибн Харис Расулуллах ﷺдын алдында болгон муъжизадан кийин Исламды кабыл алды. Ибн Касир, Байхакий жана башкалар риваят кылышынча, Расулуллах ﷺга Бану Саълаба жана Мухарибден болгон бир топ Расулуллахка каршы согушуу үчүн Зу Амр деген жайга чогулушканынын хабары жеткен соң, үчүнчү жылдын 12-робиулаввалында Мадинадан чыкты. Ал эми, Мадинада өз ордуна Усман ибн Аффанды калтырды. Расулуллах ﷺ он бир күн жүрдү, аны менен 450 аскери бар эле. Арабдар андан коркуп

тоолорго чыгып кетишти. Кошуун Зу Амр деген суунун боюна келгенде жаан жаады. Расулуллах ﷺдын кийими суу болуп, бир дарактын астына барып кийимин кургатуу үчүн жайып койду. Бул нерселер мушриктердин көз алдында жүз берди жана алар өз иштери менен алек болчу.

Мушриктер өздөрүнөн болгон Гаврас ибн Харис же Дуъсур ибн Харис деген кайраттуу кишини жиберишти. Ага минтип айтышты: «Аллах сага Мухаммадды өлтүрүү мүмкүнчүлүгүн берди». Ал мусулмандар тарапка жолго чыкты, анын оор кылычы бар эле. Ал Расулуллахтын алдына барып кылычын алып: «Эй, Мухаммад, бүгүн сени менден ким коргойт?!», - деди. Расулуллах: «Аллах», - дегенде Жаброил عليه السلام анын көкүрөгүнөн катуу түрттү, ошондо кылычы колунан түшүп кетти. Расулуллах ﷺ болсо кылычты алып: «Бүгүн сени менден ким коргойт?», деди. Ал: «Эч ким, мен Аллахтан башка илах жок жана Мухаммад Анын элчиси деп күбөлүк беремин», - деди. Расулуллах ﷺ анын кылычын кайтарып берди. Ал шериктерине кайткан соң, алар: «Бактысыз болгур, сага эмне болду?», - дешти. Ал: «Мен узун кишини көрдүм, ал мени көкүрөгүмө катуу түрттү эле мен чалкамдан куладым. Ал периште экенин түшүндүм. Андан соң Мухаммад Аллахтын элчиси экенине күбөлүк бердим», - деди. Ал ошондон тартып коомун Исламга даъват кыла баштады. Бул жөнүндө ушул аят назил болду:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱذۡكُرُواْ نِعۡمَتَ ٱللَّهِ عَلَيۡكُمۡ إِذۡ هَمَّ قَوۡمٌ أَن يَبۡسُطُوٓاْ إِلَيۡكُمۡ أَيۡدِيَهُمۡ فَكَفَّ أَيۡدِيَهُمۡ عَنكُمۡۖ﴾

***«Эй, момундар, силерге жамандык кылууну көздөгөн бир коомдун сунган колун кайтарган кездеги Аллахтын силерге берген ниъматын эстегиле! Аллахтан корккула жана муминдер Аллахка гана тобокел кылышсын!»*** [Маида 11]

Пайгамбар ﷺдын Зу Амр казатындагы Дуъсур инб Хариске мамилеси Пайгамбарыбыз ага зыян жеткирмекчи болгондорго кечиримдүү болгонун көрсөтүүдө. Ибн Хажар айтышынча: «Расулуллах ﷺ кафирлерди Исламга киргизүүгө катуу каалагандыктан аны кечирген». Пайгамбарыбыз ﷺдын бул улуу айкөлдүгү Гатафан регионундагы арабдарга катуу таасир кылды. О.э. бул абал аларга Пайгамбар ﷺ кайраттуу, айкөл жана кечиримдүү киши гана эмес, Аллах тарабынан жиберилген

пайгамбар экенин да көрсөттү. Себеби, өлтүрөмүн деп кылыч көтөрүп келген кишини өлтүрбөстөн коё берүү падыша жана жетекчилердин адатынан эмес. О.э. бул даражада айкөлдүк жана райымдуулук кылуу да алардын адатынан эмес эле. Бул нерсе арабдар Исламга кирүү жөнүндө олуттуу ойлонушуна чоң таасир кылды. Зу Амр жана башка казаттарда, окуяларда Пайгамбарлыктын дагы бир касиети ачыкталды. Ал да болсо, ал өлүмдөн сакталышы жана корголушу. Пайгамбарлык сийратта буга далил болгон мисалдар абдан көп: Абу Жахл менен Абу Лахаб аны өлтүрмөкчү болгондо Аллах аны сактады, Аллах хижрат күнү аны өлтүрүү үчүн үйүн курчап алган кишилерден сактады, ал сыяктуу Аллах Пайгамбарыбызды Зу Амр казатында Дуъсур ибн Харистен жана Затур Рикаъ казатында Гаврас ибн Харистен сактады.

Расулуллах ﷺ даъватты ашкере кылгандан тартып душмандары тарабынан көп азарларга жана чоң машакаттарга кабылды. Лекин, Аллах Таала аны сактады, жардам берди жана адамдардан коргоду. Аллах Таала жалпысынан алганда аны бардык душмандарынан коргоду, өзгөчө Макка калкынан жана анын жетекчилеринен сактады. Аллах Таала аны элчи кылгандан тартып туш болгон фиталардан коргоду. Аллах Таала аны сактоо жана душмандарынын айла-амалдарынан коргоо жөнүндө хабар берип айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلرَّسُولُ بَلِّغۡ مَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ مِن رَّبِّكَۖ وَإِن لَّمۡ تَفۡعَلۡ فَمَا بَلَّغۡتَ رِسَالَتَهُۥۚ وَٱللَّهُ يَعۡصِمُكَ مِنَ ٱلنَّاسِۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي ٱلۡقَوۡمَ ٱلۡكَٰفِرِينَ﴾

***«Эй, Расул, сага Роббиң тарабынан назил болгон нерсени жеткир! Эгер, сен аткарбасаң, анда Анын рисалатын жеткирбеген болосуң. Аллах сени адамдардан коргойт. Албетте, Аллах кафир коомду хидаят кылбайт»*** [Маида 67]

Ибн Касир айтат: «Т.а. сен рисалатымды жеткир, Мен сени коргоймун, жардам беремин, душмандарыңа каршы колдоймун, аларга үстөм кыламын. Андыктан, коркпо жана капаланба. Алардын эч бири сага зыян жеткире албайт жана жамандык кыла албайт». Аиша رضي الله عنها айтат: **«Бул аят назил болгонго чейин Пайгамбар ﷺды ар дайым коргошот эле. Ошондо** (жогорудагы аят назил болгондон кийин) **ал чатырынан**

**чыгып: “Тарагыла! Себеби, мени Аллах Өзү коргойт», - деди”**. (Тирмизий жана Хаким риваяты).

﴿وَٱللَّهُ يَعۡصِمُكَ مِنَ ٱلنَّاسِۗ﴾

***«Аллах сени адамдардан коргойт»,*** деген аятта Пайгамбарлыктын эки далили бар. Биринчиси, Аллах Таала аны коргошу жөнүндө хабар бериши жана ал ишке ашты. Экинчиси, сахабалар душман Расулуллахты өлтүрүүгө ар дайым умтуларын билишкен, ошондуктан аны коргоп жүрүшкөн. Жогорудагы аят назил болгондо Пайгамбар ﷺ аларга тарап кетүүнү айтты, себеби Аллах тарабынан ага назил болгон нерсеге ишеними бекем эле. Эгер, ал жалганчы болгондо өзүн тобокелчиликке салмак эмес. Себеби, киши өзүн эч качан алдабайт. Эгер, Куръан Аллахтын вахийи болбогондо, Расулуллах ﷺ аны кайтарып коргогон адамдарды таратып жибербейт эле.

Мавардий «Алам ан-нубувва» китебинде мындай дейт: «Анын муъжизаларынын дагы бири – душмандары өтө көп болгонуна карабастан, Аллах аны коргогону. Негизи, алар Расулуллах ﷺга катуу кыжырданышып, аны жок кылууну абдан каалашкан. Ал болсо алардын арасында жеңилгис күч болуп, ачык сүйлөдү, алар менен аралашып жүрдү жана алар менен көп сүйлөштү. Алар ага жек көрүү менен карап, лекин, алар коркушкандыктан колдору титиреди. Сахабалар аны кайтарууну токтотушту. Ал душмандары арасында он үч жыл болгондон кийин эч кандай зыян көрбөстөн, аман-эсен кетти. Бул Аллахтын коргоосу. Аллах убада берип, Өз убадасын аткарды:

﴿وَٱللَّهُ يَعۡصِمُكَ مِنَ ٱلنَّاسِۗ﴾

***«Аллах сени адамдардан коргойт».*** Аллах аны душмандарынан коргоду».

Аллах Таала Өз Расулун коргогону, сактаганы жана душмандарынан калкалаганы жөнүндө мисалдар абдан көп:

Абу Хурайра мындай риваят кылат: «Абу Жахл сурады: «Мухаммад силердин араңарда жүзү менен жерге жыгылабы (сажда кылабы)». Ага: “Ооба”, - деп жооп беришти. Ал: “Лут жана Уззага касам, эгер анын ошентип жатканын көрсөм, башын бутум менен басып аламын”, - деди. Бир күнү ал Расулуллах ﷺ намаз окуп жатканда жанына барып, бутун башына коймокчу болду. Бирок, адамдар аны көрүп аң-таң болуп калышты, себеби

ал артына чегинип, колдорун шилтеп өзүн коргоду. Адамдар андан: "Сага эмне болду?", - деп сурашты. Ал: "Анын жанына баруга жалындуу аң жана (периштелердин) канаттары жолтоо болду", - деди. Андан соң, Расулуллах ﷺ айтты: «**Эгер, ал мага жакындашканда, периштелер аны тыткылап бөлүп салышмак».** (Бухарий риваяты). Бул Аллахтын душманы Абу Жахл көргөн улуу муъжиза болду. Абу Жахл Пайгамбар ﷺды коргогон периштелердин канатын көрдү жана Аллах Өз аскерлери менен Пайгамбар ﷺды коргошуна ишенди. Лекин, текебердик, жетекчиликти жакшы көрүү аны акыйкатка моюн сунуудан тосту. Аллах Өз каламында айткандай, анын ахвалы башка мушриктердин ахвалы сыяктуу:

﴿فَإِنَّهُمْ لَا يُكَذِّبُونَكَ وَلَٰكِنَّ ٱلظَّٰلِمِينَ بِـَٔايَٰتِ ٱللَّهِ يَجْحَدُونَ﴾

***«Чынында, алар сени жалганчы деп эсептешпейт, бирок залимдер Аллахтын аяттарын четке кагышат»*** [Анъам 33]

Нававий айтат: «Аллах Таала Расулуллах ﷺды Абу Жахлдан жана ага зыян жеткирмекчи болгондордон коргогону жөнүндө көп мисалдар бар».

Периштелер Пайгамбарыбыз ﷺды Абу Жахлдан коргогондой, Ухуд күнүндө да мушриктер аны курчап алышып, ал эми, сахабалар жанында болбой калганда, аны коргоо үчүн түшүштү. Саъд ибн Абу Ваккас мындай риваят кылат: «Ухуд күнүндө Расулуллах ﷺдын оң жана сол тарабында ак кийимдеги эки кишини көрдүм. Алар аны коргоп абдан катуу согушуп жатышты. Мен аларды (Жаброил жана Микаил) мурун да, кийин да эч көрбөдүм». (Муттафакун алайх). Нававий айтат: «Бул хадис Аллах Таала Расулуллах ﷺдын даражасын көтөрүшүн т.а. аны менен бирге согушкан периштелерди түшүргөнүн, периштелер согушуп, алардын согушуусу Бадр күнүнө гана чектелүү эместигин көрсөтүүдө». Хижрат учурунда да Аллах Таала Өз Расулун коргогону жөнүндө көптөгөн муъжизалар бар. Алардын бири Абу Бакрдын риваяты, ал минтип эстейт: «Ошентип, күн баткандан кийин жолго чыктык. Сурака ибн Малик биздин артыбыздан келди. Мен: "Эй, Аллахтын элчиси, ал бизге жетип алды", дедим. Ал: «**Кайгырба, албетте Аллах биз менен бирге**», - деди. Расулуллах ﷺ Суракага каршы дуа кылды, анын атынын туяктары курсагына чейин жерге батып кетти. Ошондо

Сурака айтты: “Сен мага каршы дуа кылганыңды көрүп турамын, эми менин файдама дуа кыл. Аллах силерге жардам берсин”, - деп, алардын артынан түшпөстүккө убада берди. Расулуллах ﷺ дуа кылды, ал куткарылды. Андан соң, ал кимди жолуктурбасын: “Мен бул тараптарды издедим, бул жакка баруунун файдасы жок”, - деп, жолуккандардын баарын артына кайтарды. Абу Бакр айтат: “Сурака бизге берген убадасын аткарды». (Бухарий риваяты). Анас رضي الله عنه айтат: «Сурака ошентип күндүн башында Расулуллахка душман болуп, күндүн акырында анын коргоочусуна айланды». (Бухарий риваяты). Аллах Таала Өз Пайгамбарын Суракадан коргошу Сураканын Исламга киришине себеб болду. Сурака Абу Жахлга кайрылып мындай деди: «Эй, Абу Хакам, Аллахка ант болсун, эгер сен атымдын буттары жерге кирип кеткенин көргөнүңдө, Мухаммад чынында эле Аллахтын Расулу экенине кымындай да күмөнүң калбайт эле. Андыктан, ким ага каршы чыга алат?!».

Абдуллах ибн Аббас رضي الله عنه Аллах Таала Өз Расулун коргогону жөнүндө башка бир окуяны риваят кылат: «Бир топ курайштар Хижр деген жерде чогулуп, Мухаммадды көрүшсө, ага бир киши сыяктуу чабуул кылып, аны өлтүрүү туурасында Лут, Узза, Манат, Наила жана Исафка ант ичишти. Муну уккан Пайгамбарыбыз ﷺдын кызы Фатима رضي الله عنها ыйлаган бойдон Расулуллах ﷺдын алдын барды. Ал: «Тигил бир топ курайштар сизди өлтүрүүгө убада беришти. Эгер, алар сизди жолуктурушса, шексиз өлтүрүшөт”, - деди. Расулуллах ﷺ айтты: “Эй, кызым, таарат үчүн суу даярда”, - деди. Андан кийин ал таарат алып, масжидге, алардын алдына барды. Алар аны көрүп: “Тигине келе жатат”, - дешти, лекин алар баштарын жерге салып, ээктери көкүрөктөрүнө жетти. Алар өз жайларында олтура беришти, эч ким башын көтөрө албады. Ошондо Расулуллах ﷺ алардын жанына барып, кочууштап топурак алды, алардын жүзү куник эле. Ал топуракты аларга чачты. Кимге ошол топурактан кыпындай тийген болсо, Бадр күнүндө кафир абалда өлүштү». (Ахмад риваяты).

Бул Аллах Таала Өз Пайгамбарын ﷺ коргогону туурасындагы айрым мисалдар. Бул нерселер анын пайгамбарлыгын, Аллах Таала аны колдогонуна жана коргогонуна далил. ❑

## ХАНЗАЛА ИБН АБУ АМИР: УХУД КҮНҮНДӨ ПЕРИШТЕЛЕР ТАРАБЫНАН ЖУУЛГАН САХАБА

**Ханзала ибн Абу Амир رضي الله عنه ким?**

Ханзала رضي الله عنه – Амр же Ибн Амр деп аталган жана жахилият маалында Рохиб деп да чакырылган Абу Амирдин перзенти. Анын энеси Робаб бинти Малик ибн Амр ибн Азиз ибн Малик ибн Авф ибн Амр ибн Авф... Ханзаланын атасы Пайгамбарлыктын келиши жана ханиф дин жөнүндө көп айткан, ааламдар Роббиси тарабынан жөнөтүлө турган элчини күтүп, рохиб жана монахтардан анын сыфатын сурап жүргөн. Расулуллах ﷺ пайгамбар болгон соң, Абу Амир ичи күйүп, ачууланды. О.э. Мухаммад ﷺ Аллахтын элчиси экенин моюнга алуудан баш тартты... Абу Амир Расулуллах ﷺ менен сухбат курган бир жыйында аны жалганчылыкта жана тухматта айыптады жана таза дин менен башка диндерди аралаштырып жиберди. Расулуллах ﷺ болсо таза динди алып келгенин жана монахтар хабар берген аманат сыфаттарына ээ экенин айтты. Бирок, Абу Амир Пайгамбарыбызды жалганчыга чыгарды. Ошондо Расулуллах ﷺ жалганчы жалгыз жана куугунтукта өлөт деп, ага «Абу Амир аль-Фасик» деген ысымды койду. Расулуллах ﷺ хижрат кылган күндөрү Абу Амир Курайш жетекчилери менен жолугуп, аларды жана алардын үй-бүлөлөрүн Расулуллахты өлтүрүүгө тукуруп, алар менен бирге болууга жана аларга жардам берүүгө убада берди.

Абу Амир Маккада калды жана мусулмандар Расулуллах ﷺдын жетекчилигинде Макканы фатх кылгандан кийин Румга качып кетти. Аллах Таала анын сөзүн өзүнө кайтарды. Себеби, ал жат өлкөдө, куугунтукта жана жалгыз абалда өлдү. Ал эми, анын уулу Ханзала Расулуллах ﷺдын хижраты күнү ансарлардан болгон коом менен бирге Исламга кирди. Ханзала атасынын кылган ишине наарazы болуп, Расулуллах ﷺдан аны өлтүрүү жөнүндө суранган. Лекин, Расулуллах ﷺ аны атасын өлтүрүүдөн кайтарган. Чынында, Ханзала башкалар жетпеген сый-урматка жетти... Ал Расулуллахка жакын инсанга айланды, Пайгамбар Ханзала менен Шамас ибн Усман ибн Рошид Махзумийди бир тууган кылды жана экөөсү күндөн-күнгө Расулуллах ﷺга жакын болушту... Ханзала Абдуллах ибн Убай ибн Салулдун кызы Жамилге үйлөндү жана Жамилден Абдуллах деген уул көрдү. Абдуллах ибн Ханзала ибн Абу Амир Харра күнүндө шахид болду.

**Ханзала رضي الله عنه Ухуд казатында шахид болушу:**

Ухуд казаты хижраттын үчүнчү жылы болду. Ухуд Мадинанын түндүк-батышында 3 миля аралыкта жайгашкан тоо. Пайгамбарыбыз ﷺ сахабалар менен кеңешкенден кийин Мадинанын тышында

согушууга чечим кылды. Ухуддун алдына кошуунду жайгаштырып, 50 жаачыны тоонун башында турууну дайындады. Эки тараф кагылышып, мушриктер чегине баштады. Ошондо жаачылар олжолорго кызыгышып, аны алуу үчүн тоодон түшүүгө шашып калышты. Муну көрүп турган жана Исламдан мурун мушриктердин кошуунун командачысы болгон Халид ибн Валид тоодо аз жаачылар калганын көрүп, мусулман кошуунуна артынан чабуулга өттү. Натыйжада, мусулмандар дүрбөлөңгө тушүп, бир-бирин ажырата албай калышты. Ошентип, алар жеңилип, 70и шахид болду.

Абдуллах ибн Зубайр хадисте ал казатта болгон айрым окуялар жөнүндө мындай дейт: «Адамдар Расулуллах ﷺдын жанынан качып, андан алыстап кетишти. Жада калса, айрымдары Мадинанын четиндеги тоого качышты, лекин бир аз убакыттан кийин алар Расулуллах ﷺдын жанына кайтышты. Согушта Ханзала Абу Суфян ибн Харб менен кармашты. Ханзала аны менен күрөшүп, аны өлтүрмөкчү болуп турган, лекин мушриктерден болгон Шаддад ибн Асвад Ханзала رضي الله عنهну арт тарабынан кылычы менен чаап өлтүрдү. Ханзала Абу Суфянды өлтүрүшүнө аз калган эле, бирок, өлбөй калды. Ал согуштун акырында Расулуллах ﷺ: «Бурадарыңар Ханзаланы периштелер жууп жатат», - деди. Негизи, шахиддер жуулбайт. Расулуллах ﷺ: «Аны аялынан (т.а. Жамила бинти Убай ибн Салулдан) сурагыла», - деди. Сахабалар анын аялынан жихадга чыгып бараткaнда кандай ахвалда болгонун жана периштелер аны эмне үчүн жуугандыгынын себебин сурашты. Жамила айтты: «Ал жихадга чакырыкты угуп, жунуб абалда чыгып кеткен эле». Т.а. аялы менен кошулгандан кийин шашканынан, жада калса, жанабат болсо да гусл кылбастан, жихадга чыгып кеткен. Жанабат киши – бул аялы менен кошулган, же ихтилам болгон, же шахват менен маний төккөн киши. Жанабат ижтинаб т.а. алыстоо сөзүнөн алынган. Себеби, ал тазаланмайынча намаз жана ибадаттардан алыстап турат. Ошондуктан, Расулуллах ﷺ: «Аны периштелер жууп жатат», - деди. Демек, периштелер аны жуугандыгынын себеби – ал жунуб абалда болгону. Пайгамбарыбыздын сийрат китебдеринде ага Гасил аль-малаика (периштерлер жууган) деп лакаб коюлган. Анын мындай лакаб алышы чоң урмат».

Ухуд казаты бүткөндөн кийин Пайгамбарыбыз ﷺ жарадарлардын жана шахиддердин абалынан хабар алды. Ал Аллах жолунда жаны үзүлгөн эң жакшы сахабаларды: Хамза ибн Абдулмутталиб, Мусъаб ибн Умайр, Саъд ибн Робиъ, Анас ибн Назир, Ханзала ибн Абу Амир жана башка رضي الله عنهмдарды көрүп: «Мен Кыямат күнү бул адамдарга күбө боломун», - деди жана аларды кандары менен жерге берүүнү буйруду.

Аларга жаназа окулбады жана жуулбады. (Бухарий риваяты). Вакидий айтат: «Ханзала Абдуллах ибн Убай ибн Салулдун кызы Жамилага үйлөнгөн эле. Эртеси күнү Ухуд согушу боло турган түндө Жамила анын алдына кирди. Ханзала Расулуллах ﷺдан анын жанында калууга рухсат сураганда ал рухсат берген. Ал багымдат намазын окугандан кийин Расулуллахтын алдына бармакчы болду, Жамила аны кармап калды. Ошондо ал Жамила менен калып, жунуб болгон бойдон казатка чыгып кетти».

Жамила өз коомунан болгон төрт кишиге элчи жөнөтүп, Ханзала анын алдына киргенин күбөлөндүргөн. Жамиладан сага эмне үчүн күбөлүк керек деп сураштыи. Ал: «Түшүмдө асман ачылып, Ханзала кирип кетти жана кийин ал жабылды. Мен ал шахид болот деп ойлодум, ошондуктан Ханзала мени менен болгонуна күбөлүк берүүлөрүн сурадым», - деп жооп берди».

Сухайлий Вакидий жана башкалардан риваят кылышынча, Ханзаланы өлгөндөр арасынан издөө үчүн адам жиберилди, алар Ханзаланы башынан суу агып жаткан абалда табышты. Лекин, анын жанында суу болбогон. Бул, Расулуллах ﷺдын «Бурадарыңарды периштелер жууп жатат» деген сөзүнүн тасдыгы эле. Периштелердин жуушу – Ханзала رضي الله عنهнун фазилети жана ага болгон сый-урмат. Минавий айтат: «Периштелер Ханзаланы жуушу бул сый-урмат, бул шахиддерди жууга тыюу салган хабарларга тескери эмес. Себеби, шахидди жууга тыюу салуу (периштелерге эмес) мукаллафка тиешелүү».

**Ханзала – Австын сыймыгы:**

Анас رضي الله عنه дан риваят кылынышынча, ансарлардын эки жамааты: Авс жана Хазраж бири-бирине мактанып сыймыктанышты. Авс уруусунан болгон кишилер айтты: «Периштелер жууган Ханзала ибн Рохиб (Ханзала ибн Абу Амир) бизден, Рахмандын аршы аны деп силкинген Саъд ибн Муаз бизден, аарылар коргогон Асим ибн Сабит ибн Абу Афлаж бизден, күбөлүгү эки кишиге өткөн Хузайма ибн Сабит бизден». Хазраж адамдары айтышты: «Расулуллах ﷺдын доорунда Куръанды эч ким жамдай электе (т.а. толук жаттай электе (ва Аллаху аълам)) Куръанды жамдаган төрт киши: Зайд ибн Сабит, Абу Зайд, Убай ибн Каъб жана Муаз ибн Жабал бизден», - деп сыймыктанышты». ❑

# ИНДИЯ КАШМИРДЕ (ИЗРАИЛДИН) ТУРАК-ЖАЙ КУРУУ АМАЛЫН КОЛДОНУУДА

Британиянын «Middle East Eye» сайтында Кашмир регионунда Индия менен «Израиль» ортосундагы улам өсүп бара жаткан кызматташтык ачыкталган. Сайттын хабарына ылайык, бул кызматташтык Индияны талаштуу Кашмир регионундагы таасирин бекемдөөгө жана (Израилдин) турак-жай куруу колониялык долбоорун тездетүүгө багытталган. (Израиль) бул долбоору менен Кашмирди чыныгы Фалестинга айлантууда Индияга жардам бермекчи. Ошол эле учурда, (Израиль) Пакистандын чек арасында дыйканчылык чүмбөтү астында жерлерге чек салууда. Сайт Арабий 21 тарабынан которулган отчётто айтышынча, Индия (Израиль) расмийлерин талаштуу Кашмир аймагына чакыруусу жергиликтүү эл жана эксперттер арасында кабатыр ойготкон. Нью-Дели региондун түпкү маданиятын жана географиясын алмаштырууга аракет кылууда деп айыпталууда. (Израиль) өкмөтү жарыя кылышынча, Кашмирде (Израиль) технологиясын фермерлерге өткөрүүнү жеңилдете турган «Инновациялык тажрыйба борборлорун» курат. Бул борборлор бийлик, академиктер жана фермерлер кызматташтык кылышы жана бир-биринен сабак алышы үчүн жолугушуу плацдармы катары хызмат кылат. Сайт хабар беришинче, Нью-Йорктогу жогору мансабдагы индус дипломаты бир нече ай мурун бир нече индустарга Индия Кашмирде (Израилдин) турак-жай куруу моделин колдонуусу керектигин айткан...

Башка тараптан, сайт Кашмир эли арасында фалестиндиктерге тилектештик тереңдешип бара жатканын кошумчалады. Анткени, калк «Газага азаттык» жана «Жашасын Фалестин» сыяктуу ураандарды көтөрүп чыгышкан. О.э. Индия менен (Израиль) ортосундагы мамилелер соңку жылдарда, айрыкча, премьер-министр Нарендра Моди кызматка келгенден кийин кыйла бекемделгенин айткан. Анткени, эки мамлекет ортосундагы курал соодасынын көлөмү жылына бир миллиард доллардан ашат. Нью-Дели (Израилдин) курал-жарагын сатып алган эң ири карыдар жана ал куралдарды биргеликте өндүрүшөт. Сайтта баса белгиленишинче, Индия конституциясында Кашмирдин өзгөчө макамы белгиленген 370-берене менен 35а пунктунун бекер кылынышы индустар Кашмирде жер сатып алып, штатта туруктуу жашоо мүмкүндүгүн да түшүндүрөт.

Кашмирликтер ондогон жылдар бою Коопсуздук Кеңешинин 1948-жылдагы №47-резолюциясында убада кылынган өз тагдырын өзү белгилөө укугун талап кылып келишет. 1988-жылы козголоң башталгандан бери миңдеген адамдар дайынсыз жоголгондорунан тышкары 70000ден ашуун адам өлтүрүлгөн. Аймакта 700000ге жакын индус аскери бар экени божомол кылынууда, бул болсо, Кашмирди жер жүзүндөгү эң аскерийлешкен региондордун бирине айлантат. Middle East Eye хабарлашынча, Индиянын 12 штатында (Израилге) байланышкан 29 инновациялык тажрыйба борборлору бар. (Израилдин) Индиядагы элчиси 2020-жылы – (Израиль) өкмөтүнүн маалыматына ылайык – бир жыл ичинде эле 150000 индус фермерлери ушул борборлордо таълим алганын айткан.

**Ал-Ваъй:** дүйнөнүн кай жеринде мусулмандарга карата душмандыкты көрбөгүн, мында (Израилдин) колу бар экенин көрөсүң. Алардын өз колдору менен жасаган иштери себебдүү наалатка учурашат. Жакында – инша Аллах – Исламий Халифалык мамлекети тикеленгенде Аллах Таала аларды жок кылат. ❑

# КЫЛЫЧДАРОГЛУ ЖАНА АНЫН ТАЛКУУ-ТАЛАШТАРГА СЕБЕБ БОЛГОН АМЕРИКАЛЫК КЕҢЕШЧИСИ

Түркиядагы «Жумхурият элдик партиясынын» жетекчиси Вашингтонго жазган катта, эгер алты партиялык союзга талапкер болуп шайланса жана шайлоодо жеңип чыкса, америкалык эксперттер менен кызматташууга убада берген. Ушуга байланыштуу, өткөн айдын акырында «Жумхурият элдик партиясынын» жетекчиси Камал Кылычдароглу «Экинчи кылымдын көз караштарын» жарыялады жана америкалык экономист Жереми Рифкинди кеңешчи кылып алды. Этибарлуусу, Рифкин мурун 2008-жылы Франция Европа Союзуна төрагалык кылган кезде француз өкмөтүнүн, ошондой эле, Германия канцлери Меркелдин, Португалия премьер-министри Жозе Сократештин жана Словения премьер-министри Янез Яншанын кеңешчиси болуп иштеген. Анын үй-бүлөсү Россиядан АКШнын Техас штатына көчүп барган яхудийлер, Рифкинди белгилүү Рокфеллер үй-бүлөсү колдойт.

Ушуну баса белгилөө зарыл, Кылычдароглу президенттик шайлоодо алты партия союзунан бирдиктүү талапкер катары катышууга катуу умтулууда. Бирок, ал дале Түркия президенти Ражаб Таййиб Эрдоган менен атаандашууга жол бербеген тоскоолдуктарга туш келүүдө. Себеби, оппозициялык коалиция талапкер тандоодо бир чечимге келе элек жана кеңешчи тандоодо да кыйынчылыктар бар. «Жакшы партиясынын» жетекчиси Мерал Акшенер «Жумхурият элдик партиясынын» жетекчисинин талапкерлигин республика президенттигине макулдоонун акысына андан экономикалык иштерди анын партиясына берүүнү талаб кылып жатканы жөнүндө хабарлар бар. Эгер, Кылычдароглу бул шартты кабыл алса, ага экономикалык кеңешчи керек болбойт. Эгер, кабыл албаса, талапкерлиги көрсөтүлбөйт, ошондуктан, анын Рифкин менен түзгөн келишими эч кандай мааниге ээ болбой калат.

Америкалык экономистти кеңешчи кылып дайындоо өлкөдө талаш-тартышты жана сын-пикирлерди жаратты. Түркия президенти Ражаб Таййиб Эрдоган: «Түркиянын өзүнүн экономикалык дастуруна көңүл буруунун ордуна, импорт кылынган экономикалык кеңешчилерге таянгандар бул мамлекеттин келечегин башкара албайт», - деди.

**Ал-Ваъй:** мусулмандардын башчылары малайлыкка малынышкан, алар ар кандай нерседе элдин кызыкчылыгын эмес, өзүнүн кызыкчылыгын ойлошот. О.э. өзүнүн такдырын улуу мамлекеттерге, өзгөчө Америкага байлашат... Бул хабарга түшүндүрмө берген Эрдогандын ахвалы Кылычдароглудан жакшы эмес. Себеби, Эрдоган Американын региондогу саясатына жогорку деңгээлде хызмат кылып келүүдө. Бул жерде маселе – Американын раазылыгын алуу үчүн алардын ортосунда болуп жаткан атаандаштык маселеси. Эрдоган улуттук коопсуздукту шылтоолоп, сириялык качкындарды өз мекенине кайтарууга жана Сирия режими менен мамилелерди тикелөөгө аракет кылууда. О.э. түрк кошуундарын Сириянын түндүк бөлүгүнөн чыгарууга жана Сирия режими өз мекемелери менен алардын ордун ээлешин камтыган келишимден кийин күрддөр жашаган аймактарда Сирия режиминин көзөмөлүн орнотууга аракет кылууда. ❑